# ЭЧ КИМ АРТТА КАЛБАСЫН

## *Кыргыз Республикасындагы адилеттүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу: экономикалык өсүүгө жана жакырчылыкты азайтууга кантип жетишүү керек?*

Инклюзивдүү жергиликтүү өз
алдынча өнүгүүгө багыт алган айыл
аймактарынын жана шаарлардын
социалдык-экономикалык өнүгүү программалары
үчүн чаралардын жыйнагы

Бишкек, 2022-ж.

Жыйнак Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланган жана Хельветас жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан аткарылган «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоорунун алкагында (мындан ары – ЖДКЖ) иштелип чыкты.

Координация жана башкаруу – **Асель МАМБЕТОВА,** ЖДКЖ долбоорунун жетекчиси.
Түзүүчү, тексттердин автору – **Алтынай МОЛДОЕВА**, ЖДКЖ долбоорунун гендердик маселелер жана социалдык инклюзия боюнча адиси.
Инклюзивдүү социалдык-экономикалык өнүгүү чараларынын үлгүлөрүнүн топтому – **Айнура БАЛАКУНОВА, Анара МУСАЕВА**, ЖДКЖ долбоорунун консультанттары.

Жалпы редакция **Надежда ДОБРЕЦОВА**, Өнүктүрүү саясат институтунун башкармалыгынын төрайымы.

Эч ким артта калбасын. Кыргыз Республикасындагы адилеттүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу: экономикалык өсүүгө жана жакырчылыкты азайтууга кантип жетишүү керек? Инклюзивдүү жергиликтүү өз алдынча башкарууга багыт алган аймактардын жана шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүү программалары үчүн чаралардын жыйнагы. – Бишкек: Кыргыз Республикасындагы Хельветас, 2022.

Жыйнактын максаты – ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү коомчулукту инклюзивдүү өнүктүрүү, укуктардын жана өнүктүрүү үчүн шарттардын теңдиги маселелери боюнча маалымдуулугун көтөрүү, бул жарандардын аярлуу топторун коргоого багытталган чаралардын санынын өсүшүнө алып келет. Жыйнак **Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коомдогу аярлуу топтор үчүн ушул сыяктуу шарттарды түзүүгө багытталган иш-аракеттеринин үлгүлөрүн камтыйт, бул убакыттын өтүшү менен коомдогу аярлуу топтордун өз абалын олуттуу жакшыртууга жана жашоо кыйынчылыктарына аярлуу категориясынан чыгууга шарт түзөт.** Бул иш-аракеттер айыл аймактардын жана шаарлардын чыныгы социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына чара катары киргизилди. Үлгүлөр инклюзивдүүлүктүн үч багытына ылайык категорияларга топтоштурулду: рынокторго, кызмат көрсөтүүлөргө жана мейкиндиктерге жетүү мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу. Бул айрым чаралардын сыпаттамасына кошумча катары жыйнакка башка инклюзивдүү чаралардын тизмеги жергиликтүү деңгээлдеги өнүгүү багыттары боюнча тиркелген (жергиликтүү бюджеттин бюджеттик классификациясына жакын).

Жыйнак жергиликтүү кеңештердин депутаттарына, ЖӨБ органдарынын жетекчилерине жана кызматкерлерине, жергиликтүү активисттерге, КЭУ, демилгелүү топторго, ишкерлерге жана жергиликтүү өнүктүрүүгө жана социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгууга кызыкдар башка жактарга арналган. Жыйнакта берилген чаралардын топтому кызыкдар муниципалдык лидерлерге өздөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын (мындан ары – СЭӨП) иштеп чыгуу процессинде башка муниципалитеттер тарабынан колдонулуп жүргөн, өздөрү үчүн туура келген инклюзивдүү өнүктүрүү чараларын табууга шарт түзөт. Жергиликтүү коомчулуктун "эч ким артта калбасын" принцибине негизделген инклюзивдүү өнүгүүсү бардык улуттардын жакшы жашоосунун өсүшүнө, теңсиздиктин – экономикалык, укуктук, аймактык теңсиздиктин кыскарышына алып келиши керек, бул Кыргыз Республикасынын социалдык жана экономикалык өнүгүшүнө жакшы таасирин тийгизет.

Басылмалардын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги толук электрондук версиялары төмөнкү сайттарга жарыяланган: www.helvetas.org; www.myktyaimak.gov.kg; www.dpi.kg.

Жыйнактын тексти орус тилинде иштелип чыккандыктан, орус тилиндеги текст менен кыргыз тилдериндеги тексттердин ортосунда карама-каршылыктар келип чыккан учурларда, орус тилиндеги текст туура деп эсептелинет.

*Басылма Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланган жана Хельветас жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан аткарылган «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоорунун алкагында иштелип чыкты.*

Басылманы же анын бөлүктөрүн каалаган формада жана кандайдыр бир каражаттар менен, электрондук же механикалык, фотокөчүрмө, үн жазуу, башка сактоочу түзүлүштөр жана маалыматтарды издөө тутуму аркылуу жайылтканда, басып чыгаруучуну төмөнкү электрондук почта аркылуу маалымдооңузду өтүнөбүз: Office@dpi.kg

© Кыргыз Республикасындагы Хельветас, 2022
© Өнүктүрүү саясат институту, 2022

# МАЗМУНУ


Кыскартуулардын жана шарттуу белгилердин тизмеси ..... 4
Ыраазычылык билдирүү ..... 5
Басып чыгаруучулар тууралуу маалымат ..... 5
Киришүү ..... 7
СЭӨПдө инклюзивдүүлүк принциптерин мыкты чагылдырууга карата конкурс ..... 9
«Эч ким артта калбасын» принциби эмнени билдирет? ..... 11
Гендердик жана социалдык аспекттерди камтыган СЭӨПны иштеп чыгуу методологиясынын кыскача баяны ..... 17
Инклюзивдүү жергиликтүү өнүгүүгө карай багыт алган айыл аймактардын жана шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүү программалары үчүн чаралар ..... 20
Рыноктorго жеткиликтүүлүк ..... 20
Тоң районунун Тоң айыл аймагындагы “Кызыл өрүк” фестивалы ..... 20
Жергиликтүү туризмди өнүктүрүү боюнча чаралардын топтому. Токтогул районунун Чолпон-Ата айыл аймагы ..... 22
Кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк ..... 26
Ак-Суу районунун Теплоключенка айыл аймагынын борбордук көчөсүндөгү тротуар жана пандустар ..... 26
Ак-Суу районунун Теплоключенка айыл аймагындагы кризистик борбор ..... 29
Ноокен районунун Масы айыл аймагынын Кызыл-Туу айылындагы бала бакчанын курулушу 33
Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айыл аймагынын тургундарынын аярлуу топтору үчүн катуу тиричилик таштандыларын чыгаруу кызмат көрсөтүүсүнө акы төлөөгө субсидиялар ..... 36
Аксы районунун Ак-Жол айыл аймагынын Тегене айылындагы мектептин спортзалынын кийим алмаштыруучу жайын жабдуу ..... 37
Ысык-Көл районунун Кумбел айыл аймагынын Корумду айылындагы Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун (ҮДТ) иши үчүн имаратты кайра өзгөртүү, реконструкциялоо жана жабдуу ..... 39
Ысык-Көл районунун Кумбел айыл аймагынын Корумду жана Булан-Сөгөттү айылдарынын көчөлөрүн жарыктандыруу ..... 42
Мейкиндиктерге жеткиликтүүлүк ..... 44
Токтогул шаарындагы фитнес-залды жана спорттук аянтчаны жабдуу ..... 44
Жети-Өгүз районунун Светлая Поляна айыл аймагындагы мектептин аймагын көрктөндүрүү ..... 46
Жети-Өгүз районунун Даркан айыл аймагында кылдуу музыкалык аспаптарда ойноо ийримдерин ачуу ..... 48
Ак-Суу районунун Октябрь айыл аймагына балдар аянтчасын куруу ..... 51
Жети-Өгүз районунун Саруу айыл аймагындагы сейил бакты калыбына келтирүү жана көрктөндүрүү ..... 54
1-тиркеме. 36 муниципалитеттин аймагынын Социалдык-экономикалык өнүгүү программасында берилген инклюзивдүү (социалдык жана гендердик сезгич) чаралар ..... 57

# Кыскартуулардын жана шарттуу белгилердин тизмеги

| | |
|---|---|
| CEDAW – | БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитети |
| SDC – | Швейцария өнүктүрүү агенттиги |
| АА – | айылдык аймак |
| БАЖБА – | Борбор Азиянын Жергиликтүү башкаруу академиясы |
| МКЖӨБМА – | Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги |
| ҮДТ – | Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу |
| БМБТ – | биргелешкен мониторинг жүргүзүү жана баалоо тобу |
| ӨСИ – | «Өнүктүрүү саясат институту» коомдук бирикмеси |
| ДДТ – | дарылык дене тарбия |
| ЖӨБ – | жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| КЭУ – | коммерциялык эмес уюм |
| КБ – | коомдук бирикме |
| ЖДКЖ долбоору – | Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланган жана Хельветас жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан аткарылган «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоору |
| СЭӨП – | социалдык-экономикалык өнүгүү программасы |
| РЭТ – | райондук электр түйүнү |
| АДК – | айылдын ден соолук комитети |
| ЖМК – | жалпыга маалымдоо каражаты |
| БМЖБ – | биргелешкен мониторинг жүргүзүү жана баалоо |
| ЖӨБ бирлиги – | «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу бирлигинин» юридикалык жактарынын бирикмеси, мүчөлүк уюм, Кыргыз Республикасындагы ЖӨБдүн бардык органдарынын кызыкчылыктарын бириктирген жана коргогон муниципалдык ассоциация |
| КТТ – | катуу тиричилик таштандылары |
| УДИ – | ультра добуштук изилдөө |
| ФАП – | фельдшердик-акушердик пункт |
| ТӨМ – | туруктуу өнүгүү максаттары |

## Ыраазычылык билдирүү

ЖДКЖ долбоору Долбоордун жана ЖӨБ бирлигинин бардык максаттуу муниципалитеттерине, Долбоордун аймактык консультанттары Шербек ДОСУЕВГЕ, Кайрат КУЛЧАЕВГЕ, Нурлан НАЗАРОВГО, Бакыт СУБАНОВГО, Замир СЫДЫКОВГО, Жамал ТУКЕНАЛИЕВАГА, Бакыт ЮСУПОВГО, ошондой эле көз карандысыз эксперттер Айнура БАЛАКУНОВАГА жана Анара МУСАЕВАГА ушул жыйнакты түзүүгө көмөк көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык билдирет.

## Басып чыгаруучулар тууралуу маалымат

Ушул жыйнак Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланган жана Хельветас жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан аткарылган «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоорунун алкагында даярдалды. Долбоордун негизги максаты муниципалитеттер тарабынан алардын калкы үчүн көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшыртууга жана алардын жеткиликтүүлүгүнө жергиликтүү деңгээлде системалуу өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу аркылуу көмөк көрсөтүү болуп саналат.

Долбоордун биринчи фазасы 2015-жылдын май айында башталып, 2019-жылдын апрель айында аяктаган. Долбоордун экинчи фазасынын (2019-2023-жж.) негизги милдети биринчи фазанын натыйжасында алынган тестирленген моделдерди тереңдетүү, кайталоо жана кеңейтүү; жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча муниципалитеттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүү; ошондой эле улуттук механизмдер аркылуу кызматтарды көрсөтүү боюнча билимдерди жана көндүмдөрдү бүтүндөй өлкө боюнча жайылтуу болуп саналат.

<u>Долбоордун ишинин негизги багыттары:</u>

- Жергиликтүү деңгээлде кызматтарды көрсөтүү жана уюштуруу боюнча муниципалитеттер аралык кызматташтыктын методологиясын иштеп чыгуу жана тестирлөө.
- Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын ЖӨБ органдары тарабынан тандалып алынган муниципалитеттер аралык кызматташтык боюнча демилгелерди колдоо.
- Жергиликтүү деңгээлде кызматтарды көрсөтүүнү жакшыртуу үчүн тоскоолдуктарды жана боштуктарды азайтуу.
- МКЖӨБМА жана ЖӨБ бирлигинин кызмат көрсөтүү саясаты чөйрөсүндөгү ишмердигине муниципалитеттерди канааттандыруу деңгээлин жогорулатуу.
- Кызмат көрсөтүүлөрдүн жана кызматташтыктын аймактык уюштуруу моделдери боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.
- Долбоордун биринчи фазасында тестирленген кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууну пландоо боюнча методикаларды жайылтуу аркылуу өлкөнүн бардык аймактарында уюштуруу жана кызмат көрсөтүү процесстерин жакшыртуу.
- Жергиликтүү деңгээлде калктын кызмат көрсөтүүлөргө канааттануу деңгээлин көтөрүү.
- Билимдерди жайылтуунун улуттук механизмдерин, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыкты тажрыйбалар жөнүндө маалыматтарды камтыган маалыматтык порталды колдоо.

HELVETAS KYRGYZSTAN

Хельветас – бул Африка, Азия, Латын Америка жана Чыгыш Европанын 29 өлкөсүндө иш жүргүзгөн Швейцариянын өнүктүрүү боюнча көз карандысыз уюму. Хельветас суу менен жабдуу жана санитария, айыл чарбасы жана тамак-аш, билим берүү, экономикалык өнүгүү, демократия жана тынчтык,

ошондой эле климат жана курчап турган чөйрө жаатындагы өнүктүрүү долбоорлорун ишке ашырат. Хельветас кооптуу кырсыктардан кийинки ыкчам чара көрүүнү да камсыз кылат.

Хельветас Кыргызстанда 1994-жылдын ноябрь айынан тартып өз ишин баштаган. 28 жылдын ичинде уюм бир катар долбоорлорду ишке ашырды. Азыркы учурда Хельветас Кыргызстанда айыл экономикасын жана жеке секторду өнүктүрүү чөйрөсүндөгү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жарандык өнүгүү, билим берүү жана көндүмдөрдү өнүктүрүү чөйрөсүндөгү 6 долбоорду башкарат. Кыргыз Республикасындагы Хельветастын ишмердиги жөнүндө кеңири маалыматты төмөнкү сайттан алууга болот: https://www.helvetas.org/ru/kyrgyzstan

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

«Өнүктүрүү саясат институту» (мындан ары – ӨСИ) коомдук бирикмесинин миссиясы – адамдардын татыктуу жашоого болгон укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууда жергиликтүү коомчулукка жана башкаруу органдарына көмөк көрсөтүү болуп саналат. ӨСИ жергиликтүү коомчулук, ЖӨБ органдары, мамлекеттик органдар, КЭУ, ЖОЖдор, ЖМК жана жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүү, борбордон ажыратуу, отчеттуулукту күчөтүү, муниципалдык жана мамлекеттик башкаруунун түрдүү көйгөйлөрү боюнча донорлор менен иш алып барат. ӨСИнин туруктуу өнөктөштөрү – ЖӨБдүн 250гө жакын органы, көптөгөн мамлекеттик органдар, көпчүлүк КЭУ ж.б. Ишмердик жөнүндө бардык маалымат төмөнкү сайтта: www.dpi.kg, www.municipalitet.kg

## Киришүү

ЖӨБ органдары жергиликтүү коомчулукта түрдүү топтогу адамдар менен өз ара аракеттенишет жана ар бир топтун өз кызыкчылыктары жана муктаждыктары бар. Бирок шайлануучу бийликтин миссиясы – бул учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын миссиясы – маселелерин жана көйгөйлөрүн өз алдынча чечүүгө аз мүмкүнчүлүгү бар жарандардын тобунун, турмуштук кыйынчылыктардын алдында аярлуу деп аталган жарандардын маселелери жана көйгөйлөрү менен алектенүү зарылчылыгын талап кылат.

ЖӨБ органдарынын бир дагы жетекчиси же кызматкери аярлуу жарандарга жана үй-бүлөлөргө көмөк көрсөтүү милдетинен баш тартпайт. Алар бул милдеттин маанилүүлүгүн түшүнүшөт жана мүмкүнчүлүгүнө жараша жардам берүүгө аракет кылышат. Бирок ЖӨБ органдарынын аярлуу топторго колдоо көрсөтүү мүмкүнчүлүгү алардын ыйгарым укуктары боюнча алып караганда да, ресурстары жактан алып караганда да дайыма эле ачык-айкын боло бербейт. Ыйгарым укук жагынан алып караганда, ЖӨБ органы социалдык борборду уюштура аларын же ал министрликтин ыйгарым укугуна кире тургандыгын дайыма эле түшүнө бербейт. Ал эми ресурс жагынан алып караганда – тандоо алдында турат: же бизнес муктаждыктары менен алектенүү керек жана аймактын же шаардын экономикасын жакшыртуу үчүн жаңы жол салуу зарылбы же муниципалдык рынок ачуу керекпи, же болбосо, аярлуу топторго акча таратуу керекпи, мындай түшүнүктө коомчулук үчүн эч кандай пайда алып келбестен, көйгөйлөр ресурстардын керектөөчүлөрү бойдон гана калат.

Ушул сыяктуу суроолорду берүү менен ЖӨБ органдары өздөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына аярлуу топтор үчүн реалдуу эмес чараларды, болгону маңызы жагынан иш-чара, бюджеттик чара болуп саналбаган ниет, каалоолорду гана киргизишет. Аймактар менен шаарлардын ондогон жана жүздөгөн СЭӨПсы жакырларга колдоо көрсөтүү, аярлуу топторду колдоо, жумушсуздукту кыскартуу, кызмат көрсөтүүлөрдү алууну жакшыртуу жөнүндө пункттарды камтыйт, бирок бул чаралардын артында конкреттүү, так иш-аракеттер жок. Чаралардын инклюзивдүү багыты көпчүлүк учурларда жалпыланып түзүлөт, мисалы: *"Калктын коргоого алынбаган катмарына (аз камсыз болгондорго, майыптарга, жумушсуздарга, жарым-жартылай жетимдерге, көп балалууларга) жардам көрсөтүү жана жакырчылыкты азайтуу багытында кызмат көрсөтүүнүн жаңы ыкмаларын киргизүү".* Чаралардын мындай сыпаттамасы максаттуу топтор, ЖӨБ органдарынын болжолдуу конкреттүү иш-аракеттери, тартылган өнөктөштөр жана башка кызыкдар тараптар жөнүндө, күтүлүүчү натыйжалар тууралуу так түшүнүктөрдү бербейт. Кандай чараларды колдонуу пландалууда? Алар жакырчылыкты жоюуга кандай жардам берет? Чараларды киргизүүдөн канча адам пайда ала алат? Бул чараны аткаруунун өлчөө индикаторлору кайсылар? Чындыгында мындай жалпыланган туюндурмалар реалдуу жана көрүнүктүү натыйжаларды алып келбестен, алардын ишке ашпай тургандыгын же "көргөзмө үчүн" гана ишке аша тургандыгын көрсөтөт. Акыйкаттуулук үчүн айта кетүүчү нерсе, көбүнчө мындай ниеттер СЭӨПга бизнес, экономика, ишкердик чөйрөсүнө карата колдонулган чаралардын ордуна камтылып калат. Бирок бул жерде кырдаал бир аз жакшыраак – жергиликтүү кеңештерге берилген бизнес СЭӨП үчүн сунуштарды өз алдынча түзүүгө жана аны кабыл алууга жетише алат. Ал эми аярлуу топтор кеңештерге кээде берилбейт, ал эми чоң жардамдарды – акча, товар, азык-түлүк, жеңилдиктерди берүү өтүнүчү менен чектелишип, өз кырдаалын жакшыртуу үчүн сунуштарды кантип түзүүнү көп билишпейт.

Ошону менен бирге СЭӨПте аярлуу топтордун жашоо шарттарына жана аларды өнүктүрүү үчүн шарттарга реалдуу таасир эткен учурлар көп кездеше баштады. Бул ЖӨБ органдарынын ичиндеги билимдерди бекемдөөнүн таасири алдында да, өнүктүрүү долбоорлорунун таасиринин алдында да болот. Жалпысынан алганда, Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланган жана Хельветас жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан аткарылган «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоору Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын көп сандагы муниципалитеттери менен иштешип, түрдүү иш-чараларды өткөрүүдө калктын аярлуу тобу менен иштешүүгө басым жасайт. ЖДКЖ

долбоору ЖӨБ органдарына аярлуу топтордун абалын кыска убакыттын ичинде жакшыртууга багытталган таасир этүү ыкмаларын иштеп чыгууга эмес, алардын аярлуу топ абалынан чыгуусу үчүн шарттарды түзүүгө жардам берет. Жалпысынан ЖДКЖ долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын[1] кызыкчылыктарды эске алуу жана аярлуу топторду өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү ыкмасы менен иштеп чыгуу боюнча методикалык колдонмону иштеп чыгууну сунуш кылды (ушул жыйнактын "Гендердик жана социалдык аспекттерди камтыган СЭӨПны иштеп чыгуу методологиясынын кыскача баяны" бөлүмүн караңыз). Ошону менен бирге долбоор СЭӨПда социалдык жана гендердик сезимталдуулук, кызыкчылыктарды эске алуу жана коомчулуктагы аярлуу топтордун абалын олуттуу жакшыртуу үчүн шарттарды түзүү аспекттерин эң мыкты чагылдырууга карата конкурс өткөрдү. Конкурс ЖӨБ органдары тарабынан колдонулуп келе жаткан инклюзивдүү өнүгүүгө багытталган чаралардын топтомун чогултууга жардам берди. Натыйжада **көбүнчө аярлуу топтордун абалын акырындык менен олуттуу жакшыртуу жана аларды бул категориядан чыгаруу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган чараларды** сыпаттаган ушул жыйнак жарык көрдү.

Белгилей кетүү керек, жыйнакка киргизилүүчү чараларды тандоодо алардын мазмунуна жана анын аймак үчүн маанилүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулду. Жыйнакка айрым чаралар кошулду, анткени алар муниципалдык органдардын көйгөйлөрдү чечүүгө жана аларды чечүү боюнча иштерди уюштурууга болгон инновациялык же чыгармачыл мамилесин көрсөтөт. Жыйнакка ишке ашыруу улантыла турган же кийинки убакытка пландалган чаралар да киргизилди. Белгиленген чаралардын айрымдары ишке ашырыла элек болсо да, алар муниципалитеттердин деңгээлиндеги прогрессивдүү жана социалдык жактан адилеттүү стратегиялык пландоонун үлгүлөрү болуп саналат.

Бул чаралар Долбоор тарабынан сунушталган методологияга ылайык иштелип чыкты, ал эми жыйнакта инклюзивдүүлүктүн үч багыты боюнча топтомдоштурулду: *рыноктorго, кызмат көрсөтүүлөргө жана мейкиндиктерге жеткиликтүүлүктү* жогорулатуу.

Бул айрым чаралардын толук сыпаттамасына кошумча катары жыйнактын 1-тиркемесинде конкурстук СЭӨП[illegible] эксперттик баалоо процессинде аныкталган башка инклюзивдүү чаралардын тизмеги жергиликтүү деңгээлдеги өнүгүү багыттары боюнча берилген (жергиликтүү бюджеттин бюджеттик классификациясына жакын). Чаралардын бул топтому кызыкдар муниципалдык лидерлерге өздөрүнүн СЭӨПны иштеп чыгуу процессинде башка муниципалитеттер тарабынан колдонулуп жүргөн, өздөрү үчүн туура келген чараларды табууга шарт түзөт.

Жыйнак жергиликтүү кеңештердин депутаттарына, ЖӨБ органдарынын жетекчилерине жана кызматкерлерине, жергиликтүү активисттерге, КЭУ, демилгечи топторго, ишкерлерге жана жергиликтүү өнүктүрүүгө жана социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгууга кызыкдар башка жактарга арналган.

Жыйнактын максаты – ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү коомчулукту инклюзивдүү өнүктүрүү, укуктардын теңдиги жана өнүктүрүү үчүн шарттарды алуу маселелери боюнча маалымдуулугун көтөрүү, бул жарандардын аярлуу топторун коргоого багытталган чаралардын санынын өсүшүнө алып келет. Жергиликтүү коомчулуктун "Эч ким артта калбасын" принцибине негизделген инклюзивдүү өнүгүүсү бардык улуттардын жакшы жашоосунун өсүшүнө, теңсиздиктин – экономикалык, укуктук, аймактык теңсиздиктин кыскарышына алып келиши керек, бул Кыргыз Республикасынын социалдык жана экономикалык өнүгүшүнө жакшы таасирин тийгизет.

ЖДКЖ долбоору кызыкдар тараптарды темаларды талкуулоону улантууга жана инклюзивдүү өнүктүрүү чараларынын топтомун толтурууга, анын ичинде ЖӨБдүн Мыкты тажрыйбалар порталына ийгиликтүү үлгүлөрдү жарыялоого чакырат (www.myktyaimak.gov.kg).

«Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоорунун командасы

[1] КР Экономика министрлигинин 2018-жылдын 15-майындагы № 63-А жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 16-майындагы №01-18/56 биргелешкен буйруктары менен бекитилген шаарлардын жана айыл аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын иштеп чыгуу боюнча жергиликтүү өз адынча башкаруу органдары үчүн методикалык колдонмо.

## СЭӨПда инклюзивдүүлүк принциптерин эң мыкты чагылдырууга карата конкурс

2022-жылы ЖДКЖ долбоору ЖӨБ бирлиги менен өнөктөштүктө Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын 47 муниципалитетинин ортосунда СЭӨПда инклюзивдүүлүк принциптерин эң мыкты чагылдырууга карата конкурс өткөрдү. Конкурс төмөнкү натыйжаларга жетүүгө багытталган:

1) социалдык жана гендердик сезимталдуулук принциптерин эң мыкты деңгээлде чагылдырган жана инклюзивдүү мүнөзгө ээ СЭӨПны аныктоо;
2) ЖӨБ органдарын, коомчулуктун активдүү мүчөлөрүн жана жумушчу топтордун мүчөлөрүн СЭӨПга инклюзивдүүлүк принциптерин киргизүү тажрыйбасы менен алмашууга дем берүү;
3) жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө инновациялык социалдык жана гендердик сезимталдуулук чараларын жайылтууга көмөк көрсөтүү.

Конкурска жалпысынан 36 аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы келип түштү. Бул программалар инклюзивдүү өнүктүрүүгө багытталган реалдуу, мазмундуу жана негиздүү чараларга карата көз карандысыз экспертизадан өткөрүлдү.

Конкурска берилген СЭӨПларга баалоо жүргүзүүнүн жүрүшүндө Долбоордун көз карандысыз эксперттери муниципалитеттер тарабынан кам көрүлүп жаткан жана пландалган ЖӨБ органдарынын ишмердигинин түрдүү багыттары боюнча көп сандагы инклюзивдүү чараларды аныкташты. Конкурстун алкагында байгелүү орундар жеке чараларга жана иш-чараларга эмес, жалпы СЭӨПга берилди, ошону менен бирге гендердик жана социалдык сезимталдуулуктан сырткары тийиштүү документтердин толук болушу, СЭӨПнын түзүмү жана ырааттуулугу, иштеп чыгуунун бардык тийиштүү этаптарынын аткарылышы, СЭӨПны талкуулоо жана бекитүү ж.б. сыяктуу критерийлер эске алынды. Мындай мамиле СЭӨП иштеп чыгуунун натыйжалуу жана системалык процессин уюштурууга жетише алган ЖӨБ органдарын аныктоого жана сыйлоого жардам берди. Бирок байгелүү орундарга ээ болбогон программаларда жок дегенде бир нече кызыктуу чаралар же социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө карата инновациялык жана креативдүү мамилелер камтылган. Ушуга байланыштуу, Долбоордун командасы муниципалитеттердин СЭӨПга киргизилген бир топ кызыктуу чараларын жана мамилелерин сыпаттаган ушул жыйнакты түзүү жөнүндө чечим кабыл алды.

Ошону менен бирге конкурска тапшырылган СЭӨПны талдоодо максаттуу муниципалитеттер СЭӨП иштеп чыгуунун түрдүү этаптарында белгилүү бир кыйынчылыктарды баштан өткөрө тургандыгы аныкталды. Эң көп жайылган кыйынчылыктардын бири ЖӨБ органдарынын максаттуу топторду, алардын санын жана курамын так көрсөтүү, көйгөйлөрдү так сыпаттоо, чараны ишке ашыруудан күтүлгөн кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү же узак мөөнөттүү өзгөрүүлөрдү дайыма болжолдой албагандыгы менен байланыштуу. Башка көп жайылган кыйынчылыктар – көрсөтүлгөн чараларды ишке киргизүү боюнча конкреттүү иш-чаралардын жоктугу, чараларды ишке ашыруу үчүн бюджеттик негиздемелердин жоктугу, көйгөйлөрдү чечүүгө карата мүмкүн болгон альтернативдүү мамилелерди аныктоо үчүн жарандык коом менен иш алып баруу деңгээлинин төмөндүгү, кирешелердин кошумча булактарын жана башка пайдалуу ресурстарды тартуу.

Эксперттик баалоо жүргүзүүлөрдүн жыйынтыгында курамына “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбоорунун, КР Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин, КР ЖӨБ бирлигинин, ошондой эле Борбор Азиянын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу академиясынын өкүлдөрү кирген атайын түзүлгөн конкурстук комиссия байге фондун төмөнкүдөй бөлүштүрдү:

**Конкурстун жеңүүчүлөрү:**

| | |
|---|---|
| 1-орун (200 000 сом) | Светлая Поляна АА (Жети-Өгүз району, Ысык-Көл облусу) |
| | Чолпон-Ата АА (Токтогул району, Жалал-Абад облусу) |
| 2-орун (150 000 сом) | Теплоключенка АА (Ак-Суу району, Ысык-Көл облусу) |
| | Токтогул ш. (Жалал-Абад облусу) |
| 3-орун (100 000 сом) | Бостери АА (Ысык-Көл району, Ысык-Көл облусу) |
| | Масы АА (Ноокен району, Жалал-Абад облусу) |

**Кызыктыруучу сыйлыктар (50 000 сомдон):**

Кумбел АА (Ысык-Көл району, Ысык-Көл облусу)

Кызыл-Суу АА (Жети-Өгүз району, Ысык-Көл облусу)

Жаңы-Жол АА (Токтогул району, Жалал-Абад облусу)

Оргочор АА (Жети-Өгүз району, Ысык-Көл облусу)

Тоң АА (Тоң району, Ысык-Көл облусу)

Жаңы-Жол АА (Аксы району, Жалал-Абад облусу).

## «Эч ким артта калбасын» принциби эмнени билдирет?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коомчулуктагы ар түрдүү топтордун көйгөйлөрүн чечүү жана муктаждыктарын канааттандыруу зарылчылыгына күн сайын туш болушат. Кимдир бирөө катуу талап кылат жана таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, укуктук билими бар жана өзүнүн укуктарын коргой билет, ал эми кимдир бирөө түрдүү жагдайлардан улам кыйналат, бирок унчукпай жүрө берет. Саясат ЖӨБ органдарынан жумуш орундарын түзүп жана өндүрүштү ишке киргизүү менен дотациядан чыгууну жана жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүнү талап кылат. Жашоочулар ЖӨБ органдарынан заманбап бала бакчаларды, ишкерлер болсо, сапаттуу жолдорду жана коммуникацияларды талап кылат. Көбүнчө бул кырдаалда саясатчылар менен бизнес өкүлдөрүнүн үнү жеткиликтүү болот. Саясатчылар колунда бийлиги бар болгону үчүн алардын үнү биринчи болуп жетет, ал эми бизнесмендер бюджеттин "багуучулары" болуп саналышат жана жумуш орундарын түзүшөт, жергиликтүү элди товар жана кызмат көрсөтүүлөр менен камсыздашат. Колунда эч кандай бийлиги жок, казынага акча төкпөгөндөрдүн үнү эң аз жетет. **Демек, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чектелген убакыты менен ресурстарын "артта калгандарга" коротуу канчалык маанилүү? ЖӨБ органдарынын аярлуу топтордун көйгөйлөрү менен алек болуусуна кыйналуу жана адилеттүүлүк сезимдеринен сырткары дагы кайсы факторлор түрткү бериши керек?**

Түрдүү саясий жана экономикалык доктриналар "артта калган" топтор менен алек болуу зарылдыгын түрдүүчө баалашкан. Социалисттик система жакырлар менен аярлуу топтор такыр болбошу үчүн социалдык акыйкаттуулук жана теңдик принцибине таянган. Бул көбүнчө адашууларга алып келген: бүтүндөй калк бирдей жакыр болот да, аярлуу катмардын көйгөйлөрү тыйылат жана алар коом үчүн жоктой сезилет (мисалы, майыптуулугу бар адамдар). Капиталисттик система ишкердик жана бизнестин өнүгүшүнө бардык күч-аракетти багыттап, коом боор оору сезиминен улам аярлуу катмарга мамлекетсиз эле өз алдынча кам көрөт деп ойлоп,аярлуу катмарга ресурстарды болушунча аз жумшоого аракет кылган. Коомдун жана мамлекеттин гармониялуу өнүгүшүнүн заманбап көз карашы менен алып караганда, мамлекет аярлуу топторго шарттарды түзүү үчүн күч-аракетин жумшайт, ошону менен бирге алар өздөрүнүн көйгөйлөрүнүн көпчүлүгүн өздөрү чече алышат. Мындай мамиленин реалдуулугу илимий-техникалык прогресстин учурдагы деңгээлинде жогорулап жатат. Эгерде майыптуулугу бар адам мурун кесип тандоодо чектелип, ишмердиктин көпчүлүк түрү менен алек боло албай келсе, азыркы санариптик мейкиндикте адам билимге жана жогорку технологиялык көндүмдөргө ээ болсо, технологиянын өнүгүшү менен майыптуулук татыктуу жашоо деңгээли үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн коомчулуктун аймагында артта калган топтордун бир нече себептер боюнча өнүгүшү үчүн шарттардын түзүлүшү абдан маанилүү.

Биринчиден, социалдык, маданий, укуктук, экономикалык өнүгүү үчүн шарттарды түзүү адам капиталынын сапатын көтөрөт, аймактын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн күчөтөт.

Экинчиден, ал социалдык чыңалууну төмөндөтөт, талаш-тартыштардын санын азайтат, коомчулуктун дени сак болушуна алып келет жана аны гармониялуу жана сырткы чакырыктарга туруктуу кылат.

Үчүнчүдөн, мындай шарттарды түзүү бюджетке түшкөн социалдык оорчулукту азайтат, анткени аярлуу топтор билим жана көндүмгө ээ болуу менен өз көйгөйлөрүн чечүүгө өздөрү жогорку деңгээлде салым кошо алышат.

Төртүнчүдөн, жалпысынан коомчулуктун бакубатчылыгынын деңгээлин көтөрөт, бул коомчулуктун жана аймактын экономикалык өсүүсүнө жана комплекстүү өнүгүшүнө алып келет.

Мунун баары дароо болуп кетпей тургандыгы баарыбызга түшүнүктүү жана бул натыйжаларга жетүү убакытты жана олуттуу күч-аракеттерди талап кылат. Бирок мындай күч-аракеттерсиз коомчулук жана бийлик үчүн жогоруда саналган жеңилдиктерге жетүү кыйыныраак, балким, мүмкүн эмес экендигин түшүнүү маанилүү. **Бардык күч-аракетти экономикага салуу керек, кийин ал өзү артта калган топторду "тартып кетет" деген пикир эскирген.** Өнүккөн өлкөлөрдүн тарыхы далилдегендей, аярлуу топтор бизнестен түшкөн салыктардан түзүлгөн бюджеттен социалдык

жардам алмайынча, жадагалса экономиканын өтө өсүшү да аярлуу топтордун бакубатчылыгына таасир этпейт. Аярлуу топторду экономикалык жана социалдык процесстерге тартуу, аларды «адам капиталынын жүгүртүүсүнө» кошуу гана кырдаалды өзгөртө алат. Жакырчылыктан социалдык жөлөкпулдар эмес, социалдык кызмат көрсөтүүлөр чыгарат деген түшүнүк талашсыз. Ушул сыяктуу эле жергиликтүү өз алдынча башкарууда да ошондой, эч бир майрам, марафон, гуманитардык жардамдарды бөлүштүрүү аярлуу топтордун абалына олуттуу таасир этпейт. Аярлуу топторду өнүктүрүү, аларды активдүү социалдык жана экономикалык жашоого кошуу үчүн шарттарды түзүү гана бул абалдан чыгара алат.

Бул саясат бардык цивилизациянын деңгээлинде расмий түрдө таанылган жана айрым бир топтордун же өлкөнүн ойлоп табуусу болуп саналбайт. Коомчулуктун бардык мүчөлөрүн камтыган инклюзивдүү өнүгүү зарылдыгы жөнүндөгү идея биринчи жолу Давос экономикалык форумунда айтылган жана анын булагы мамлекет же коомчулук эмес, ири бизнес болгон. Дал ошол дүйнөлүк экономиканын негизин түзүүчү ири ишкерлер алгачкылардан болуп, мамлекеттик бюджеттин жөлөкпулдарга корогон эбегейсиз көп чыгымдары жакырчылыкты жойбой тургандыгын баамдашкан, муну үчүн мамлекеттин бул чөйрөдөгү ролун түп тамырынан бери өзгөртүү жана ресурстарды пассивдүү бөлүштүрүүдөн жарандарды активдүү кошууга өткөрүү керек.

Бул мамиле эл аралык башкаруу институттары тарабынан колдоого алынган жана коомчулукта таанылган. Ошентип, мамлекетке, калкка, бизнеске жана аярлуу адамдардын өздөрүнө бирдей деңгээлде багытталган “Эч ким артта калбасын” чакырыгы пайда болгон. Ал Туруктуу өнүктүрүү максаттары (ТӨМ) менен катар жакырчылыкты жоюу, планетабызды коргоону камсыздоо, жашоо сапатын көтөрүү жана бүткүл дүйнөдөгү адамдар үчүн перспективаларды жакшыртуу боюнча иш-аракеттерге болгон жалпы чакырык катары калыптанган. Бул 17 максат 2015-жылы БУУнун бардык мүчө мамлекеттери тарабынан кабыл алынган. Кыргыз Республикасы БУУнун башка өлкөлөрү менен катар эле өзүнө глобалдык ТӨМгө жетишүүгө, ошондой эле аларга жетишүүгө мониторинг жүргүзүүгө салым кошуу боюнча милдеттенме алган.

Чакырык бара-бара саясаттын түрдүү деңгээлдерде ишке ашырылуучу принциптерине жана чараларынын топтомуна айланган:[2]

– көбүрөөк натыйжалуу колдонууну камсыздоо, ири көлөмдөгү ресурстарды бөлүү жана мыкты ойлонулган чечимдерди кабыл алуу боюнча **глобалдык деңгээлдеги иш-аракеттер;**

– өкмөттүн, шаарлардын жана бийликтин жергиликтүү органдарынын саясатына, бюджеттерине, мекемелерине жана ченемдик-укуктук базаларына зарыл болгон кайра уюштурууларды камтыган **жергиликтүү деңгээлдеги иш-аракеттер;**

– **адамдардын иш-аракеттери,** анын ичинде жаштардын, жарандык коомдун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, жеке сектордун, кесиптик бирликтердин, илимий чөйрөнүн жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн иш-аракеттери.

Мамлекеттик органдар, ошондой эле бейөкмөт уюмдар менен улуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде иш алып баруу менен бирге «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоору **жергиликтүү деңгээлдеги иш-аракеттер** аркылуу Кыргыз Республикасынын алдында турган милдеттеринин аткарылышына өз салымын кошууга аракет кылды, ошондой эле өлкөдөгү жашоо деңгээлин жакшыртууга багытталган **адамдардын иш-аракеттерине** колдоо көрсөттү.

Долбоор өз ишмердигин пландоодо гендердик теңдик жана социалдык инклюзия принциптеринин сакталышына өзгөчө маани берет. Ошону менен бирге Долбоор Швейцария Өнүктүрүү агенттигинин (SDC) өзү менен бирге “Эч ким артта калбасын” (Leave No One Behind) принцибин ийгиликтүү чагылдыруу боюнча колдонмону көрсөткөн концепциясын бардык аспекттерде жана Швейцария Өкмөтүнүн колдоосу менен жүзөгө ашырылуучу өнүктүрүү долбоорлорунун бардык этаптагы иштерин колдоого алат[3].

2 https://www.un.org/sustainabledevelopment/ru/decade-of-action/

3 https://www.shareweb.ch/site/Poverty-Wellbeing/leave-no-one-behind/Shared%20Documents/sdc-guidance-leave-no-one-behind_EN.pdf

“Эч ким артта калбасын” принциби *коомдун өнүгүү деңгээли анын эң алсыз мүчөлөрүнүн бакубатчылыгы менен өлчөнөт* дегенди билдирет. **Туруктуу өнүгүүдөн четтеп калгандар же жашоо деңгээлинин эң төмөнкү стандарттарын алууга мүмкүндүгү жоктор** «Артта калгандар» деп эсептелинет.

Эч ким артта калбасын милдеттенмесинин алкагында жакырчылыкты азайтуу жана коомдун жашоосунан четтөө боюнча күч-аракеттерге артыкчылыктуу маани берилет. Ошону менен бирге жакырчылык көп өлчөмдүү кубулуш катары каралат жана аны төмөнкү беш өлчөм менен көрсөтүүгө болот: экономикалык жакырчылык, адамзаттык жакырчылык, саясий жакырчылык; социалдык-маданий жакырчылык; өзгөчө кырдаал шарттарындагы жакырчылык (1-сүрөттү караңыз)

1-сүрөт. Швейцария өнүктүрүү агенттигинин (SDC) концепциясына ылайык жакырчылыкты өлчөө.




Жакырчылык бул өлчөмдөрдүн биринен көбүн көрсөтүшү мүмкүн. Ошону менен бирге адамдын же адамдардын тобун өнүгүү процессинен чыгарып, алардын оор абалын тереңдеткен “көп өлчөмдүү жакырчылык” пайда болушу мүмкүн. Ал эми жакырчылыкка каршы күрөшүү жарандардын бардык көрсөтүлгөн өлчөмдөрдөгү жашоо деңгээлин көтөрүүгө багытталышы керек.

Жарандардын айрым топторун коомдун жашоосунан жана өнүгүү процессинен четтетүү биринчи кезекте мындай четтетүүнүн себебин түшүнүүнү талап кылат.

<u>Четтетүүгө мүмкүн болгон негиздер:</u>

- улут;
- теги (географиялык, үй-бүлөлүк, социалдык);
- ден соолуктун чектелиши;
- дин;
- жыныс жана/же гендер;
- жаш курак;
- раса;
- экономикалык статус;
- башка чектөөлөр.

**Көп өлчөмдүү жакырчылык менен күрөшүү жана "Эч ким артта калбасын" принцибин тажрыйбада ишке ашыруу стратегиясы** аярлуу топторду төмөнкү үч негизги багыттарга концентрацияланган ресурстарды жана өнүгүү шарттарын алуу мүмкүндүгү менен камсыздоого негизделген:

- **рынокторго жеткиликтүүлүк** (жер, турак жай, эмгек, каржылоо);
- **кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк** (социалдык коргоо, маалымат, энергия, транспорт, билим берүү, саламаттыкты сактоо, суу);
- **мейкиндиктерге жеткиликтүүлүк** (саясий, физикалык, маданий жана социалдык).

Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн бул чөйрөлөрдүн ар биринде иш алып баруу жана кырдаалды жакшыртуу мүмкүнчүлүгү бар. Муниципалдык деңгээлдеги рынокторго болгон жеткиликтүүлүк аярлуу топторго соода орундарын берүү менен муниципалдык рынокторду (базарларды) ачууну жана андан да татаалыраак комплекстүү чараларды камтышы мүмкүн. Мисалы, эмгек рыногуна болгон жеткиликтүүлүктү кошумча нарк чынжырчасына аярлуу үй чарбаларды кошуунун, аларды чийки зат өндүрүүгө тартууга көмөктөшүүнүн эсебинен камсыздоого болот. Мисал менен түшүндүрөлү. Жакыр үй-бүлөгө колдонуу максатында сүт өндүрүү үчүн уй белек бергенге караганда жергиликтүү сүттү кайра иштетүүчү фабрикага чийки зат өндүрүүгө жарай турган уй берген пайдалуураак. Аярлуу топторго балык таратуунун ордуна аларга жергиликтүү балык чарбага тапшырганга жарай турган чабактарды өстүрүүнү үйрөтүү пайдалуураак.

Жер рыногуна жеткиликтүүлүк жерлерди адилеттүү жана ачык-айкын бөлүштүрүүнү, жакыр үй-бүлөлөрдү кооперативдерге бириктирүү үчүн көмөктөшүүнү, жарандарды мейкиндикти пландоого тартууну билдирет. Финансылык рынокторго жеткиликтүүлүк же финансылык кошуу аярлуу адамдардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу, алардын үй-бүлөлүк бюджетти пландоо көндүмдөрүн өнүктүрүү, ишкердик жөнүндө баштапкы билимдерди берүү, алардын экономикалык аярлуулугун төмөндөтө турган ойлонулбаган зайымдарды алуудан качуу боюнча иш-чараларды өткөрүүнү түшүндүрөт.

*1-таблица. Аярлуу топтордун рынокторго болгон жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө багытталган Кыргызстандын муниципалитеттеринин СЭӨПга камтылган чараларынын үлгүлөрү*

| **Жер рыногуна жеткиликтүүлүк** | **Турак жай рыногуна жеткиликтүүлүк** | **Эмгек рыногуна жеткиликтүүлүк** | **Финансылык рынокко жеткиликтүүлүк** |
|---|---|---|---|
| Аз камсыз болгон үй чарбаларды жакырчылыктан чыгаруу максатында 20% жерди 5 жылдык мөөнөт менен конкурссуз, түз бөлүп берүү жолу менен ижарага берүү | 10 аз камсыз болгон жаш үй-бүлөнүн турак жай шарттарын изилдөө жана турак жай шарттарын жакшыртуу үчүн аларга материалдык жардамдарды бөлүп берүү | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө социалдык дүкөн ачуу үчүн 10 орундан аз болбогон имараттарды бөлүп берүү – 10 жумуш орун, анын 5и аялдар жана 5и эркектер | Жашоочуларга Айыл банктан Макулдашуунун негизинде АӨнүн кепилдиги менен айыл чарбасы үчүн 10%дык кредит алуу мүмкүнчүлүгүн берүү |
| 1300 үй-бүлө пайдаланган 99 га жерди сугат суу менен камсыздоо, алардын 300үнүн үй чарба башчысы аялдар болуп саналат | Аярлуу үй-бүлөлөргө жеңилдетилген ипотекалык кредиттердин шарттары тууралуу маалыматтарды жайылтуу | 15 аз камсыз болгон жана аярлуу үй-бүлөгө 2-4 баш ири мүйүздүү мал сатып алууга жардам берүү (эксперимент катары) | Майыптуулугу бар адамдары бар аз камсыз 10 үй-бүлөгө киреше алып келүүчү ишмердик үчүн жергиликтүү бюджеттен 25 000 сом субсидия |
| | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү турак | Айылдын жумушсуз жашоочуларын ишке | Банкомат жана төлөм терминалдарын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жайды жылуулоонун эсебинен энергияны үнөмдөө мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдоо | орноштуруу бор-борлоруна кесип үйрөтүүчү 3 айлык курстарга жөнөтүү. Кесиптик билим берүү уюму, калктын иштөө-гө жөндөмдүү аярлуу топтору үчүн тандоо курстары | орнотуу үчүн финансылык-кредиттик мекемелер жана төлөм системалары менен кызматташуу |

Коммуналдык кызматтарга жеткиликтүүлүк кыйла түшүнүктүү жана бул Кыргызстандын муниципалитеттеринде жакшы өнүккөн, бирок бул багыт да кийинки күч-аракеттерди талап кылат. Мисалы, айыл аймактарында аярлуу топтор үчүн коммуналдык кызматтарды төлөөгө жеңилдетилген тарифтерди коюу тажрыйбасы кеңири жайылган. Бирок бул айласыздыктан жасалган жол, анткени жеңилдетилген тарифтер кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүнүн ишине терс таасирин тийгизет, жыйынтыгында кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү төмөндөтөт, андан сырткары жеңилдиктердин колдонуучусун коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү үнөмдөп колдонууга үндөбөйт. Мунун эң натыйжалуу жолу – жеңилдиктерди монеталаштыруу же үнөмдөп колдонгондорду сыйлоо.

*2-1-таблица. Аярлуу топтордун кызмат көрсөтүүлөргө болгон жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө багытталган Кыргызстандын муниципалитеттеринин СЭӨПга камтылган чараларынын үлгүлөрү*

| **Социалдык коргоо** | **Маалымат** | **Энергия** | **Транспорт** |
|---|---|---|---|
| Калктын аярлуу катмарын жана алар менен иш алып баргандардын, социалдык кызматтарды көрсөткөн КЭУну эсепке алуу үчүн маалыматтар базасын түзүү | Дыйкандарга, аялдар-га жана жаш дыйкан-дарга мал өстүрүүдө жана билим берүү иш-чараларын өт-көрүүдө жаңы техно-логияларды колдонуу-га жардам берүү | Жаңы калктуу пункттарда электр берүү линияларын курууга көмөктөшүү | Каттамдарды узартуу үчүн транспорт компаниясы менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүү |
| Майыптуулугу бар адамдарга документ алууда жардам берүү | Айыл өкмөтүнүн жана айылдык кеңештин иш-чаралары жөнүндө маалыматтарды таратуу үчүн WhatsApp топторун жана Телеграм каналдарын түзүү | 150 аз камсыз болгон үй-бүлөнү жана жалгыз бой улгайган адамдарды көмүр менен камсыздоо | Мектеби жок алыскы айылдардагы балдарды мектепке ташууну уюштуруу үчүн кичи автобустарды айдоочусу менен жалдоо |
| Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, кор-гоосуз калкка «Эмне керек - ташта. Эмне керек - ал» ураны алдында жардам берүү максатында, жергилик-түү бюджеттен соци-алдык дүкөн ачуу үчүн курулушка жана ички оңдоп-түзөөлөрүнө каражат бөлүнөт | Ишке орноштуруу борбору менен биргеликте жумушсуздарды ишке орноштуруу орундары тууралуу маалыматтарды берүү | Трансформатор орнотуу үчүн жер бөлүп берүү жана 20 аз камсыз болгон үй-бүлөнү электр энергия менен жабдуу | Коомдук транспорттун аялдамаларына калкалагычтарды жана отургучтарды орнотуу |

*2-2-таблица. Аярлуу топтордун кызмат көрсөтүүлөргө болгон жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө багытталган Кыргызстандын муниципалитеттеринин СЭӨПга камтылган чараларынын үлгүлөрү (2-1-таблицанын уландысы)*

| Билим берүү | Саламаттыкты сактоо | Суу, КТТ |
|---|---|---|
| Мамлекеттик-жеке кызматташтыктын негизинде жеке бала бакчаларды уюштуруу | Айыл жашоочуларынын саламаттыгын чыңдоо үчүн «Ден соолук» борборлорун куруу жана бош убакытты туура колдонуу | Суу менен жабдуу жана КТТ чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүн төлөө үчүн майыптуулугу бар адамдары бар аз камсыз үй-бүлөлөрдөгү 10 балага, 8 жетим балага жергиликтүү бюджеттен 25 000 сом субсидия |
| Аймактын мектептерине «Коопсуз мектеп» ыкмасын киргизүү | Жергиликтүү үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда иштеген жаш адистерди социалдык жактан колдоо | Ичүүчү суунун тарифтерин төлөө үчүн 17 аз камсыз болгон үй-бүлөгө субсидияларды берүү |
| Майыптуулугу бар балдардын мектепке баруусу үчүн транспортторду уюштуруу | Жергиликтүү жаштарды медициналык ЖОЖдорго окутуу жана келишимдин негизинде жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен окуу акысын төлөө | 230 кожолукту ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу үчүн жаңы системаны курууну уюштуруу |
| Калктын аярлуу катмарынын балдарын окутуу үчүн төлөмдөрдү субсидиялоо | Эне жана баланын саламаттыгын чыңдоо боюнча иш-чаралар | Куруу жана тосуу иштерин уюштуруу, скважиналарга бактерияга каршы шамчырактарды орнотуу |

ЖӨБ органдары аярлуу адамдардын социалдык, маданий, укуктук жана маалыматтык өнүгүү үчүн зарыл болгон кызмат көрсөтүүлөрдү жана мейкиндиктерди алуу мүмкүндүгүн камсыз кылуу үчүн дагы көптөгөн иштерди жасоо алдында турат. ЖӨБ органдарында бул үчүн ресурс жана күч-кубат жетиштүү, бирок билим жана тажрыйба жетишпейт. Айыл жерлериндеги китепканалар бош калууда, клубдар майрамдарда гана ачылат, спорттук объекттер эркектерге гана кызмат көрсөтүшөт. Бардык бул активди кайрадан карап чыгуу керек, аярлуу топтордун муктаждыктарын талдап, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун социалдык, маданий, спорттук, эс алуу чөйрөсүндөгү иштерин кайра түзүп, аны аярлуу топтордун абалын жакшыртууга жардам бере турган кызмат көрсөтүүлөр менен максималдуу түрдө толтуруу зарыл.

Инклюзивдүү өнүктүрүү процесси жаңы гана башталууда. Бирок Кыргызстандын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бүткүл дүйнөнү ээрчип, жардамдарды пассивдүү таратуудан аярлуу топторду активдүү социалдык жана экономикалык жашоого кошуу тарабына оогондо, жалпы жашоо деңгээли батыраак жогорулайт жана өлкөдө бактылуу адамдар жашаган көптөгөн аймактар пайда болот.

## Гендердик жана социалдык аспекттерди камтыган СЭӨПны иштеп чыгуу методологиясынын кыскача баяны

“Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбоору ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин инклюзивдүү стратегиялык документтерди иштеп чыгуунун методикасы, түрдүү социалдык топтогу жарандарды жергиликтүү деңгээлде чечимдерди кабыл алуу процессине тартуунун жолдору, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун социалдык багытын жогорулатууга алып келе турган социалдык жана экономикалык пайдалар жөнүндө маалымдуулугунун деңгээлин көтөрүү менен максаттуу муниципалитеттер менен активдүү иш алып барат.

Долбоор 2020-2021-жылдары муниципалитеттердин Социалдык-экономикалык өнүгүү программасына инклюзивдүү өнүктүрүү принциптерин киргизүү боюнча тренингдерди өткөргөн. Тренингдерге Долбоордун 26 максаттуу муниципалитетинин жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу бирлигинин (мындан ары – Бирлик) 21 максаттуу муниципалитетинин адистери катышты. Бул тренингдерде Долбоор тарабынан төмөнкү кадамдарды ырааттуу аткаруу аркылуу өзүнө гендердик жана социалдык аспекттерди киргизүүнүн белгилүү механизмдерин камтыган СЭӨПны иштеп чыгуунун методологиясын көрсөттү:

1-кадам. Социалдык жана гендердик сезимталдуулук принциптерин чагылдырган СЭӨПны иштеп чыгуу боюнча жумушчу топту түзүү.

2-кадам. Учурдагы абалды, иштеп жаткан стратегиялык документтерди толук кандуулукка жана инклюзивдүүлүккө карата талдоо.

3-кадам. Артыкчылыктуу өнүгүү багыттарын аныктоо.

4-кадам. Ар бир багыттагы «өнүгүү лидерлерин» жана алардын идеяларын, сунуштарын, муктаждыктарын аныктоо.

5-кадам. Социалдык жактан инклюзивдүү чараларды жана гендердик аспекттерди эске алуу менен экономиканы өнүктүрүү боюнча милдеттерди иштеп чыгуу.

6-кадам. Инклюзивдүүлүк принциптерин эске алуу менен ар бир багыт боюнча өнүгүүгө багытталган конкреттүү долбоорлорду, чараларды иштеп чыгуу.

7-кадам. СЭӨПда инклюзивдүү чараларды ишке ашыруунун бюджетин иштеп чыгуу жана реалдуу мүмкүнчүлүктөр менен салыштыруу.

8-кадам. Натыйжага багытталган инклюзивдүү бюджеттик жана инвестициялык саясатты түзүү.

9-кадам. СЭӨПнын аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоо тутумун иштеп чыгуу.

Бул методика сунуштама мүнөздү алып жүрөт. Ал КР Экономика министрлигинин 2018-жылдын 15-майындагы № 63-А жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 16-майындагы №01-18/56 биргелешкен буйруктары менен бекитилген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн шаарлардын жана айыл аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу боюнча методикалык колдонмого ылайык иштелип чыккан.

Методиканын маанилүү принциби ар түрдүү топтордун кызыкчылыктары иш жүзүндө бул топтор жана алардын кызыкчылыктары документ менен так аныкталган, саясатта чагылдырылган учурларда гана анык эске алынгандыгында жатат. Тактап айтканда, жергиликтүү аткаруу бийлигинин органдары тарабынан ар кандай чаралар пландалганда бул чара таасир эте турган калктын ошол бөлүгүнүн сапаттык курамын талдоо зарыл. Мындай талдоо конкреттүү долбоорду, чараны, иш-чараны пландоонун жана ишке ашыруунун ар бир этабында жүргүзүлүшү керек (2-сүрөттү караңыз).

2-сүрөт. Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын пландоонун жана ишке ашыруунун этаптары




1. Артыкчылыктарды маалыматтык тандоо. Бир чара же программа четтетүүнүн бардык механизмдерин камтый албайт. Ошондуктан чараларды пландоодо артта калган же артта калышы мүмкүн болгон бардык топторду аныктоо үчүн талдоо жүргүзүү керек, андан кийин өз тандоосунун себебин түшүнүү менен максаттуу топторду аң-сезимдүү тандоо зарыл.
2. Өзгөртүү теориясы – саясий жана институционалдык деңгээлде калктын ар түрдүү четтетилген топтору үчүн күтүлүүчү таасир этүүлөрдү алдын ала айтуу аракети, мисалы, жаңы мыйзам же саясаттын адамдарга тийгизген таасирин же өзгөрүүлөр алардын саясий же экономикалык укуктарын ишке ашырууга кандай жардам бере тургандыгын сүрөттөө. Пландалган чара кырдаалды кантип жакшыртат? Чаралардын кыйыр таасири кандай болушу мүмкүн?
3. Стратегиялык фокусту эч кимди артта калтырбоо принцибине ооштуруу финансылык жана адам ресурстарын тиешелүү бөлүштүрүүнү же кайра бөлүштүрүүнү талап кылат. Колдонуудагы программаларга инклюзивдүүлүк принциптерин киргизүү максаттуу топторду талдоону, мүмкүн болгон четтетүү механизмдерин аныктоону, зарылчылыкка жараша программаларды адаптациялоону, өзгөрүү теориясын түзүүнү билдирет. Максаттуу программалар эң аярлуу топторду аныктоо, аларга четтетүүнү жеңүүдө жардам берүү жана көмөктөшүү үчүн багытталган. Мисалы, эгерде жумушка конкурстук негизде орноштуруу боюнча колдонуудагы программа бар болсо, анда аярлуу топтор бул программадан башкалар менен бирдей деңгээлде пайда көрүшү үчүн багытталган максаттуу программаны колдонсо болот: аларга тренинг, консультация, менторлук колдоо ж.б. берүү.
4. Интеграцияланган мамиле: адамдардагы көп өлчөмдүү жакырчылык менен аярлуулук маселелерин ар түрдүү параметрлер боюнча чечүү мүмкүн болгон бардык оюнчуларды тартууну талап кылат: улуттук жана жергиликтүү бийлик түзүмдөрү, активисттер, эксперттер, жарандык коом уюмдары, жеке сектор. "Оюнчуларды" картага түшүрүп, алардын сиздин көйгөйлөрдү жана анын чечимдерин көрө билүүңүздү бөлүшө турганына ынануу керек, натыйжаларга батыраак жетүү үчүн эки тараптуу жана көп тараптуу өнөктөштүктү түзүү зарыл.
5. Мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн сапаттуу тутуму максаттуу топ жөнүндөгү

ишенимдүү жана так маалыматтарга негизделет. Өзгөрүү теориясынын ишке ашкандыгын билүү үчүн прогрессти туура таризделген аткаруу индикаторлору боюнча көзөмөлдөө керек. Сандык маалыматтар категорияларга мыкты бөлүштүрүлүшү жана түзүмдөлүшү шарт: бул контекстте маалыматтардын кандайча бөлүнүшү колдонула тургандыгын чечип алуу зарыл: жыныс, жаш курак, этникалык айырмачылык, киреше деңгээли ж.б. Маалыматтарды топтоо – абдан татаал жана көп саясатташкан жумуш, бирок жакшы жаңылыкты жергиликтүү деңгээлде аткаруу жеңил. Ошондуктан, адамдардын жарандык абалдарын каттоонун инновациялык тутумун ишке киргизүү да көптөгөн өнүгүү программаларынын аткарылышын жеңилдеткен алдыга коюлган маанилүү кадам.

Сапаттуу маалыматтар сандык эсептөөгө мүмкүн болбогон маалыматтарды чогултууга жардам берет: ой-пикир, таасир, тажрыйба ж.б. Өнүгүүдөн четтеген адамдардын жашоо чындыгы абдан татаал, ал эми четтетүү механизмдери башкалар үчүн көп көрүнө бербейт.

ЖДКЖ долбоорунун жана ЖӨБ Союзунун максаттуу муниципалитеттери сунушталган аймактардын өнүгүү пландарынын инклюзивдүүлүгүн жогорулатуу методикасын жакшы кабыл алышты жана колдонуудагы же иштелип чыгып жаткан жаңы СЭӨПны өзгөртүү боюнча чоң иштерди жасашты. Башында алар калктын, айрыкча аярлуу катмарлардын өкүлдөрүнүн жарандык пассивдүүлүгү (жарандык активдүүлүктү көрсөтүүдө алар кабылган кошумча кыйынчылыктардан улам); жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн мындай иштерди жүргүзүү тажрыйбасынын жоктугу; кадрдык алмашуулар жана туруксуздук, бюджеттик чектөөлөр ж.б. сыяктуу бир топ кыйынчылыктарга туш болушту. Бирок дээрлик бардык ЖӨБ органдары бул алгачкы тажрыйба болгондуктан, ал позитивдүү болгонун жана СЭӨПны иштеп чыгуу процессинин өзү эле позитивдүү өнүгүүгө үлгү экенин белгилешти, анткени ал жергиликтүү аткаруу бийлигине калк менен иштешүүгө жана калктын ишенимин көтөрүүгө шарт түздү.

# Инклюзивдүү өнүгүүгө карай багыт алган айыл аймактардын жана шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүү программалары үчүн чаралар

## Рыноктorго жеткиликтүүлүк

### Тоң районунун Тоң айыл аймагындагы "Кызыл өрүк" фестивалы

Тоң айыл аймагы Ысык-Көл облусунун Тоң районунда жайгашкан. Аймактын калкынын жалпы саны – 3524 адам, анын 1761и аялдар. Аймак Тоң жана Кажы-Сай айылдарынан, ошондой эле Ак-Булуң участогунан турат.

ЖДКЖ долбоорунун алкагында АА ЖӨБ Союзунун максаттуу муниципалитети болуп саналат; социалдык жана гендердик сезимталдуулук принциптерин чагылдырган эң мыкты СЭӨП боюнча уюштурулган конкурста Тоң ААнын 2022-2026-жж. карата иштелип чыккан өнүгүү программасы кызыктыруучу байгелүү орунду ээлеген.

> Тоң айыл аймагында жумушсуздуктун деңгээли жогору. Кандайдыр бир ишканалар жок болгондуктан, дыйканчылык продукцияларды сатуудан түшкөн пайда жергиликтүү калктын кирешелеринин негизги бөлүгүн түзөт. Аймактын климаты өрүктүн ар кандай сортторун өстүрүү үчүн өзгөчө ыңгайлуу жана бул мөмө-жемиштер сатуу үчүн эң көп таралган азык болуп саналат. 20дан ашык дыйкан иштеткен жалпы аянты 35 га өрүк бактары бар дыйканчылык жерлеринен сырткары жергиликтүү тургундардын ар бир короосунда жана багында өрүктөр өсөт. Бирок өрүктүн мезгилдүү баалары төмөн.
>
> Дыйканчылык продукцияларын сатуудан сырткары айылдын тургундары Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде туристтерди тартуу үчүн өз жерлерин пайдаланууга аракет кылышат. Азыркы учурда аймакта 40тан ашуун конок үйлөр бар. Алардын 31инин бизнес демилгечиси жана башкаруучусу аялдар болуп саналат. Бирок Тоң ААда туристтик жайлар жөнүндө маалыматтар аз болгондуктан, эс алуучулардын саны да аз жана конок үйлөрдүн кирешелери да төмөн.
>
> Аймактын потенциалын башкаларга көрсөтүү максатында 2016-жылы жергиликтүү активисттер тарабынан айылдаштардын демилгеси колдоого алынып, «Кызыл өрүк» фестивалын өткөрүү идеясы ишке ашырылган, фестивалдын негизги максаты айыл тургундарынын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу, айылдагы агротуризмди өнүктүрүү, кыргыз элинин каада-салттарын жайылтуу жана айыл аймагын туристтик жай катары таанытуу болгон, бул жумушсуздуктун азайышына жана жергиликтүү тургундардын кирешелеринин жогорулашына алып келиши мүмкүн болгон.
>
> «Кызыл өрүк» фестивалы биринчи жолу 2017-жылы Тоң кыштагынын Кекилик жээгинде өткөрүлгөн жана ошондон бери жыл сайын өткөрүлүп келе жатат.

Фестиваль убагында айыл тургундары өрүк жана андан жасалган азыктарды сатышат: кыям, как, пастила, повидло, джем, шербет ж.б. Айылдагы аялдар кыям жана шербет жасоо боюнча мастер-класстарды өткөрүшөт, бул ишмердик да киреше алып келет. Дыйканчылык продукцияларынан сырткары, фестиваль жергиликтүү уздардын жана кол өнөрчүлөр тарабынан улуттук стилде жасалган азем белектерди жана түрдүү буюмдарды жайылтууга жана сатууга жардам берет. Айыл тургундары фестивалды жыл сайын өткөрүү алардын сатууларын 30%га жогорулата тургандыгын белгилешет.

Чет элдик туристтерди тартуу менен конок үйлөрдүн да кирешелери көбөйөт. 2017-жылы «Кызыл өрүк» фестивалы биринчи жолу өткөрүлгөндө Тоң айылында 10го жетпеген конок үйү бар болгон, ал эми азыркы учурда конок үйлөрдүн саны 40тан ашты. Мурун суу жээктеринде тамак-аш сатуучу түйүндөр жок болсо, азыр бүтүндөй бир боз үй шаарчасы иштейт, булар эс алуучуларга көрсөткөн кызматтарын жыл сайын жакшыртып келишет. Бул жергиликтүү тургунга мезгилдүү киреше табуу мүмкүндүгүн берет.

Тоң айыл өкмөтү, ошондой эле «Эл Тоо» жана «Эгемендик» коомдук бирикмелери жана «Бөкөнбаев-Манжылы» айыл жамааты жыл сайын фестивалдын уюштуруучусу катары чыгат. Акыркы жылдары фестиваль райондук деңгээлде уюштурулуп жатат. Айыл өкмөтүнүн жардамы менен Тоң айылынын суу жээгиндеги аймактары көрктөндүрүлүп, жарыктандырылып, заманбап ажатканалар менен жабдылды.





Фестиваль июль айынын аягында же август айынын башында өрүк бышкан кезде өткөрүлөт. Фестивалдын так датасы жыл сайын жергиликтүү бийлик тарабынан аныкталат. Фестивалдын катышуучуларынын саны жылдан жылга көбөйүүдө. Фестиваль биринчи жолу уюштурулган жылы 200-300 адам катышса, азыр анын катышуучулары орточо эсеп менен 1000 адамга жетет. Акыркы жылдары фестивалдын ачылыш аземи кыргыз эстрадасынын, жергиликтүү музыкалык жана бий жамааттарынын жылдыздарынын катышуусундагы чоң концерттик программа менен коштолот.

Сидней Технологиялык Университетинин изилдөөчүлөрү жергиликтүү коомчулуктун жашоочуларынын жергиликтүү маанидеги туруктуу фестивалдарды өткөрүү коомчулук үчүн кандай пайда алып келет деген суроого болгон пикирлерин изилдеп, төмөнкүдөй жоопторду алышкан[1]:

| Экономикалык пайдалар | Социалдык пайдалар |
|---|---|
| - Жергиликтүү соодага тийгизген оң таасири<br>- Шаардын/айылдын беделин көтөрүү<br>- Туризмди өнүктүрүү<br>- Инвестицияларды тартуу<br>- Каражат топтоо мүмкүнчүлүктөрү<br>- Коомчулук ичиндеги түрдүү топтордун ортосундагы байланыштарды бекемдөө<br>- Инфратүзүмдү өнүктүрүү<br>- Кошумча иш орундары<br>- Мейманкана бизнесин, кызмат көрсөтүү чөйрөсүн өнүктүрүү | - Коомчулуктун ичиндеги биримдик<br>- Калктын бардык катмары үчүн катышуу мүмкүнчүлүгү<br>- Жаштар үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөр жана мотивация<br>- Социалдык жана маданий ар түрдүүлүктү кабыл алуу<br>- Дүйнө таанымды кеңейтүү<br>- Жаңы кесиптик жана социалдык көндүмдөрдү алуу мүмкүнчүлүгү<br>- Үй-бүлө менен биргеликте убакыт өткөрүү мүмкүнчүлүктөрү<br>- Өз шаары/айылы үчүн сыймыктануу сезимин жогорулатуу |

Сурамжылоонун жүрүшүндө катышуучулар тарабынан аймакты булгоо, таштандынын ыргытылышы, коопсуздукту камсыз кылуунун татаалдыгы ж.б. сыяктуу фестивалды өткөрүү менен байланышкан айрым терс жагдайлар айтылган. Бирок билгичтик менен пландоонун жана мыкты деңгээлде уюштуруунун натыйжасында бул тобокелдиктер кошумча мүмкүнчүлүктөргө айланат – бул ишке орноштуруунун кошумча мүмкүнчүлүктөрүн түзөт же жаштар үчүн жарандык активдүүлүктү пайда кылат (аймактарды ыктыярдуу же акылуу тазалоого катышуу, коопсуздукту камсыздоо үчүн нөөмөткө туруу).

[1] К. Смолл жана Д. Эдвардс (2003). Фестивалдардын жергиликтүү коомчулукка социалдык-маданий таасирин баалоо: Австралиядагы китеп фестивалынын мисалы. Сидней Технологиялык Университети

### Жергиликтүү туризмди өнүктүрүү боюнча чаралардын топтому. Токтогул районунун Чолпон-Ата айыл аймагы

Чолпон-Ата айыл аймагында 6 айыл жайгашкан: Чолпон-Ата, Кара-Күңгөй, Ак-Тектир, Балыкты, Кушчу-Суу, Мазар-Суу. Аймактын калкынын жалпы саны 8 442 адамды түзөт, анын 4 133ү аялдар. Короолордун саны 1 592ни түзөт.

Социалдык жана гендердик сезимталдуулук принциптерин чагылдырган эң мыкты СЭӨПны тандоого карата уюштурулган конкурста Чолпон-Ата ААнын Өнүгүү программасы биринчи орунду ээледи жана ЖДКЖ долбоорунан 200 000 сом суммасындагы товар түрүндөгү байгелерди алышты.

> СЭӨП иштеп чыгуу процессинде жүргүзүлгөн коомдук угуулардын жүрүшүндө туризм өнүгүүнүн артыкчылыктуу тармагы катары аныкталган: аймак бийик тоолуу, негизги байланыш жолдорунан алыс жерде жайгашкан, олуттуу логистикалык жана финансылык кыйынчылыктарды жаратат жана азыркы учурда кандайдыр бир ири экономикалык объекттерди иштеп чыгууга инвестиция тартууну реалдуу пландоого мүмкүн эмес, бирок жергиликтүү жаратылыштын жайгашкан жери жана кооздугу өзү жергиликтүү калктын бакубатчылыгын көтөрүү үчүн актив катары пайдаланууга боло турган байлык болуп саналат.
>
> Тилекке каршы, аймакта туристтик тармакты өнүктүрүү начар материалдык-техникалык база, заманбап туристтик инфратүзүмдүн жоктугу, жолдордун начар абалы, мейманкана, транспорт, тамак-аш жана тиричилик кызмат көрсөтүүлөрүнүн жоктугу, банк тейлөөсүнө жеткиликтүүлүктүн чектелиши (туристтер ири суммадагы акчаларды жанына сала келүүгө мажбур), туристтик каттамдардын жоктугу, эң башкысы туризм чөйрөсүндөгү сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрдү жолго салуу жана колдоо үчүн билим жана тажрыйбанын жоктугу сыяктуу көптөгөн чечилбеген көйгөйлөр менен байланышкан.

Аймакта туризмди өнүктүрүү дээрлик “нөлдөн” башталганын эске алганда, демек ал калктын ар кандай топторун камтыган бир катар иш-чараларды камтышы керек, жергиликтүү бийлик СЭӨПны талкуулоого көп сандагы жергиликтүү тургундарды тарткан: жаштардын арасындагы активисттер, аксакалдар, аялдардын өз алдынча уюшулган кайрымдуулук топторунун жана жергиликтүү бизнестин аял өкүлдөрү, маданият мекемелеринин кызматкерлери. Айыл өкмөтү үчүн фокус-топторду өткөрүү алгачкы жана кайталангыс тажрыйба болду: фокус-топтордо бир талкууга ар түрдүү тармактын жана түрдүү ишмердиктин өкүлдөрү катышышты, бул уюштуруучулар менен катышуучуларга көйгөйлөрдү ар түрдүү тараптан карап көрүүгө, түрдүү көз караштарды угууга, учурдагы кырдаалга ар тараптуу талдоо жүргүзүүгө жана жакшыртуу боюнча көптөгөн ар түрдүү сунуштарды алууга шарт түздү.

Жасалган иштердин натыйжасында рыноктордү кеңейтүүгө жана туризмди өнүктүрүү менен экономикалык кырдаалды жакшыртууга багытталган чаралардын бүтүндөй топтому иштелип чыкты жана аймактын Социалдык-экономикалык өнүгүү программасына киргизилди. Бул чаралар төмөнкү негизги максаттарга жетишүүгө багытталды:

- туризмди жергиликтүү экономиканын жогорку кирешелүү тармагына айлантуу;
- тоо жана укмуштуудай[4] туризмди өнүктүрүү аркылуу аймактын жаштары үчүн киреше алып келүүчү ишмердикти уюштуруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;
- туризм чөйрөсүндө кызматтарды көрсөтүү үчүн жаштардын потенциалын жана көндүмдөрүн чыңдоо (окутуу, тажрыйба, сертификациялоо);
- жумуш орундарын түзүү жана жергиликтүү калктын арасындагы эмгек миграциясын кыскартуу;

[4] Жергиликтүү жаштар аймакта “укмуштуудай туризм” аталган туризмдин түрүн өнүктүрүүнү сунуштады, бул – жапайы жаратылыш шарттарында жашоо, квесттер, жөө тректер, ошондой эле тажрыйбалуу альпинисттер үчүн жогорку татаалдыктагы каттамдарды камтыган тоолордогу туристтик каттам. Мында көпчүлүк каттамдар нускоочулардын жетекчилиги менен өткөрүлөт.

- туризмди өнүктүрүүгө активдүү тартуу менен калктын саламаттыгын жакшыртууга салым кошуу;
- аймактын өнүгүшүнө тышкы инвестицияларды тартуу.

Учурдагы СЭӨПда (2022-2026-жж. карата түзүлгөн) коюлган максаттарга жетүү үчүн төмөнкү чаралар каралган:

1. Жергиликтүү укмуштуудай туризм брендин түзүүгө, илгерилетүүгө жана аны социалдык тармактар, эл аралык туристтик платформалар жана башка интернет ресурстар аркылуу таанытууга багытталган маалыматтык кампанияларды уюштуруу.
2. 1ден кем эмес жаңы трекинг-каттамды иштеп чыгуу.
3. Туризм чөйрөсүндө иштеген кыргыз, чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар менен өнөктөштүк байланыштарды түзүү.
4. Ички жолдорду оңдоо, коомдук мейкиндиктердин бакубатчылыгы боюнча иштерди уюштуруу жана айылдардын тышкы көрүнүшүн жакшыртуу.
5. Жергиликтүү тургундардын арасындагы каалоочуларга соцтармактарда иштөө көндүмдөрүн окутууну уюштуруу (SMM маркетинг).
6. Социалдык объекттерди жана туристтик дестинацияларды белгилөө жана аларды Google картага киргизүү.
7. Социалдык тармактарда баракчаларды ачуу, аларды активдүү иштетүү, “тирүү” контент менен толтуруу.
8. Экскурсиялар үчүн тексттерди жана экскурсиялардын/турлардын аудиожазууларын кыргыз, орус жана англис тилдеринде даярдоо; сайттарга жана социалдык тармактарга уламыштар үчүн тексттерди иштеп чыгуу, аймактын кооз жерлери жөнүндө маалыматтарды даярдоо, кооз жерлерге, кызыктуу жайларга, объекттерге, петроглифтерге ж.б. QR-коддорду орнотуу.
9. Жергиликтүү тургундарга санариптик көндүмдөрдү жана салык төлөөчүлөрдүн онлайн тутумун пайдаланууну окутууну уюштуруу.
10. Туризм чөйрөсүндө бизнес жүргүзүү боюнча юридикалык консультацияларды уюштуруу (документтерди, келишимдерди ж.б. түзүү, салык органдарына отчетторду даярдоо жана тапшыруу).
11. Жаштардын жана аялдардын топторун тажрыйба алмашуу үчүн өлкөдөгү мыкты конок үйлөргө жана туристтик компанияларга сапарларды уюштуруу; жергиликтүү жаштардын арасындагы активисттер үчүн тажрыйба алмашуу максатында жүрүштөр, тоскоолдуктар тилкелери, туроператорлордун каттамдарындагы оюндар боюнча кеминде бир сапарды уюштуруу.
12. Жаштардын топторун ЖК жыйындарына, коомдук жана бюджеттик угууларга, учурдагы жана кийинки СЭӨП максаттары үчүн аймактын брендинги боюнча ири иш-чараларды өткөрүү жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен аларга өткөрүү үчүн каражат бөлүү маселелерин кароого катыштыруу.
13. Чет элдик эксперттер/тренерлер менен укмуштуудай жана тоо туризми боюнча онлайн жолугушууларды уюштуруу.
14. Боз үй шаарчаларынын, эс алуу зоналарынын ээлеринин, гиддердин жана жергиликтүү токойчулуктун ортосунда кызматташтык жөнүндө келишимдерди түзүүгө көмөктөшүү.
15. Белгилүү туристтик каттамдарга таштанды челектерин, белгилерди жана көрсөтмө белгилерди орнотуу.
16. Токтогул – Беш-Таш жолун жакшыртуу боюнча иштерди жүргүзүү, муниципалдык буюртма менен жаңы бактарды отургузуу жана эски бактарды кыюу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

Чолпон-Ата айыл аймагынын СЭӨП бул чараларды аткаруудан күтүлүүчү натыйжаларды так чагылдырат. Бул натыйжалуу иш-аракеттердин планын түзүүгө жана мазмундуу, ишенимдүү жана натыйжалуу мониторинг жана баалоо жүргүзүү тутумун иштеп чыгууга жардам берген мыкты тажрыйба.

Күтүлүүчү натыйжалар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- туризм айыл чарбасы жана мал чарбачылык менен катар жергиликтүү экономиканын негизги тармагы болуп калат;
- чет элдик туристтердин саны өсөт;
- туристтик чөйрөнүн кийинки өсүшү жана кеңейиши үчүн шарттар түзүлөт;
- кызмат көрсөтүү чөйрөсү өнүгөт жана ошону менен бирге аймактын социалдык-экономикалык өсүшү тездейт;
- жаңы иш орундары түзүлөт, жергиликтүү калктын арасындагы эмгек мигранттарынын саны азаят;
- көрсөтүлгөн кызматтардын жана азык-түлүктүн саны көбөйөт (учурдагы дүйнөлүк өлчөө системасы боюнча туризм чөйрөсүндөгү сапат);
- социалдык теңдикке жетишүүдө туризмдин ролу өсөт;
- туруктуулук, өз ара түшүнүшүү жана жергиликтүү коомчулук ичиндеги кызматташтык жогорулайт;
- калктын кирешелери өсөт, натыйжада үй чарбалардын финансылык туруктуулугу жогорулайт жана үй-бүлөлүк конфликттер азаят.

Программаны түзүүдө жергиликтүү бийликтин өз ара түшүнүшүү жана коомчулук ичиндеги кызматташтык, финансылык туруктуулук сыяктуу өнүгүү аспекттерин үй-бүлө зомбулугунун деңгээлине таасир этүүчү фактор катары эске алган жана так чагылдырган. Жергиликтүү калк туш болгон көйгөйлөрдү терең түшүнүүгө, ошондой эле бул көйгөйлөрдү кантип чечүүгө боло тургандыгы тууралуу көз караштарды иштеп чыгууга калк менен жүргүзүлгөн ак ниеттүү иштердин, Долбоордун бардык демографиялык категорияларды өнүгүү планын талкуулоого тартуу боюнча бардык сунуштарын сактоонун натыйжасында жетиштик.

Муниципалитет жалпы координацияны ишке ашырууда, коомду мобилизациялоо боюнча активдүү иш-аракеттерде, маалыматтык кампанияларды өткөрүүдө жана колдоодо, окутуу ишмердигин уюштурууга көмөк көрсөтүүдө, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелерге тиешелүү бардык милдеттерди (инфратүзүм, жарыктандыруу, суу менен камсыздоону жакшыртуу, ички жолдорду оңдоо, абаттоо жана аймактарды жашылдандыруу ж.б.) ак ниет жана заманбап аткарууда алдыга коюлган милдеттерин аткаруудагы өзүнүн ролун көрөт.

Долбоордун социалдык жана гендердик сезимталдуулук принциптерин чагылдырууга карата эң мыкты СЭӨПны аныктоо конкурсунда биринчи орунду ээлегендиги үчүн Чолпон-Ата АӨ 200 000 сом суммасындагы товардык байгелерди тандап алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду жана бул мүмкүнчүлүктү күнүмдүк иш жүргүзүү, ошондой эле калкты маалымдоо ишмердигин уюштуруу үчүн зарыл болгон оргтехникаларды (компьютер жана принтер) жана маанилүү социалдык объекттерди үзгүлтүксүз электр энергиясын камсыздоо үчүн генератор сатып алууну чечти.

“ОЭСР өлкөлөрүндөгү туризм чөйрөсүндөгү тенденциялар жана саясат, 2020-ж.” изилдөөсүндө ЕККУнун эксперттери туризмдин жергиликтүү коомчулуктун инклюзивдүү өнүгүшүнө тийгизген таасирлеринин төмөнкү аспекттерин бөлүп көрсөтүшөт:[5]

***Ишке орноштуруунун түрдүү мүмкүнчүлүктөрү***. *Туризм эмгекти талап кылуучу тармак катары ийкемдүү графикте иштөөнү талап кылат, мында кызматкерлер түрдүү секторлордо жана түрдүү орундарда иштешет. Бул үчүн төмөнкүдөн жогоркуга чейинки, техникалык көндүмдөн жеке же социалдык көндүмгө чейинки түрдүү типтеги жана деңгээлдеги көндүмдөр, ошондой эле чоң сандар жана экологиялык көндүмдөр талап кылынат.*

***Шаардык, аймактык жана айыл экономикасы үчүн артыкчылыктар.*** *Шаар жерлеринде туризм кооз жайларды, инфратүзүмдү жана жергиликтүү жана чет элдик келүүчүлөрдү жайгаштыруу жана тартуучу жабдууларды өнүктүрүүгө шарт түзөт. Айыл жерлеринде туризм экономикалык өнүгүү менен өсүүнүн маанилүү куралы болуп саналат, ал жергиликтүү айыл чарба азыктары, маданият (искусство жана кол өнөрчүлүк) жана таза абада өткөрүлүүчү иш-чаралар менен көп байланышат жана айыл ишканаларына киреше алуунун түрдүү мүмкүнчүлүктөрүн (мисалы, туристтердин фермаларда жашоосу) түзүү жана жергиликтүү жеткирип берүү чынжырчаларына катышуу үчүн олуттуу мүмкүнчүлүктөрдү берет.*

***Чакан бизнеске инновацияларды киргизүү үчүн мүмкүнчүлүктөр.*** *Туризм белгилүү бир товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө, анын ичинде туризм рыногунун муктаждыктарын (мисалы, саламаттык, чыгармачылык жана спорт) канааттандыруу үчүн транспорт, жайгаштыруу, турлар жана көмөкчү кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талапты күчөтөт. Чакан жана орто ишканалар (ЧОИ) саякатчылардын конкреттүү муктаждыктарын канааттандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөргө чара көргөндө, жергиликтүү коомчулук жана экономика үчүн олуттуу кумулятивдик натыйжа болушу мүмкүн.*

***Маданий өз алдынчалуулукту жана жаратылыш байлыктарын колдоо.*** *Маданий өз алдынчалуулук жана жаратылыш байлыктары туристтерди тартуу үчүн колдонууга боло турган маанилүү курал болуп саналат. Кызыкдар тараптардын кеңири катышуусуна жана туруктуу өнүгүү принциптерине негизделген туризм маданий жана экологиялык баалуулуктар жөнүндө маалымдуулукту жогорулатат жана корголуучу аймактарды жана аярлуу объекттерди коргоону жана башкарууну каржылоого жардам берет. Туризм биринчи кезекте жергиликтүү, региондук жана улуттук экономикага дем бере ала турган активдүүлүктүн деңгээлине жараша баруучу жайдын айлана-чөйрөсүн жана маданий мурастарын сактоонун баалуулугун көрсөтүүдө да маанилүү роль ойнойт.*

*Мындан сырткары, көптөгөн өлкөлөрдө туризм* ***жергиликтүү каада-салттарды, искусство жана маданиятты алдыга жылдырууда жана колдоодо*** *да маанилүү роль ойнот, бул келүүчүлөрдү кызыктырат.*

***Инфратүзүмдү өнүктүрүүнү жана тейлөөнү колдоо.*** *Мыкты транспорттук инфратүзүм туристтерди тартууда эле эмес, жергиликтүү калктын жашоо сапатын жакшыртууда да маанилүү роль ойнойт. Мындан тышкары, ал туристтердин чыгымдары (мисалы, кирешелер, иш орундар) жана жергиликтүү тургундар менен өз ара аракеттенүүсү (мисалы, маданий мурастарды жайылтуу жана сактоо, жаңы тилдерге ээ болуу) менен байланышкан социалдык-экономикалык пайдалардын бөлүнүшүнө жардам берет. Туризм транспорт тутумдарын, коомдук жайларды, маданий кооз жайларды жана конференц борборлорду өнүктүрүү жана тейлөө үчүн кошумча каржылоону да жаратат, булар багыттардын кызыктуулугун көтөрүүгө шарт түзөт. Мыкты пландалган жана уюштурулган туризм ишке орноштуруунун кошумча мүмкүнчүлүктөрүн же жаштар үчүн жарандык активдүүлүктүн (аймактарды ыктыярдуу же акылуу тазалоого катышуу, коопсуздукту камсыздоо үчүн нөөмөткө туруу) жаралышын пайда кылат.*

5 https://www.oecd-ilibrary.org/sites/82b46508-en/index.html?itemId=/content/component/82b46508-en#section-d1e10593

## Кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк

### Ак-Суу районунун Теплоключенка айыл аймагынын борбордук көчөсүндөгү тротуар жана пандустар

Ысык-Көл облусунун Теплоключенка айыл аймагы өзүнө Теплоключенка жана Лесное айылдарын камтыйт. Аймактын 2022-жылдагы калкынын саны 14 274 адамды түзөт: Теплоключенка айылында - 14 058 адам, Лесное айылында - 216. Аймакта 6804 эркек, 7470 аял жана 4278 18 жаштан кичүү балдар жашайт. Теплоключенка айылы – Ак-Суу районунун борбору – деңиз деңгээлинен 1825 м бийиктикте жайгашкан.

Теплоключенка АА социалдык жана гендердик сезимталдуулук принциптерин чагылдырган эң мыкты СЭӨПны аныктоо конкурсунда экинчи орунду ээлеген. СЭӨПга эксперттик баалоо жүргүзгөндө Теплоключенка ААда бардыгы болуп, гендердик-социалдык багыттагы 15 чара жана иш-чара аныкталган (1-тиркемени караңыз).

Теплоключенка ААда азыркы учурда 240 ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жашайт, анын 124ү аялдар. Муниципалитет бул аярлуу топтогу адамдардын кыймылы үчүн жагымдуу шарттарды түзүү үчүн райондук борбордун борбордук көчөсүнө жана башка коомдук жайларга пандустарды орнотуу зарыл деп тапкан. Жергиликтүү тургундар менен болгон фокус топтордо бул чараны талкуулоонун жүрүшүндө жөө жүргүнчүлөрдүн коопсуздугун жана ыңгайлуулугун камсыздоо үчүн тротуарларды куруу белгиленген, ал эми пандустар майыптуулугу бар адамдарга эле жардам бербестен, коляска сүйрөгөн ата-энелерге, колунда баштыгы, арабасы бар улгайган адамдарга, велосипедчендерге ж.б. жардам берет.



2021-жылы айыл жерлериндеги майыптуулугу бар адамдарды колдоо жана социалдаштыруу максатында аймактын борбордун көчөсүнүн эки тарабына тең пандустар орнотулган. Пандустар курулуш ченемдерине жана стандарттарына толук дал келтирилип жасалган. Мындан сырткары, калктын коопсуздугун камсыздоо, ошондой эле Кыдыр Аке борбордук көчөсүн жакшыртуу үчүн Жаныбеков көчөсүнөн Сыдыкбеков көчөсүнө чейин жүрүүчү жолду бөлүп турган темир тосмолору бар тротуарлар орнотулган. Тротуарларга брусчатка төшөлгөн. Мындан тышкары, пандустар айыл аймактын 5 шайлоо участогуна орнотулду.

**Чыгымдар**

Тротуар Жаныбеков көчөсүнөн Сыдыкбеков көчөсүнө чейин орнотулду, анын узундугу - 1,8 км. Жергиликтүү бюджеттин тротуарды төшөөгө чыгымдары 3212,6 миң сомду түздү.

Темир тосмолорду орнотууга кеткен чыгымдар 3004,4 миң сомдутүздү; пандус орнотуу – 700,0 миң сомду түздү.

Кыдыр Аке көчөсүнө тротуарларды куруу жана тосмолорду орнотуу жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен ишке ашырылды.



**Социалдык маанилүүлүк**

Тротуар орнотуу социалдык жактан маанилүү инфратүзүмдүк жакшыртуу болуп калды, ал жөө жүргүнчүлөрдүн (негизинен айылдагы аялдардын, жаштардын жана улгайган адмдардын) кыймылын олуттуу түрдө жеңилдетти, ошондой эле майыптуулугу бар адамдардын мобилдүүлүгүн жана коомчулуктун жашоосуна активдүү катышуу мүмкүнчүлүгүн көтөрдү. Ошентип, калктын аярлуу катмары бул чаранын бенефициары болуп калды.

Тротуар жана пандустарды орнотуу Теплоключенка ААнын 2021-2023-жж. карата СЭӨПга кирген социалдык жана гендердик сезимталдуулук чараларынын бири болуп саналат. Бул чара 2021-жылы толук ишке ашырылды.

## *Жарандардын пикирлери*

*Мен борбордук көчөдө жүрүү абдан ыңгайлуу болуп калганына өтө кубанычтамын. Бул жерде көптөгөн уюмдар, мекемелер, дүкөндөр, банктар жайгашкан. Адамдар кандайдыр бир мекемеге баруу үчүн бул көчө менен көп басышат. Мен небере кызым менен бир жаштагы неберемди дайыма коляскада алып жүрөм. Небере кызым активдүү жана чуркаганды жакшы көргөндүктөн, мурун аны качан кулап кетет экен деп коркчумун, ал убакта жолдун абалы начар болчу, каалаган жерде жыгылып калышың мүмкүн эле. Коляска менен жүрүү да кыйын эле, чуңкурлар көп болчу. Азыр эми тротуар тегиз, ал жерде жүрүү ыңгайлуу жана коопсуз болуп калды.*

Айна Турдакунова,
Теплоключенка айылынын тургуну

Тротуарлар – бул адамдардын мобилдүүлүгүн жана жашоо сапатын аныктаган күчтүү факторлордун бири. Алар жөө жүргүнчүлөр үчүн коопсуз мейкиндикти камсыздайт, коомдук транспорт кызматын бириктирет, бардык инфратүзүм объекттерин бири-бири менен байланыштырат. Дал ушул тротуарлар көздөгөн жерге жетүүгө, сейилдөөгө, велосипед менен жүрүүгө ж.б. жардам берет. Калктуу пункттардагы адамдар көп жүрүүчү көчөлөрдө тротуарлар социалдык функциядан сырткары, маанилүү **экономикалык функцияга** ээ: мында чекене соода түйүндөр, жарнама жайгашат. Мыкты тротуарлар – коомдук чөйрөнү инклюзивдүү кыла турган маанилүү механизм жана жарандардын зарыл объекттерге жетүүсүн камсыздайт.

Тротуар тосмолору адамдардын физикалык, когнитивдик жана сенсордук жөндөмдөрүнө жараша ар түрдүү таасир этиши мүмкүн. Майыптар арабасын колдонуучулар, ошондой эле балдарын коляскада алып жүрүүчү ата-энелер үчүн ыңгайлуу пандустардын жоктугу, жолдун абалынын начардыгы (бузулган бетон, сынган трусчатка ж.б.), тротуарлардын аябай тардыгы же убактылуу (мисалы, жол боюна токтотулган автоунаалар, таштанды челектери ж.б.), инфратүзүмдүк жана туруктуу (телефон түркүктөрү, жарнамалар, дарактар үчүн клумбалар, трансформатор коробкалары ж.б.) түрдүү тоскоолдуктардын болушу жалпы көйгөй болуп саналат.



Сол жактагы сүрөттө үстү мыкты жабылган жакшы сапаттагы тротуар көрсөтүлгөн. Бирок тротуардын ортосунда дарак өсүп турат, аны өтө чоң клумба менен тосуп коюшкан. Бул клумбанын сүрөттүн оң жагында турган жыгач отургуч жана арт жактагы темир түркүк менен айкалышуусу майыптар арабасында жүргөн адамдар үчүн тоскоолдук жаратат. Ошондой эле балдарын коляскада алып жүргөн ата-энелер үчүн да кыйынчылык туудурат жана бардык жөө жүргүнчүлөр үчүн ыңгайсыз.

Фото төмөнкү сайттыкы: https://smartcities4all.org/sidewalks-saopaulo-blog-eng-2/

Мыкты тротуарлар калктын мобилдүүлүгүн баамдоо үчүн гана маанилүү эмес. Жакшы тротуарлардын болушу адамдардын алда канча кыймылдуу жашоо образын алып жүрүшүнө дем берет: сейилдөө, чуркоо, велосипед тебүү. Ошондуктан бул **элдин саламаттыгына** таасир этүүчү фактор. Велосипедди тебүү мүмкүнчүлүгү **айлана-чөйрө** үчүн да мааниге ээ: велосипед тебүү канчалык ыңгайлуу болсо, адамдар автоунаада жүргөнгө караганда бул арзан, пайдалуу жана экологиялык жолду тандоого басым жасашат.

## Ак-Суу районундагы Теплоключенка айыл аймагындагы кризистик борбор

Теплоключенка айыл аймагындагы жумушсуздардын жалпы саны 648 адамды түзөт, алардын 118 адам гана жумуш менен камсыз кылуу кызматында каттоодо турат. Мындан сырткары, аймакта айлык кирешеси 1000 сомдон азды түзгөн 116 үй-бүлө, айлык кирешеси 1000 сомдон 1475,5 сомду түзгөн 152 үй-бүлө жана кирешеси 1475,5 сомдон 2748,4 сомго чейинки 118 үй-бүлө жашайт.

Теплоключенка айылынын калкынын саны акыркы убакта ички миграциянын эсебинен көбөйдү. Толук эмес үй-бүлөдө өсүп жаткан балдардын саны акырындык менен көбөйүүдө (2017-ж. 299, 2018-ж. 311). Аймакта ички миграциянын өсүшү уланууда: Теплоключенкага башка айылдардын тургундары көп келишет. Жеке турак жай куруу үчүн жер участогунун жетишсиздигинен улам бир үйдө эки-үч үй-бүлөнүн чогуу жашаган учурлары көп кездешет. Көпчүлүгү жеке менчик үйлөрдө эмес, ижарага алган батирлерде жашашат.

Ошол эле учурда айылда турмуштук оор абалга туш болгон адамдарды каттоого алуунун жана аларга кесипкөй жардам көрсөтүүнүн жолго коюлган механизмдери жок. Айыл өкмөтү финансылык жардам көрсөтөт, бирок ал көйгөйдү чечпейт, айрым кесепеттерди гана жеңилдетет.

Ошондуктан оор турмуштук кырдаалдарда калган, үй-бүлө зомбулугунан жабыркаган адамдарды, айрыкча аялдар менен балдарды убактылуу жайгаштырып туруу жана аларга кыйын кырдаалдан чыгарууга жардам берүү үчүн Теплоключенка айылында кризистик борбор ачуу муктаждыгы жогору болгон.




Теплоключенка айылында «Үмүт» реабилитациялык борбору өз ишин жүргүзөт. Борбордун имараты (оң жактагы сүрөттөн көрүңүз) бүтүндөй район боюнча иш жүргүзгөндүгүнө карабастан, 7-8 адамды гана жайгаштырууга ылайыктуу жана көп сандагы адамдар борбордун кызматына муктаж. Азыркы учурда адистер жетишсиз болгондуктан, борбор тийиштүү кызмат көрсөтүүлөрдүн толук спектрин көрсөтө албайт.

Калк менен фокус топтор форматында социалдык көйгөйлөрдү талкуулоонун жүрүшүндө СЭӨП иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ толук юридикалык, социалдык жана психологиялык коштоосу бар толук кандуу кризистик борборду куруу зарылчылыгы курч көйгөй экенин аныктады. Мындай борборду түзүү боюнча ишмердик аймакты өнүктүрүүнүн приоритеттеринин бири экени аныкталды.

«Каракол Аруужан» коомдук бирикмесинин кайрылуусунун негизинде айылдык кеңеш 2021-жылдын 10-ноябрында «Күн Чубак» бала бакчасынын эски имаратынын базасында кризистик борбор ачуу тууралуу № 16 токтомун кабыл алды.

Коомдук бирикме тарабынан имаратты оңдоп-түзөө, андан кийин аны оор турмуштук кырдаалда калган жарандарды кабыл ала турган жана аларга кесипкөй жардам көрсөтө турган кризистик борбор катары ачуу пландалууда.

Кийинчерээк борбордун ишине төмөнкүдөй адистерди тартуу да пландалууда: координатор, директор, эки социалдык кызматкер, психолог жана юрист. Борбор бир убакта 50гө жакын адамды тейлей алат.

Кризистик борбордун сунуштаган кызмат көрсөтүүлөрүнө ишеним телефону, бетме-бет кеңеш берүү, ошондой эле баш калкалоочу жай берүү кирет. Мындан сырткары, кризистик борбордо түрдүү багыттар боюнча кесиптик даярдоо курстары уюштурулат.

Теплоключенка айылынын ЖӨБ органдары тарабынан реабилитациялык борборду түзүүгө жана ишке киргизүүнү колдоого багытталган иштер 2021-жылдын 10-ноябрынан башталды. Уюштуруу иштерин бүтүрүү 2023-жылдын 31-декабрына пландалган, бирок азыркы учурда айылда оор турмуштук кырдаалда калган адамдарга, айрыкча аялдар менен балдарга жардам көрсөтүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

**Чараларды ишке ашырууга кеткен чыгымдар**



Бала бакчанын эски имаратын борбордун муктаждыктары үчүн акысыз берүүсү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кризистик борбордун ачылышына кошкон салымы болуп саналат. Имарат оңдоп-түзөөгө муктаж, анын наркы болжолдуу эсептөөлөр менен 4,5 миллион сомду түзөт. Бул каражаттарды «Арууҗан» КБ грант катары берет.

**Күтүлүүчү натыйжалар**

Экономикалык көз караш менен алып караганда, реабилитациялык борборду ачуу борбордун туруктуу штатында боло турган кеминде 10 адамды иш менен камсыз кылууга шарт түзөт.

Мындан тышкары, борбордун кызмат көрсөтүүлөрүн колдонгон жарандарга кыска мөөнөттүү кесиптик билим берүүнү (чачтарач, кондитер, тигүүчүлүк курстары) алуу же мурунку квалификациясын жогорулатуу үчүн мүмкүнчүлүктөр берилет. Калктын аярлуу катмарындагы адамдарды кесиптик окутуу алардын эмгек рыноктогу атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн көтөрөт жана кошумча экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Социалдык көз караш менен алып караганда, кризистик борборду ачуу кандайдыр бир оор турмуштук кырдаалда калган адамдарга даректүү кесиптик жардамдарды көрсөтүүгө шарт түзөт. Адатта, кризистик борборлорго психологиялык жана жеке үй-бүлөлүк зомбулукка дуушар болгон аялдар, ошондой эле жумушсуз жана оокатсыз калган жарандар, т.а., коомдун эң аярлуу мүчөлөрү көп кайрылышат.

*Үй-бүлө зомбулугу көйгөйү дүйнөдөгү ар бир өлкөдө кездешет жана ар бир адам коомдо кандай орунду ээлегендигине карабастан, ага кабылышы мүмкүн. Бирок үй-бүлөлүк, физикалык же психологиялык зомбулукка кабылуу ыктымалдуулугу жакыр үй-бүлөлөрдө жогору. Көптөгөн экономикалык жана социалдык тоскоолдуктар, жашоо шартынын начардыгы, өзүн өнүктүрүү жана өзгөртүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу, аткарылбагандыгы жана укуктардын жоктугу агрессиянын булагы болот жана андан көпчүлүк учурларда аялдар менен балдар жабыркашат.*

*Үй-бүлөлүк зомбулуктун кандайдыр бир түрүн башынан өткөргөн адамдарга жардам көрсөтүү өтө сактыкты, жогорку кесипкөйлүктү талап кылат. Эгерде ушул багытта сабатсыз жана одоно аракеттер жасалса, ал андан да чоң зыян алып келиши мүмкүн. Ошондуктан кризистик борборлордун ишине окутулган адистерди гана тартуу зарыл.*

*Расмий органдардын кризистик борборлорду колдоодогу ролу талаш-тартыштардын жана талкуулардын предмети бойдон калууда. Эл аралык изилдөөлөр көрсөткөндөй, зомбулукту башынан өткөргөн адамдар мамлекеттик же муниципалдык кызматтар менен борборлорго караганда жеке же коомдук борборлорго көп кайрылышат*. Бул расмий мекемелерде калк менен иштөө белгилүү бир документтерди толтурууну, каттоону, эсептөөнү талап кылгандыгы менен шартталат, ошол эле убакта үй-бүлөлүк зомбулукка дуушар болгондордун мындай документтери жок болушу мүмкүн же болсо алар кайрылуулары жашыруун болушун каалашат.*

*Бирок бул муниципалитеттер үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү боюнча иштерди жарандык активисттер менен уюмдардын мойнуна толук жүктөп койсо болот дегенди билдирбейт. Жергиликтүү коомчулук менен биргеликте ушул маанилүү жана, тилекке каршы, абдан жайылган көйгөйдү чечүүнүн туура жолдорун табуу үчүн сезимтал, ийкемдүү жана креативдүү болушу керегин гана билдирет. Бул жолдор жергиликтүү коомчулуктун өзгөчөлүктөрүнө жана контекстине жараша түрдүү болушу мүмкүн. Бирок муниципалитеттер тарабынан кризистик жана реабилитациялык борборлордун, консультациялардын, баш калкалоочу жайлардын ж.б. ишине олуттуу колдоо көрсөтүүнүн натыйжалуу жолдорунун бири – бул үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу үчүн коомчулукту мобилизациялоо боюнча күч-аракеттер.*

*Мындай аракеттер өзүнө инсанды жана жүрүм-турумду, ошондой эле коомду жана коомчулукту өзгөртүүгө багытталган алдын алуу стратегияларын колдоону, иштеп чыгууну жана ишке ашырууну камтыйт. Потенциалдуу стратегиялар интенсивдүү маалыматтык кампаниялар аркылуу коомчулукту агартууну, негизги кызыкдар тараптардын ортосундагы колдоону, социалдык тармактарды чыңдаган программаларды иштеп чыгууну, зомбулукка жол ачкан социалдык ченемдерге каршы күрөшүү үчүн коомдук топторду уюштурууну жана коомчулуктун жоопкерчилигин жогорулатууну камтыйт. Коомчулукту мобилизациялоо стратегиялары үй-бүлөлүк зомбулуктун биринчи себеби болуп саналган социалдык ченемдерди жана түзүмдөрдү өзгөртүү потенциалына ээ. Коомдук лидерликти өстүрүү зомбулуктун алдын алуу боюнча узак мөөнөттүү туруктуулукту көтөрүшү мүмкүн***

* төмөнкү сайттын материалдарынан: https://womenplatform.net/knowledge/

** https://vawnet.org/material/mobilizing-communities-prevent-domestic-violence

## *Жарандардын пикирлери*

*Турак жайым жок болгондуктан, мени убактылуу «Үмүт» реабилитациялык борборго жайгаштырышты. Мен айыл өкмөтүнөн юридикалык консультация алдым, мени кийим жана тамак-аш менен камсыз кылышты. Эгерде келечекте кризистик борбор ачылса, оор кырдаалдарга туш болгон адамдардын коомго интеграцияланышына жардам берет.*

Д. Байтолоева, Теплоключенка айылынын тургуну



Кризистик борборго колдоо көрсөтүү Теплоключенка ААнын 2021-2023-жж. карата СЭӨПга киргизилген социалдык-гендердик сезимталдуулук чараларынын бири болгон. Бул чараны ишке ашыруу 2021-жылы башталган жана азыркы күндө да уланууда. Бул чараны муниципалитеттин СЭӨПга киргизүү үчүн «Турмуштук оор кырдаалда калган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы №391 токтому укуктук база болуп эсептелет. Кыргызстан БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу комитетинин (CEDAW) катышуучусу экендигин эскерте кетели. Ошондуктан Теплоключенка АӨнүн кризистик борбордун ишин колдоо боюнча ишмердиги жакырчылык жана социалдык адилетсиздик менен күрөшүүгө маанилүү салым болуп саналат.

### Ноокен районунун Масы айыл аймагынын Кызыл-Туу айылындагы бала бакчанын курулушу

Масы айыл аймагына беш айыл кирет: Богот, калкынын саны 1822 адам; Кызыл-Туу (2156 адам), Беш-Жыгач (981 адам), Апыртан (2161 адам) жана Масы (20388 адам). Аймактын жалпы аянты 2424 га.

Масы ААнын СЭӨП Долбоордун конкурсунда үчүнчү орунду ээледи. Программа Долбоордун эксперттери тарабынан социалдык жана гендердик маселелерди чечүүгө багытталган чаралар деп бааланган 30 чараны камтыйт. Инклюзивдүү багытка ээ эң так жана кызыктуу чаранын бири Кызыл-Туу айылына 75 орундуу бала бакчаны куруу болуп саналды.

Кызыл-Туу айылында бала бакчанын жетишсиздиги узак убакыттан бери абдан курч байкалган. 2018-жылдын маалыматтары боюнча мектепке чейинки билим берүүгө 239 бала муктаж болгон, анын 127и кыз жана 112си бала. Айыл райондук борбордон 4 км алыс жайгашкан, бирок айылдын жашоочулары райондук борбордо жайгашкан «Ак-Кайың», «Ак-Куу», «Алтын-Бешик» бала бакчаларына кезекке турууга мажбур. Анын үстүнө бул кезек аларга жетпеши да мүмкүн, анткени бала бакчалар райондун борборунда жашагандарды кабыл алууга артыкчылык беришет. Бала бакчанын бирине баланы киргизген күндө деле аны күн сайын эрте менен бала бакчага алып баруу жана кечинде алып келүү үчүн көп убакыт жана акча кетет. Мисалы, Кызыл-Туудан баласы «Ак-Кайың» бала бакчасына барган үй-бүлөнүн транспорттук чыгымдары болжолдуу түрдө айына 1000 сомду түзөт, ал эми баланын бала бакчадагы тамак-ашы үчүн 400 сом, б.а., жолго кеткен чыгымдар бала бакчанын айлык төлөмүнөн да ашып түшөт.

Ошентип, Кызыл-Туу айылында бала бакчанын жоктугу биринчи кезекте аз камсыз болгон жана көп балалуу үй-бүлөлөрдүн, мигрант үй-бүлөлөрдүн, ошондой эле жаш үй-бүлөлөрдүн балдарын мектепке чейинки билим берүүгө болгон жеткиликтүүлүктөн ажыратат. Алардын ата-энелери үчүн баланы бала бакчага киргизүү жана алып барууга каражат табуу кыйыныраак. Калктын аярлуу катмарынын мектепке чейинки билим берүү мекемелерине барбаган балдар биринчи класска тийиштүү даярдыксыз киришет, бул Мэтью[6] натыйжасынын иштешине алып келет жана баланын андан ары социалдашуусуна жана өнүгүшүнө терс таасир тийгизет.

Айылга бала бакча куруу зарылчылыгы СЭӨП иштеп чыгып жаткан мезгилде коомдук угууларга жана фокус-топторго катышкан жергиликтүү тургундардын көпчүлүгү тарабынан айтылды. Тургундар бул чаранын ишке ашышы балдар үчүн гана эмес, ата-энелердин да эмгекке жөндөмдүүлүгүн, ошону менен бирге үй-бүлөнүн кирешесин көтөрмөк деген ойлорун айтышты. Талкуунун жүрүшүндө ЖӨБ органдары мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүк жергиликтүү коомчулуктун курч муктаждыктарынын бири болуп жатканын аныкташты.

Кызыл-Туу айылына бала бакча куруунун тарыхы 2016-жылы башталган, «Акыйкат» айыл чарбасынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйыны өткөндө айыл өкмөтүнүн карамагына бала бакча берүү жөнүндө сунуштар бир добуштан колдоого алынган. «Акыйкат» дыйкан чарбасынын Масы айыл өкмөтүнүн карамагында турган «Акыйкат» КФХга таандык аянты 5360,0 м жер участогун берүү жөнүндө токтому айылдык кеңештин кароосунан өткөн. 2018-жылдын 19-октябрында Масы айылдык кеңешинин XXVII чакырылышынын XVII сессиясында № 1 «Мүлктү муниципалдык менчикке алуу жөнүндө» токтому кабыл алынган.

---

[6] **Мэтью же Матфей натыйжасы** (англ. Matthew effect) — артыкчылыктарды бирдей эмес бөлүштүрүү феномени, мында аларга ээ болгон тараптар аларды топтоону жана көбөйтүүнү улантышат, ошол эле убакта башкалар сыяктуу алгач чектелүү болот, көрсө ал күчтүүрөөк бөлүнөт жана кийинки ийгиликтер үчүн мүмкүнчүлүктөрү аз.


Ушундан кийин бала бакчаны куруу боюнча алгачкы кадамдар жасалган. Жергиликтүү бийлик райондук архитектура жана кадастр башкармалыгына бала бакчанын курулушуна мамакт даярдап берүү өтүнүчү менен кат жолдогон. Бала бакчанын долбоору Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун Өнүктүрүү фонду тарабынан сунушталган жана колдоого алынган.

Курулуш иштери 2019-жылдын май айында башталып, 2021-жылдын 15-декабрында бүткөн. 2022-жылдын 1-июнунда “Баластан” бала бакчасынын салтанаттуу ачылыш аземи болуп өткөн.



Бала бакча мектепке чейинки жаш курактагы балдарга тарбия берүү үчүн толук шарттар менен камсыздалган. Мекемеде үч жаш курактык топ үчүн жайлар уюштурулуп, алардын ар бири ашкана, жуунучу бөлмө жана 3 кичинекей жана 1 чоң унитазы бар ажаткана менен жабдылган.

Бөлмөлөр чакан дивандар жана тарбиячылар окуу куралдарын сактоо үчүн атайын шкафтар орнотулган. Балдар үчүн окуу жана өнүгүү үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Айыл өкмөтү тарабынан бала бакчага арча, мөмөлүү бак-дарактар жана гүлдөр белекке берилип, алар бала бакчанын аймагына отургузулду.





**Чараны ишке ашырууга кеткен чыгымдар**

Бала бакчанын курулушуна кеткен чыгымдардын жалпы суммасы 23 135 345 сомду түздү.

Бул сумманын 86,4%ын (20 000 000 сом) гранттык каражаттар түздү, ал эми Масы айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен кошулган салым 13,6%ын (3 135 329 сом) түздү.

Башкы натыйжадан сырткары - Кызыл-Туу айылынын балдары үчүн мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүктү камсыздоо, бала бакчанын курулушу менен 15 иш оруну түзүлдү, бул жумушту аялдар аркалап келе жатат, алардын сегизи буга чейин жумушсуз болушчу.

Калктын жергиликтүү бийликтин ишине болгон ишениминин жана муниципалитеттин ишин жакшыртуу боюнча кийинки чараларды пландоону жана аткарууну талкуулоого активдүүлүгүнүн көтөрүлүшү бул иштин дагы бир натыйжасы болуп калды.

## Жарандардын пикирлери

*Мурун ата-энелер бир бала үчүн 400 сом, андан тышкары жол акы үчүн 800 сом жумшап, балдарын борбордук айылга бала бакчага алып барышчу. Өзүбүздүн айылда бала бакча ачылгандан бери ата-энелер жол акы үчүн каражат кетирбей калышты. Бул айыл жери үчүн чоң сумма, ал акча эми өздөрүндө калат.*

Рахат Кадырова, "Баластан" бала бакчасынын тарбиячысы

*Кызым бала бакчага бат эле көнүп кетти, бала бакчага 2 жума баргандан кийин эле бир нече ырларды үйрөнүп алды. Биз айылыбызда бала бакча ачылгандыгына аябай кубанып жатабыз, анткени балдарыбыздын билим, тарбия алуусу жана өнүгүүсү үчүн шарттар түзүлгөн.*

Назира Арзиматова, апа

*Балдарды эрте өнүктүрүүнүн шарттары балдарга да, алардын ата-энелерине да, жадагалса, бул балдар чоңоюп жаткан бул коомго да узак мөөнөттүү таасирин тийгизет. Кичинекей балдарды толук кандуу жана дени сак өстүрүүгө колдоо көрсөтүү боюнча күч-аракеттер шаарлар жана айылдар үчүн көп жолку дивиденддерди алып келет. Мисалы, Вашингтон жаштар, үй-бүлөлөр жана билим берүү институтунун изилдөөлөрү көрсөткөндөй, кичинекей балдардын өнүгүшү үчүн салынган ар бир доллар коомго узак мөөнөттүү 7 доллар пайда алып келет[1].*

*Ата-энелерди колдоо, балдардын ден соолугун жана коопсуздугун чыңдоо, ошондой эле балдарга кам көрүү боюнча сапаттуу кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү жакшыртуу боюнча муниципалдык демилгелер кийинки жетишкендиктерге жетүүгө жардам берет.*

1. ***Келечектеги ийгиликтүү жарандар.*** *Мектепке чейинки убакта активдүү социалдаштыруу баланын мыкты психологиялык жана акыл-эстик өнүгүүсүнө шарт түзөт. Изилдөөлөр кайрылуунун базалык көндүмдөрү жана жамаатта билим алуу дал ушул эрте жылдарда калыптана тургандыгын көрсөтөт, тактап айтканда, мектепке чейинки билим берүү мекемелерине баруунун оң тажрыйбасына ээ балдарда билим алуунун кийинки этаптарына ийгиликтүү баруу ыктымалдуулугу чоң, курчап турган чөйрө менен тил табышуусу жеңил болот, бул социалдык жана психологиялык мүнөздөгү көйгөйлөргө көп учуратпайт.*
2. ***Материалдык жактан камсыздалган үй-бүлөлөр.*** *Кичинекей балдарды кароо жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү үй-бүлө институтун бекемдөөгө өбөлгө болот. Эгерде балдардын дени сак жана ишенимдүү кароодо болсо, алардын ата-энелери ишке орношуу, өзүн-өзү өнүктүрүү үчүн чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ болушат, натыйжада үй-бүлөнүн бакубатчылыгы жогорулайт.*
3. ***Компетенттүү жумушчу күчү.*** *Бала бакчага баруу балдардын мектепке чейинки даярдыгынын деңгээлин көтөрөт, мунун натыйжасында мектептер билим берүүнүн жогорку натыйжаларына жетишет жана келечекте бир топ компетенттүү жумушчу күчүн түзүүгө шарт түзөт.*
4. ***Коомчулукта көбүрөөк тынчтык жана ынтымак.*** *Мектепке чейинки билим берүүнүн сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктү кеңейткен муниципалдык демилгелер калктын бардык катмарындагы балдар үчүн бирдей "башталгыч шарттарды" түзүүгө жардам берет. Экономикалык, маданий жана этникалык айырмачылыктар бир муундан экинчи муунга көп берилет; балалык кезде мүмкүнчүлүктөрдү теңдештирүү бул айырмачылыктарды жок кылууга оң таасирин тийгизет.*

*[1]NLC Institute for Youth, Education, and Families / 1301 Pennsylvania Avenue, NW / Washington, DC 20004 / 202 626 3000 / www.nlc.org/iyef*

### Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айыл аймагынын тургундарынын аярлуу топтору үчүн катуу тиричилик таштандыларын чыгаруу кызмат көрсөтүүсүнө акы төлөөгө субсидиялар

Ысык-Көл облусунун Кызыл-Суу айыл аймагы беш калктуу пункттан турат – Кызыл-Суу (15962 адам), Жалгыз-Өрүк (1561 адам), Пристань (231 адам), Кирпичный жана Кайнар айылдары (412 адам). Аймактын жалпы аянты – 16313 га.

Социалдык жана гендердик сезимталдуулук принциптерин чагылдырган эң мыкты СЭӨПны тандоого карата уюштурулган конкурста Кызыл-Суу муниципалитети кызыктыруучу сыйлыкты алган. Аймактын 2022-2024-жж. карата СЭӨПга кирген он беш чаранын ичинен төртөө социалдык коргоо чөйрөсүнө кирген жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жеңилдиктерди жана субсидияларды берүү менен байланышкан.

Кызыл-Суу айыл аймагында 17566 тургун жашайт. Анын 8030у – эркектер, 9536сы-аялдар. Жашоочулардын 17%ы социалдык коргоого муктаж. Бул 232си аз камсыз үй-бүлө, 141и көп балалуу, 207си ата-энесинин бирөөсү жок үй-бүлө, 27си улгайган жалгыз бой адамдар, 552си майыптуулугу бар адамдар. Жашоочулардын 10%ы – жумушсуздар. Оор турмуштук абалда калган тургундар катуу тиричилик таштандыларын чыгаруу боюнча чыгымдарды төлөй алышпайт. Бул көйгөй калктын муктаждыктарын изилдөө боюнча фокус топтордогу талкууларда көп айтылган көйгөйлөрдүн бири болгон.

## *Жарандардын пикирлери*

*Мен өзүм жөлөкпул алгандыктан, айыл өкмөтүнө КТТ чыгаруунун акысын төлөөгө жеңилдиктерди берүү өтүнүчү менен айыл өкмөтүнө кайрылгам, тарифти төлөөгө менин мүмкүнчүлүгүм жок. Айылдык кеңеш мени КТТ чыгарууга субсидия алуучулардын тизмесине кошту. Бул мага абдан жардам берди, мен айыл өкмөтүнүн мындай жардамына аябай ыраазымын.*

Ирина Крыловская, Кызыл-Суу айылынын тургуну

Кызыл-Суу айыл аймагынын калкынын аярлуу катмарына жардам көрсөтүү максатында, 535 үй-бүлө КТТ чыгаруу кызмат көрсөтүүсүнө акы төлөөдөн бошотулду. КТТ тарифтерин төлөй албаган адамдардын аярлуу топтору үймө-үй кыдыруунун жана документтерди изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталды. Айыл өкмөтү тарабынан Калктын аярлуу тобуна субсидия бөлүп берүү жөнүндө жобо даярдалды; бул жобо айылдык кеңештин сессиясында бекитилди.

Субсидиялар 2022-жылдын 1-январынан тартып бериле баштаган, ал эми тизме 2022-жылдын 31-декабрына чейин жарактуу, анткени айыл өкмөтү ар бир жылы субсидия алуучулардын тизмесин жаңыртып турууну пландоодо. КТТ чыгаруу кызмат көрсөтүүсүнө акы төлөө боюнча субсидияга жергиликтүү бюджеттен 346680 сом бөлүнгөн.

*Биз КТТ чогултуу жана чыгаруу тарифин төлөө үчүн айыл өкмөттүн башчысына атайын кайрылганбыз. Субсидиялар муниципалдык ишкананын чыгымдарын жабууга жардам берет, анткени бардык эле тургундар тарифти төлөй беришпейт, социалдык жактан аярлуу топтогу адамдар үчүн бул абдан кыйын нерсе. Тарифтердин аз чогулушу көрсөтүлө турган кызматтын сапатына терс таасир этет. Социалдык-экономикалык жактан оор абалда турган адамдарга субсидияларды берүү – бул адамдарга түздөн-түз көрсөтүлгөн жардам гана болбостон, муниципалдык ишкананын ишин жакшыртканга да шарт түзөт.*

Рысбек Кененбаев, «Кызыл-Суу Тазалык» МИ директору

## Аксы районунун Ак-Жол айыл аймагынын Тегене айылындагы мектептин спорттук залынын кийим алмаштыруучу жайын жабдуу

Ак-Жол айыл аймагы тогуз калктуу пункттан турат: Ак-Жол, Жолборсту, Райкомол, Кечүү, Тегене, Кара-Тыт, Разан-Сай, Кызыл-Бейит жана Күрп-Сай. 2022-жылдын 1-январына карата берилген маалыматтар боюнча Ак-Жол ААнын калкынын саны 9344 адамды түзөт. Аялдардын саны – 4524, эркектер – 4810. Калктын социалдык курамы: пенсионерлер – 651, ДМЧА – 259, мектеп жашындагы балдар – 1611, мектепке чейинки жаш курактагы балдар – 1368, көп балалуу үй-бүлөлөр – 230, толук эмес үй-бүлөлөр – 70, мигранттардын балдары – 169, жумушсуздар – 518. Иш менен камсыз кылуу бөлүмүндө 413 жумушсуз катталган. Аймактын жалпы аянты 20,8 $км^2$ түзөт.

Ак-Жол айыл аймагынын Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы 2022-2026-жж. карата түзүлгөн. Ал так социалдык багытка ээ төрт чараны камтыйт; бул чаралардын бири жергиликтүү өз алдынча башкаруу тарабынан жаштардын жана мектеп жашындагы балдардын спорт менен алектенүү, ошондой эле бош убактысын уюштуруу үчүн шарттарды жакшыртуу көйгөйүнө абдан аяр мамиле жасала тургандыгын көрсөтүп турат.

Ак-Жол айыл аймагында 8 жалпы билим берүү мекемеси бар, анда 1611 окуучу окуйт. Окуучуларды тарбиялоодо дене тарбия жана спорт маанилүү орунду ээлейт, гармониялуу физикалык өнүгүү, т.а., мектеп окуучуларынын саламаттыгы мындан көз каранды. Мектептердеги дене тарбия сабактарынын негизги максаты — балдардын кыймыл активдүүлүгүн өөрчүтүү, мектеп окуучуларына дени сак жашоо образынын негиздерин окутуу, ошондой эле окуучуларды спорт жана физикалык көнүгүүлөрдү өз алдынча жасоого. Бул азыр абдан актуалдуу: орточо эсеп менен алганда, көптөгөн балдар аз кыймылдуу жашоо образын алып жүрүшкөндүктөн жана көп убакыттарын түрдүү гаджеттер менен өткөрүшкөндүктөн, балдарда физикалык активдүүлүктүн деңгээли төмөндөгөн.

Ак-Жол ААнын Тегене айылындагы Т.Тыныбеков атындагы мектептин спортзалы айылдын тургундары дене тарбия жана спорт менен машыга ала турган саналуу жайлардын бири болуп саналат. Спортзал мектептин өзүнүн имаратында эмес, ал менен катар жайгашкан, бул аны сабактан кийинки убакта волейбол жана баскетбол боюнча мелдештерди өткөрүү жана каалоочуларга дене тарбия үчүн колдонууга шарт түзөт. Окуу мезгилинде спортзал өз максаты менен гана колдонулат. Бирок мектептин спортзалында ыңгайлуу шарттардын, тактап айтканда, балдар жана кыздар үчүн өзүнчө кийим алмаштыруучу жайлардын жоктугу окуучулар үчүн олуттуу ыңгайсыздыкты жараткан: сабактардын ортосундагы эс алуу убактысынын узактыгы балдарга жана кыздарга кийим алмаштыруучу жайды кезек-кезеги менен колдонууга жетишсиз болгондуктан, алар кийим алмаштыруучу жайды бир убакта чогуу колдонушкан. Бул баарына, балдарга караганда кыздарга көбүрөөк ыңгайсыздыкты жараткан. Мындан сырткары, бул сабактан башка убакта спортзалда машыгууну каалагандардын санын катуу чектеген жана аялдарга кийим алмаштыруу үчүн тийиштүү шарттар жок жерде спорт менен машыгуу кыйыныраак болгон.

2022-жылы Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын ишке ашыруунун алкагында спорттук залдын жанына атайын кийим алмаштыруучу жана жуунучу жай үчүн арналган жабдуулар менен жабдылган өзүнчө бир имарат курулат жана пайдаланууга берилет.

## *Жарандардын пикирлери*

***Тегене айылына спортзал курулганы менен анда жуунучу жана кийим алмаштыруучу бөлмөлөр жок болчу, аларсыз дене тарбия менен машыгуу ыңгайсыз. Эгерде спортзал үчүн жуунучу жана кийим алмаштыруучу бөлмөлөр курулса, анда жаштар үчүн спорт менен алектенүүгө жагымдуу шарттар түзүлмөк. Мектептеги дене тарбия сабактар да жакшы шарттарда өткөрүлмөк.***

Орозбек Мырсаев, Тегене айылынын аксакалы

***Спортзалда жуунучу жана кийим алмаштыруучу бөлмөлөрдүн курулушу Тегене жана кошуна айылдардын волейбол командалары, биздин айылдын жаштары, окуучулары, ошондой эле биздин айылдын 7 аялдан турган баскетбол боюнча командасы үчүн жакшы болмок.***

Уулбүбү Токтогулова, эмгек сиңирген мугалим, айыл кеңештин депутаты

## Ысык-Көл районунун Кумбел айыл аймагынын Корумду айылындагы Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун (ҮДТ) иши үчүн имаратты кайра өзгөртүү, реконструкциялоо жана жабдуу

Ысык-Көл облусунун Кумбел АА эки айылдан турат: Корумду, калкынын саны 3 458 адам жана Булан-Сөгөттү – 1759 адам.

2022-жылдагы маалыматтар боюнча калктын социалдык жактан аярлуу катмары: улгайган адамдар – 652 адам (312 эркек жана 340 аял), өспүрүмдөр – 753 (375 бала жана 378 кыз), аз камсыз болгон үй-бүлөлөр – 178 (жакыр үй-бүлөлөрдүн саны ААдагы кожолуктардын жалпы санынын 15,2%ын түзөт), көп балалуу үй-бүлөлөр – 53, пенсионерлер – 438 (168 эркек жана 270 аял).

Стратегиялык пландоо документтеринде Кумбел АА тарабынан Долбоордун Социалдык жана гендердик сезимталдуулук чараларын жайылтуу боюнча конкурсуна берилген Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы алты кызыктыруучу байгенин бирин алган. 2022-жылдан 2024-жылга чейинки мезгилге карата түзүлгөн программа эксперттер тарабынан социалдык-гендердик багытка ээ деп бааланган, анын ичинде Корумду айылындагы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун (ҮДТ) ишин уюштуруу үчүн материалдык-техникалык базаны жакшыртуу жана көчөлөрдү жарыктандыруу сыяктуу алты чараны камтыйт.

Саламаттыкты сактоо мекемелеринде шарттардын начардыгы коомдун толук кандуу жашоосу үчүн олуттуу коркунуч болуп саналат. Бул тастыктоо 2020-жылдагы пандемия учурунда жана калк сапаттуу саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнө өзгөчө муктаж болгон андан кийинки убактарда да далилденген.

Корумду айылында ҮДТ совет мезгилинде колхоздун администрациясы катары долбоорлонгон имаратта өз ишин жүргүзөт. Имарат эскирген жана көптөгөн жылдардан бери авариялык абалда турат. Жамгыр жааганда чатыры менен шыбынан суу катуу түшөт, кызматкерлер сууга челек же тепши коюп иштешет. Имараттагы эмеректердин бардыгы эскирген. Мындан сырткары, имараттын жылуулук системасы жарактан чыккан, кышында температурасы көчөнүн температурасы менен бирдей болот. ҮДТнын имараты ыйлай турган абалда болгондуктан, ийне же тамчылатма ийне саюу сыяктуу жөнөкөй иштер жергиликтүү калк үчүн чоң кыйынчылык жараткан. Адатта, бул жагдайдан көбүнчө улгайган бейтаптар, аялдар менен балдар жабыркаган. Көпчүлүк учурда айылдын тургундары медициналык жардам үчүн коңшу айылдарга, Чолпон-Ата шаарына же жергиликтүү санаторийлер менен пансионаттарга кайрылышкан.

ҮДТда балдар дарыгеринин жоктугу жергиликтүү тургундар үчүн кошумча кыйынчылыктарды жараткан. Балдар ооруп калган учурларда ата-энелер балдарын коңшу айылдарга алып барышкан; транспорту жоктор өтүп бара жаткан транспорттор менен катташат.

Толук курулуп бүтпөгөн мончонун имаратын ҮДТ имаратына кайра өзгөртүү жана реконструкциялоо, жалпы саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу зарылчылыгы калктын муктаждыктарын изилдөө боюнча өткөрүлгөн фокус топтордун бардык катышуучулары тарабынан айтылды. СЭӨП түзүү учурунда бул чаранын аткарылышынын артыкчылыктуу жана актуалдуу экендиги ачык-айкын болгон.

Бул көйгөйдү чечүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары айылдык кеңештин макулдугу менен Корумду айылындагы толук бүтө элек мончонун имаратын фельдшердик-акушердик пунктка кайра өзгөртүштү, мында үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу жайгашат (ҮДТ). Азыркы учурда даярдык иштери аяктады, ҮДТ калкты тейлөөгө киришти.


ҮДТнын жаңы корпусунун кабинеттери абдан таза, жарык жана жылуу. Курулуш процессинде бардык заманбап техникалык талаптар эске алынды. Ар бир кабинетте ысык жана муздак суусу бар раковина орнотулган; имаратта ажаткана жана жуунучу бөлмө бар, жуучу

жана дезинфекциялоочу каражаттар менен үзгүлтүксүз камсыздалат. Кош бойлуу аялдарды, жаңы төрөлгөн ымыркайларды жана наристелерди, улгайган адамдарды кабыл алуу үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

ҮДТ кызматкерлери калкка жалпы медициналык кызматтарды көрсөтүшөт. Мындан тышкары, айылдын тургундарына жа башка айылдан келгендерге стоматологиялык кызматтарды көрсөтүү үчүн өзүнчө жай каралган. Айылдын саламаттыкты сактоо комитетинин (АСК) кызматкерлерине да бардык шарттары бар өзүнчө жай берилген.

Келечектеги план – УДИ адисин, балдар дарыгерин жалдоо, кошумча жабдууларды сатып алуу, калкка көрсөтүлгөн кызматтардын тизмегин андан ары кеңейтүү.







## *Жарандардын пикирлери*

*ҮДТнын эски имараты толук жараксыз болуп калган болчу. Жылуулук жок болгондуктан, кышында аябай суук эле. Күзүндө жана жазында чатырынан тамчы түшчү. Ошондуктан мен ал жакка барчу эмесмин. Эгер дарыланышым керек болсо, медиктер менен келишип, алар үйүмө келип дарылашчу же "Аврора" санаторийине барып дарыланчумун, ал жакта да дарыгерлер иштейт. Ал жактан дарылансаң да, үйгө чакырып дарылансаң да көп акча кетчү. Ал эми азыркы жаңы имарат абдан жакшы. Күтүү үчүн орундар бар, дарыгерлердин кабинеттери таза, имараттын ичи жылуу жана мыкты. Дарылануу ыңгайлуу жана арзан.*

Бейшеке Рысалиев, пенсионер, Корумду айылынын тургуну

**Чараны ишке ашыруунун наркы жана мөөнөтү**

Бул долбоорду ишке ашыруу 2022-жылдын 20-апрелинде башталган жана 2024-жылга чейин уланат. ҮДТнын имаратын жабдуу боюнча иштердин расмий аякташы 2024-жылдын 15-майына пландалган.

Кайра өзгөртүү жана курулуш иштери тендердин негизинде аткарылды жана 3 726 716 сомду түздү; бул каражаттар Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунан алынды. ҮДТнын имаратын

даярдоо, ички жабдуу, аймактарын көрктөндүрүү, эмерек жана медициналык жабдууларды (кургатуучу шкаф, УДИ аппарат ж.б.) сатып алуу үчүн жалпы смета 4 487 716 сомду түздү.

**Социалдык маанилүүлүк**

Бул чаранын социалдык маанилүүлүгү абдан жогору. ҮДТнын бейтаптарынын көпчүлүгү – бул тигил же бул аярлуу топко кирген адамдар: улгайган адамдар, кош бойлуу аялдар жана балдар. Жарандардын бул тобуна жеткиликтүү кесипкөй медициналык жардам керек. Адатта, аларга алыста жайгашкан медицина мекемелерине жетүү баарынан кыйын. Корумду айылындагы ҮДТны колдоого алуу жана эң көп талап кылынган кызматтарды көрсөтүү бул жарандардын жашоосун олуттуу жеңилдетет. ҮДТнын имаратында түзүлгөн ыңгайлуу шарттар да социалдык мааниге ээ: жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алардын муктаждыктарын эске алып жаткандыктарын жана алардын жашоо шарттарын жакшыртуу үчүн күч-аракет жумшап жатышкандарын сезишет. Ошону менен бирге айыл өкмөтү иш-чаранын пландоо, иштеп чыгуу этабында социалдык жана гендердик сезимталдуулукту көрсөттү: жергиликтүү тургундар менен баарлашууларды жүргүздү, алар менен жергиликтүү өнүгүүнүн артыкчылыктары боюнча макулдашты, биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү тобун түздү. Бул калктын бардык катмарындагы жарандарга өз муктаждыктарын жана керектөөлөрүн айта билүүнү үйрөнүүгө жана өзүн коомдун өнүгүү процессинин толук кандуу катышуучусу экенин сезүүгө мүмкүндүк берди.

### Ысык-Көл районунун Кумбел айыл аймагынын Корумду жана Булан-Сөгөттү айылдарынын көчөлөрүн жарыктандыруу

Көчөлөрдү жарыктандыруу жарандардын коопсуздугун камсыздоо жана кырсыктардын алдын алуу үчүн керек. Корумду жана Булан-Сөгөттү айылдарынын борбордук көчөлөрүнүн боюна 102 жарыктандыруучу лампа орнотулду, жыл сайын жергиликтүү бюджеттен бул максаттарга 150 000 сом сарпталат. Бирок ички көчөлөрдө (анын ичинде 250дөн ашык адам (110 аял жана кыздар, 2 тоголок жетим, 20 улгайган адам, 3 майыптуулугу бар бала, ошондой эле 130 мектеп жашындагы бала жашаган Садатканов чоң көчөсүндө) жарыктандыруу жок, бул ыңгайсыздык эле болуп саналбастан, коркунучтун да булагы болуп эсептелет. Караңгы эрте түшкөн, жарык кеч кирген күз-кыш мезгилинде тургундар жумушка, окуучулар мектепке караңгыда барууга туура келет жана караңгыда үйгө кайтышат. Караңгы көчөлөрдө тайгаланышат жана башка коркунучтар: үйлөрдө же дүкөндөрдө түнкү карактоолор катталат, буга жарыктандырылбаган көчөлөр себеп болот. Көчөлөрдү жарыктандыруу маселеси жергиликтүү тургундар тарабынан айылдаштардын жыйындарында жана коомчулуктун муктаждыктарын изилдөө боюнча өткөн жолугушууларда көп жолу көтөрүлгөн. Ошону үчүн ал артыкчылыктуу чара деп табылган жана көчөлөрдү жарыктандыруу кызмат көрсөтүүсүн жакшыртуу чарасы Кумбел ААнын СЭӨПга киргизилген.

Бул көйгөйдү чечүү үчүн жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүнө жараша жарыктандырууну этап-этабы менен жүргүзүү пландалууда. 2022-жылы Садатканов көчөсүн жарыктандырууга бюджеттен 100 000 сом бөлүү каралган. Жыл сайын СЭӨПны ишке ашыруунун алкагында бул чараны жүзөгө ашырууга кошумча каражаттар бөлүнөт.

Азыркы учурда төмөнкү кадамдар ишке ашырылды:

- Садатканов көчөсүн жарыктандыруунун долбоордук сметасы түзүлдү;
- Чолпон-Ата райондук электростанциясынан (РЭС) уруксат алынды;
- тендердик документтер даярдалды жана Садатканов көчөсүнүн бойлоруна 25 түркүктү жана көчөлөрдү жарыктандыруучу лампаларды орнотууга тендер жарыяланды.

Кийинки кадамдар - тендердин жеңүүчүсүн аныктоо жана келишим түзүү, айылдын жарандарынын атынан иштердин жүрүшүнө мониторинг жүргүзгөн БМЖБ (биргелешкен мониторинг жүргүзүү жана баалоо) тобунун курамын бекитүү жана бүткөн иштерди кабыл ала турган кабыл алуу комиссиясынын курамын түзүү.

Кийинчерээк Корумду жана Булан-Сөгөттү айылдарынын чоң көчөлөрүнүн бойлору жарыктандырылат.

**Чараны ишке ашыруудан күтүлүүчү натыйжалар**

Бул чараны ишке ашыруу айылдаштарга өздөрүнүн мезгилдүү кирешелерин көбөйтүүгө жардам берет, анткени Корумду айылы курорттук зонада жайгашкан. Бул жакка жыл сайын 1000ге жакын эс алуучу келет. Кечки сейилдөө үчүн жагымдуу шарттар, түнкүсүн көчөдө жүрүүнүн коопсуз болушу көп конокторду тартууга жардам берет, бул өз кезегинде аларды кабыл алуучу айылдаштардын үй-бүлөлүк кирешелерин көбөйтөт.

Бул чаранын инклюзивдүү багыты көчө жарыктандыруусунун жоктугу менен белгиленет, адатта, биринчи кезекте эң аярлуу тургундар жабыркашат: мектепке чейинки балдарды бала бакчага ташыган иштеген энелер (кышында караңгы кирип калат), мектепке жөө барган окуучулар, түндөсү ыкчам медициналык жардамга муктаж болгон оорулуу адамдар.

*Көчөлөрдү жарыктандыруу коомчулуктун жашоо сапатын көтөрүү үчүн чоң мааниге ээ. Ал калктуу пункттарда коопсуздукту камсыздоонун башкы шарттарынын бири болуп саналат; ошондой эле активдүү ишмердикти жүргүзүү үчүн жарыкты жасалма жол менен узартуунун эсебинен жарандардын социалдык жана экономикалык активдүүлүгүнүн өсүшүнө шарт түзөт.*

*Көчөлөрдү жарыктандыруу айдоочулардын, жүргүнчүлөрдүн, велосипедчендердин жана жөө жүргүнчүлөрдүн коопсуздугун жогорулатат. Караңгыда жүрүү коркунучтуураак – жеңил автоунааалардын айдоочуларынын бардык сапарларынын төрттөн бири гана 19:00дөн 8:00гө чейинки убакытка туура келет, бирок бул мезгил каза болгондордун жана оор жаракат алгандардын 62%ына туура келет*.*

*Жол кыймылынын жөө жүргүнчүлөрү жана аярлуу катышуучулары да караңгыдагы көрүүнүн начардыгынан жабыркайт, т.а., жаракаттарды алуу ыктымалдуулугу жогорулайт.*

*Мындан сырткары, көчөлөрдү жарыктандыруу кылмыштардын (карактоо, тоноо) санын олуттуу азайтат.*

*Ал локалдык деңгээлде экономиканын өсүүсүн да шарттайт: дүкөндөр узагыраак иштейт, жарандар караңгы түшкөндө кийин да активдүү ишмердикти уланта алышат.*

*Жыйынтыктап айтсак, көчөлөрдү жарыктандыруу ыкчам аракеттерди талап кылган критикалык кырдаалдарда абдан маанилүү: ал оор оорулуу үчүн чакырылган дарыгерлерге, өрт өчүрүүчүлөргө, милиционерлерге, газ кызматынын жумушчуларына ж.б. жардам берет.*

______________________________

* Түнкү кырсыктардын жана окуялардын изилдөөсү (Night-time accidents, a scoping study; Report to AA Trust; H. Ward et al, UCL http://discovery.ucl.ac.uk/1428/

## *Жарандардын пикирлери*

*Бул жылы биздин көчөдө жаңы жашоо башталат деп айтсам болот. Мурун Орозов борбордук көчөсүндө гана жарык бар болчу. Биздин көчөгө алып келише элек болчу. Эми биздин көчөдө да жарык пайда болду. Бул биздин көчөдө жашагандар үчүн абдан сонун жаңылык. Эми кечинде жарыктандырылган көчөдө коркпой жүрө алабыз. Менде идея пайда болуп жатат: кечинде кошуналар менен сүйлөшүп отуруу үчүн кооз отургучтарды орнотуп коюу керек.*

*Айыл өкмөтү акырындык менен башка көчөлөрдү да жарыктандыра тургандыгын айтты. Эгерде алардын айтканы аткарылса, биздин жашоо коопсуз жана жагымдуу болот. Ушундай болоруна ишенем.*

Талант Жакыпов, Садатканов көчөсүнүн тургуну

## Мейкиндиктерге жеткиликтүүлүк

### Токтогул шаарындагы фитнес-залды жана спорт аянтчасын жабдуу

Токтогул шаарында жашаган калктын жалпы саны 20232 адамды түзөт, анын 10231и аялдар.

Шаардын Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы 2021-2025-жж. карата түзүлгөн. Анда камтылган чаралардын 14ү социалдык-гендердик сезимталдуулук чаралар деп табылган (1-тиркемени караңыз). Токтогул ш. СЭӨПсы Долбоордун конкурсунда экинчи орунду ээлеген. Жалал-Абад облусунун Токтогул шаарынын мэриясы Долбоордун ЖӨБ органдарынын максаттуу муниципалитеттеринин ичинен жалгыз шаар муниципалитети болуп саналат.

Шаар тургундарынын көпчүлүгү жумуштан сырткаркы бош убакыттарда үйдө олтурушат, анткени шаарда эс алуу уюштура турган коомдук мейкиндиктер дээрлик жок. Бул фактты, ошондой эле экологиялык кырдаалдын глобалдык начарлоосунан улам калктын саламаттыгын сактоо артыкчылыктуу өнүгүү багыты болуп калгандыгын эске алып, көптөгөн аял тургундар жолугушууларда аялдар бош убакыттарын пайдалуу жана ырахаттануу менен өткөрө ала турган жайларды түзүү тууралуу пикирлерин айтышты.

Шаарда дене тарбия менен машыга турган бир нече спортзалдар бар. Бирок бардык залдардын кызмат көрсөтүүлөрү акылуу жана аларга каражаты бар гана аялдар бара алышат. Ошол эле убакта 2022-жылдагы маалыматтар боюнча Токтогул ш. оор турмуштук жагдайда турган 220 аял жашайт. Алар биринчи кезекте жаңы форматтагы кызмат көрсөтүүлөргө жана коомдук жайга муктаж.

2021-2025-жж. карата Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын ишке ашыруунун алкагында Токтогул шаарынын сейил багынын кеңсесинин базасында 2022-жылдын сентябрь айынан тартып аялдар үчүн фитнес-зал иштеп баштады. Бул аянты 50 $м^2$ түзгөн кенен жана жарык зал. Зал 2 зонага бөлүнгөн: дарылык дене тарбия (ДДТ) зонасы жана велотренажер жана чуркоочу жолчо менен жабдылган фитнес зонасы.

ДДТ зонасында аялдар спорттук мектептен чакырылган машыктыруучу менен биргеликте дарылык дене тарбия менен алектенишет. Тренажердук машыгууларды атайын жабдуулары бар машыктыруучу жумасына бир жолу өтөт. Башка күндөрү аялдар машыктыруучулардын сунуштарын эске алуу менен өз алдынча машыга алышат.

Фитнес-зал чыңдоочу милдетти аткарышы талашсыз, ошону менен бирге ал бош убакытты өткөрө турган, аялдардын баарлашуучу жана социалдашуучу жайы катары да каралган.

Бул чараны ишке ашыруунун бюджети 200000 сомду түздү: 150000 сому тренажерлорду сатып алууга жана 50000 сому залды жалпы жабдууга. Мындан тышкары, жергиликтүү бийлик тарабынан машыктыруучулардын кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөнүн чыгымдары үзгүлтүксүз жүргүзүлөт.

Долбоордун социалдык инклюзивдүүлүк жана гендердик теңдик принциптерин чагылдырган эң мыкты СЭӨП карата уюштурулган конкурста экинчи орунду ээлегендиги үчүн Токтогул ш. мэриясы 150000 сом суммасындагы товардык байге алган. Бул суммага Долбоор велотренажер жана чуркоочу жолчо сатып алып, аны мэрияга тапшырган. Ошентип, жергиликтүү кеңештин бюджетинен кошумча спорт буюмдарын (топтор, секиргичтер, маттар, турниктер, стептер) жана эмерек сатып алууга пландалган каражаттар үнөмдөлдү.

*Азыркы күндө, өзгөчө COVID глобалдык пандемиясынын учурунда коом өнөкөт оорулардын санынын өсүү көйгөйүнө туш болууда. Физикалык активдүүлүктүн начардыгы саламаттык менен байланышкан көптөгөн көйгөйлөрдүн негизги себеби болуп саналат. Физикалык активдүүлүк балдардын жана жаштардын дени сак өсүшү үчүн өзгөчө маанилүү, ал улгайган адамдардын өзүн жакшы сезүүсүнө жардам берет. Мындан тышкары, биргелешкен физикалык активдүүлүк социалдаштыруу, туруктуу чөйрөнү түзүү, адамды белгилүү бир коомчулук менен идентификациялоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.*

*Активдүү жашоо образы шаарлардын экономикалык өсүүсүнө жана социалдык биримдигине оң таасирин тийгизет. Калктын физикалык активдүүлүгүн көтөрүү тарбиялык да зор мааниге ээ: балдар улуулардын дене тарбия жана спортко туруктуу көңүл бургандыгын көрүп, дене тарбия сабактарын жашоонун бир бөлүгү катары кабыл ала башташат.*


*Калктын физикалык активдүүлүгүнө жана саламаттыгын чыңдоого көмөктөшүү бардык деңгээлдеги башкаруунун катышуусун жана кызматташуусун талап кылат, бирок дал ошол жергиликтүү бийлик органдары физикалык активдүүлүк жана активдүү жашоо образы үчүн чөйрө жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө чечүүчү ролду ойнойт.*

*Физикалык активдүүлүк үчүн калктын бардык катмарына арналган жеткиликтүү жайлардын жоктугу адатта көбүнчө жагымсыз абалда тургандарга, өзгөчө кирешеси аз адамдарга таасирин тийгизет, анткени алар жеке спортзалдарга барууга чыгымдарды таба алышпайт. Ошондуктан жергиликтүү өнүгүү стратегиялары жана пландары бардык жаш курактагы, бардык социалдык шарттардагы адамдардын жана калктуу пункттардын ар түрдүү бөлүктөрүндө жашаган адамдардын, өзгөчө калктын аярлуу топторундагы адамдардын физикалык активдүүлүгүн көтөрүүгө багытталышы керек.*

## *Жарандардын пикирлери*

*Аялдарга бош убакыттарын ырахаттануу жана пайдалуу өткөрүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөндүктөн, биз эми мурункудан да активдүүрөөк жана позитивдүүрөөк боло баштайбыз жана биздин шаарда жашоону кантип жакшыртууга боло турган долбоорлорду ойлоно баштайбыз.*

Бердигуль Жээнтаева, Токтогул ш. активисти



### Жети-Өгүз районунун Светлая Поляна айыл аймагындагы мектептин аймагын көрктөндүрүү

Ысык-Көл облусунун Светлополянский айыл аймагы эки айылдан турат: Светлая Поляна айылы, калкынын саны 3034 адам жана Чоң-Кызыл-Суу айылы, калкынын саны 1326 адам. Аймактын аянты 8301 га.

Светлая Поляна АА Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы Долбоордун конкурсунда биринчи орунду алган. Көз карандысыз эксперттер конкурстук өтүнмөлөргө баалоо жүргүзүүдө калктын муктаждыктарын аныктоо боюнча жүргүзүлгөн иштердин ири көлөмүн, жергиликтүү бийликтин аймактын тургундарынын пикирлерине болгон ачыктуулугун, ошондой эле Светлополянский АА СЭӨПда түрдүү багыттар боюнча 26 инклюзивдүү чара кенен сыпатталгандыгын, алардын айрымдарына ишке ашыруу пландары иштелип чыгып, тиркелгендигин белгилешкен.

Светлая Поляна айылында А. Алыбаков атындагы жалпы билим берүү мектебинде 540 окуучу окуйт: 241 кыз жана 299 бала. Алардын ичинен майыптуулугу бар балдар - 13, аярлуу топтордун балдары – 47, жетимдер жана жарым-жартылай жетимдер – 38. Мектептин аймагы тосулган эмес жана асфальт аллеялар жок, ошондуктан жамгырдан кийин мектептин аймагынын бардыгы баткак болот, ал эми кургак аба ырайы учурунда абдан чаңдайт. Натыйжада мектептин санитардык-гигиеналык абалы начарлаган: окуучулар мектепке келгенде бут кийимдеринин тамандарына баткактарды илештирип келишет, аны коридор жана бардык класстык бөлмөлөргө чейин алып киришет. Бул көйгөйдү жоюу аракетинде мугалимдер жок дегенде окуучулардын класска кирүүсүнүн алдында бут кийимдерин тазалоо үчүн атайын убакыт бөлүүгө мажбур, бирок бул сабактарга бөлүнгөн убакытты кыскартат. Сабактын алдында буга болгону 5-10 минута убакыт кеткени менен окуу убакытынын ар бир күнү кыскарышы билим берүүнүн натыйжаларына терс таасирин тийгизет. Мындан сырткары, мектептин кир аймагы экономикалык жана социалдык мүнөздөгү көйгөйлөрдү жаратат: көптөгөн ата-энелер окуучулардын кийимдеринин аябай кир болушу, алардын бут кийимдери тез жарактан чыгышы, жамгырлуу аба ырайында бут кийимдеринин суу болушу тууралуу даттанышат.

Мектептин аймагынын периметр боюнча тосмосунун жоктугу – бул мектеп үчүн дагы бир олуттуу көйгөй. Бул жакка малдар көп кирип, жерлердин, чөптөрдүн жана гүлдөрдүн баарын тебелеп салышат, бак-дарактар жабыркайт. Бул мектептин аймагынын тышкы көрүнүшүн гана начарлатпастан, коопсуздук үчүн да коркунуч жаратат: жаныбарлар мында ысык күндөрү курт-кумурскалардын көбөйүшүн чакырган экскременттерин калтырат, бул оорулардын булагын пайда кылышы мүмкүн.

Тургундардын айыл өкмөтүнө бул маселе тууралуу көп кайрылууларынын жана жумушчу топ менен болгон жолугушууларда айтылган пикирлеринин негизинде мектептин аймагын жакшыртуу зарылчылыгы Светлая Поляна ААнын СЭӨПда аймакты өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири катары белгиленген.

Айыл аймактын СЭӨПнын алкагында бул чара ишке ашырыла башталган; аны 2024-жылы бүтүрүү пландалууда. Азыркы учурда А. Алыбаков атындагы мектептин мамлекеттик каттоо документтеринин жана техникалык паспортунун жоктугунан улам бул чараны аткаруунун мөөнөтү узак мөөнөткө коюлган. Бул документтерди мамлекеттик каттоо бөлүмдөрүнөн алуу керек. Андан кийин мектептин аймагын тосуунун жана аллеяны брусчатка менен төшөөнүн сметасын түзүп, кемчиликтүү акт жасап, долбоордун наркын эсептеп чыгуу зарыл. Долбоордук нарктын негизинде жергиликтүү бюджеттен 2023-жылы каражаттар бөлүнөт. Азыркы убакта Светлополянский ААнын ЖӨБ органдары кошумча каржылоо булактарын тартуунун үстүндө активдүү иштеп жатышат, жергиликтүү бизнес коомчулукта жана мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн арасында демөөрчүлөрдү издөөдө. Тийиштүү каражаттар чогулгандан кийин тендердин негизинде долбоордук иштерди аткаруу үчүн курулуш компаниялары тартылат.

Азыркы күндө төмөнкү даярдоо иштеринин түрлөрү аткарылды:

- эски куураган дарактар алынып салынды;
- тирүү дарактарга тийиштүү бутоо жүргүзүлдү;
- тосмолор жайгаштырыла турган жерлердеги участоктор тазаланды;
- участоктор пландалды, аллея жана асфальт аянтчалар жайгаша турган жерлер аныкталды;
- мектептин аймагына 25 карагайдын жана 10 туянын көчөттөрү отургузулду;

Эски дарактарды бутоо жана жаңы көчөттөрдү отургузуу мектептин техникалык персоналдары тарабынан аткарылды.

*Биз жергиликтүү бийлик мектептин аймагын көрктөндүрүүгө көңүл буруп жаткандыгына кубанычтабыз. Мугалимдер дайыма сабактардын алдында окуучулардын кийимдери менен бут кийимдерин тазалоо зарылчылыгынын окуу процессине терс таасир тийгизет деп даттанышчу. Мындан сырткары, мектептин администрациясында тосмо жок болгондуктан, мектептин короосуна койлорун жана уйларын коюп жиберген мектепке жакын жайгашкан үйлөрдүн жашоочулары менен бир нече жолу конфликттер болгон. Эгерде мектептин айланасына тосмолорду тосуп, аймагына жолчолор жана аянтчалар төшөлсө, анда балдардын мектепке келишине жагымдуу жана коопсуз болмок. Албетте, айылда башка көйгөйлөр көп, бирок балдар жакшы шарттарда билим алышы үчүн баарынан мурун аларга кам көрүү маанилүү деп эсептейм. Алар биздин келечегибиз, жергиликтүү бийлик аларга кам көрүп, алардын көйгөйлөрүн чечип берип жаткандыгын көрүшсүн. Ошондо алар чоңойгон кезде да бийликтен өз укуктарын сактоону талап кыла алышат.*

Абдылдаева Касиет Калчаевна,
А. Алыбаков атындагы мектептин директору



## Жети-Өгүз районунун Даркан айыл аймагында кылдуу музыкалык аспаптарда ойноо ийримдерин ачуу

Ысык-Көл облусунун Даркан АА бир айылдан турат. Даркан айылынын калкы 7318 адамды (3602си эркектер, 3716сы аялдар) түзөт. Мектепке чейинки жаш курактагы балдар – 1086, мектеп жашындагы балдар – 2281. Айылдын аянты - 693 га.

Даркан АА СЭӨПсы 2022-2024-жж. карата түзүлгөн. Анда калкты социалдык коргоо, ТКЧ, мектепке чейинки билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият сыяктуу багыттар боюнча 13 инклюзивдүү чара көрсөтүлгөн.

Даркан айылында эки орто жалпы билим берүүчү мектеп иштейт, анда  1380 окуучу билим алат жана 92 мугалим иш алып барат.

Мектептеги музыка сабактары балдарга болгону музыкалык искусство жөнүндө алгачкы маалыматтарды берет, негизинен балдарга ырлар үйрөтүлөт. Музыка башталгыч класстардын окуу программасына гана киргизилген; чоң класстарда бул сабак такыр жок.

Музыкага кызыккан жана кандайдыр бир музыкалык аспапта ойноо көндүмүнө ээ болгусу келген балдар өздөрүнүн хоббилери менен алектенүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан эмес, анткени башталгыч класстардын мугалимдеринин арасында музыкалык аспаптарда ойноону үйрөтө турган мугалимдер жок. Райондук борбордо музыкалык ийримдер бар, бирок көпчүлүк ата-энелер балдарынын жол акыларына кошумча каражаттарды таба алышпайт, анын үстүндө башталгыч класстардын окуучулары жаш болгондуктан, чоң адамдардын коштоп жүрүүсүн талап кылат.

Балдарда музыка менен алектенүү жана музыкалык аспапта ойноону үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу көйгөйү жумушчу топтун айылдын тургундары менен болгон жолугушуусунда аныкталды. Жолугушууда айылдын тургундары мектептерде музыкага кызыккан жана комузда ойноону үйрөнгүсү келген балдардын санынын көп экендиги айтылды.

Даркан АА Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын аткаруунун алкагында жергиликтүү Маданият үйү тарабынан комуз жана гитарада ойноону үйрөнүү ийримин уюштуруу үчүн жай бөлүнүп берилди. Имаратка тийиштүү оңдоп-түзөө жүргүзүлдү; ийрим тийиштүү жабдуулар жана музыкалык аспаптар менен жабдылды.



Туруктуу иштеген музыкалык ийримдин ачылышы жөнүндө Даркан айылынын тургундарына, өзгөчө окуучулар менен алардын ата-энелерине маалыматтык дубал гезиттер, коомдук жыйналыштарда оозеки айтуу, жергиликтүү коомчулуктун WhatsApp-чаттары, мугалимдер жана жергиликтүү активисттер аркылуу маалымат берилет.

КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 “Мамлекеттин көзөмөлүндөгү чарба жүргүзүүчү субъекттердин товарларына (иштерине, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык, ийримге катышуунун эсептик

наркы коомдук угууларда талкууларга киргизилди. Макулдашылган баа жана жеңилдиктер, ошондой эле маданий ийрим ишмердигин жүргүзүүнүн ченемдери жана стандарттары Айылдык кеңеш тарабынан бекитилет. Ийримге жазуу жана катышуу үчүн кошумча колдоону талап кылган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн жана башка аярлуу топтордун балдары менен кыздарын аныктоо пландалууда. Ийримдеги сабактар бул топтор үчүн акысыз болот.



Даркан айылынын администрациясы ийримдин эки мугалими менен келишим түзөт. Мугалимдер жана ийримдин ар бир мүчөсүнүн ата-энесинин ортосунда жеке макулдашуулар түзүлөт, бул айылдык башкарма тарабынан каттоого алынат. Долбоордун сунуштамаларына ылайык, айылдын окуучуларынын музыкалык ийримдерге жеткиликтүүлүгүн камсыздоо максатында кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча иш-аракеттердин планы (КЖИП) иштелип чыгат. Кийин акырындык менен кылдуу, баскычтуу, үйлөмө жана урма аспаптарды сатып алуу жана окутуучуларды кызматташууга чакыруу менен жеткиликтүү музыкалык аспаптардын спектрин кеңейтүү пландалууда.

**Чараны ишке ашыруунун мөөнөтү жана наркы**

2022-2023-окуу жылынын ичинде ийримдерди ачуу пландалууда. Азыркы убакта даярдык иштери жүрүп жатат: бардык техникалык стандарттарды сактоо менен имаратты оңдоо (зарыл акустика өзгөчө көңүл бурууну талап кылат), 400 000 сомго аспаптарды, эмеректерди (стол, стулдар) сатып алуу. Бул каражаттар жергиликтүү бюджеттин эсебинен бөлүндү.

**Күтүлгүчү натыйжалар**

Даркан айылында жеке музыкалык ийрим райондук борбордогу музыкалык ийримдерге балдарын ташыган үй-бүлөлөрдүн чыгымдарын кыскартат. Айылда балдар үчүн ийримдин пайда болушу менен кызыгуу жана өзүнүн музыкалык жөндөмдүүлүгүн колдонуу мүмкүнчүлүктөрү жаралат, көптөгөн балдарда музыкага болгон кызыгуу пайда болот, бул айылдагы маданияттын деңгээлин жогорулатат. Ийримдин катышуучулары убакыттын өтүшү менен ар кандай коомдук иш-чараларга катышып, райондук, облустук жана республикалык деңгээлдердеги музыкалык конкурстарда Даркан айылын таанытышат жана башка окуучуларга дем беришет. Салттуу аспапта – комузда ойноо элибиздин маданий мурасын сактоого, аны өсүп келе жаткан муундарга өткөрүп берүүгө жардам берет, ал эми башка аспаптар менен тааныштыруу айылдын окуучуларына заманбап маданий мейкиндикке чыгууга шарт түзөт.

Мындан тышкары, музыкалык ийрим башталгыч этапта эки иш ордун түзөт; кийин мугалимдердин штатын чоңойтуу пландалууда.

Жыйынтыктап айтсак, айылдын көптөгөн жаш тургундарында өзүн-өзү өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү пайда болот, ийрим алардын жекече калыптанышын маданият жана искусствонун агымына багыттап, музыканы жашоодогу чакырык кылып, адамдык өнүгүшүнө түрткү берет.

## *Жарандардын пикирлери*

*Мен гитарада ойноону кыялданам, мага анын үнү жагат. Менин байкем мага бир аз үйрөткөн, бирок мен дагы үйрөнгүм келет. Бизде ийрим ачылса, мен сөзсүз жазылам. Үйрөнүүгө абдан аракет кылам, эгер жакшы үйрөнүп алсам, келечекте кесипкөй музыкант болом. Музыка адамдарга жардам берет. Кыйын мезгилдерде маанайды көтөрөт.*

Айзирек Кутманова, 13 жаш, Даркан айылынын тургуну

*Биздин айылда комузда ойноо ийрими ачылса, балдарыбыз музыка менен алектенүү үчүн 11 км жол жүрбөй калышат эле. Дагы бир маселе - бул балдардын коопсуздугу. Мен ойлойм, ийрим балдарыбыздын көптөгөн таланттарын ачып, алардын дүйнө таанымын өстүрөт.*

Рахат Кудайбергенова, Даркан айылынын тургуну

## Ак-Суу районунун Октябрь айыл аймагына балдар аянтчасын куруу

Октябрь АА 1338 үй чарбадан турат; 2022-жылдагы маалыматтар боюнча анда 7147 адам жашайт. Ысык-Көл облусунун Октябрь аймагы Октябрь (1882 адам), Жолколот (2 873 адам), Отуз-Уул (1352 адам) жана Үч-Кайнар (1040 адам) айылдарын бириктирет. Аймакта 3567 аял жана 3580 эркек жашайт. 16 жашка чейинки балдардын саны – 1973, 65 жаштан улуулар – 760. Жумушсуздар – 820, алардын ичинен иш менен камсыздоо органдарында каттоодо тургандар – 124 адам. Октябрь ААнын калкы Ак-Суу районунун калкынын жалпы санынын 12%ын түзөт.

Үч-Кайнар айылынын жаштарынын өтүнмөсүнө жооп катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан 2021-жылы спорттук комплекстин жана кичи футбол талаасын куруу үчүн жер участогу бөлүнүп берилген. Ошол эле 2021-жылы Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунан бул максаттар үчүн 1 200 000 сом жана жергиликтүү бюджеттен 1 000 000 сом берилген.

Спорт аянтчасы ачылгандан кийин айылдын жаштары аны активдүү колдоно башташкан; жаш балдар жана кыздар талаада кичи футболду көп ойношчу. Өспүрүмдөр жана жаштар менен биргеликте бул жакка мектеп жашындагы жана мектепке чейинки жаш курактагы балдар да келе башташкан. Үч-Кайнар айылында 220 мектеп жашындагы бала жашайт. Алардын үчтөн бири футбол талаасына өзү же ата-энесинин коштоосу менен туруктуу келишет жана кээде футбол ойношот, кээде оюн көрүшөт.

Сейилдөөлөр үчүн башка жайлар жок болгондуктан, спорт аянтчасы коляска түрткөн ата-энелер жана жаңы эле баскан наристелер үчүн сейилдөөчү жайга айланган. Спорттук аянтча трассага жакын жайгашкан, бул балдардын топтолушун эске алганда белгилүү бир коркунучтарды жаратат.

Спорт аянтчасынын жана кичи футбол талаасынын курулушу жергиликтүү тургундарга убакыттарын ырахаттануу жана пайдалуу өткөрүүгө боло турган ушул сыяктуу жайлардын зарылдыгын жана чоң социалдык маанисин көрсөттү. СЭӨПны иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун жолугушууларында көптөгөн тургундар кичинекей балдарга жана алардын ата-энелерине сейилдөө жана үй-бүлөлүк пайдалуу эс алуулар үчүн өзүнчө бир жай түзүү жакшы болорун белгилеп өтүштү.



Муниципалдык СЭӨПны ишке ашыруунун алкагында жана айылдын жаштарынын сунуштарын эске алып, спорт аянтчага жакын жайгашкан бош участокко кичинекей балдар үчүн оюн аянтчасы курулду.

Курулуш иштери аянтчанын долбоору иштелип бүткөндөн тартып башталган. Айылдын жаштары аянтчаны долбоорлоого жана пландоого, андан кийин аны түзүүгө активдүү катышкан: өздөрүнүн күчү менен тор тосмону алып келишти, велосипедде тебүү үчүн жолдорду, жылгаяктарды, бастырмаларды, отургучтарды жана чатырчаларды орнотууга жардам беришти.

Балдардын эс алуу жайларын уюштуруунун талаптарына ылайык, айыл өкмөтү тиешелүү документтерди (архитектуралык-пландоо жана инженердик-техникалык шарттар) даярдады, сметаны түзүп, аны жергиликтүү бюджеттен каржылоо үчүн сунуштады. Жергиликтүү кеңеш бул документтердин негизинде Үч-Кайнар айылында балдар аянтчасын куруу долбоорун бекитүү тууралуу токтом чыгарды.

Андан кийин айыл өкмөтү жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан балдар аянтчасын курууга тендер жарыялады. Финансылык сунушу 452 722 сомду түзгөн ЖЧК тендердин жеңүүчүсү деп таанылды. Балдар аянтчасына 1 чатырча, 3 селкинчек, 1 карусель, 2 жылгаяк, 1 спираль жылгаяк, 4 отургуч орнотулду.



Балдар аянтчасы Эл аралык балдарды коргоо күнүндө – 2022-жылдын 1-июнунда салтанаттуу түрдө ачылды. Айыл өкмөтү аянтчанын ачылышынын урматына белгилүү жомок каармандарынын кийимдерин кийген аниматорлордун катышуусу менен майрам уюштурду. Мектеп окуучуларынын жана бала бакчалардын тарбиялануучуларынын күчү менен майрамдык концерт уюштурулду. Келечекте жергиликтүү бюджеттен балдар аянтчасын жарыктандырууга, ошондой эле жыл сайын бюджеттен тийиштүү оңдоо жана реконструкцияларга каражат бөлүүнү кароо пландалууда.



*Айылдын коомчулугу кичи футбол талаасынын курулушу бекитилген убакта эле балдар аянтчасын курууну сунуш кылышкан эле. Жаштардын арасында спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү максатында бул талаа курулгандан кийин кичинекей балдарга, балалуу аялдарга да өзүнчө аянтчанын зарыл экендиги белгилүү болду. Биз өспүрүмдөр жана улуулар менен биргеликте футбол талаасына өз оюн аянтчасына муктаж болгон кичинекей балдардын көп келгендигин байкадык. Биздин айылдын жаштары демилге көтөрүп, бул демилге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан колдоо таап, ишке ашкандыгына кубанып жатам. Бул дени сак муунду өстүрүүгө болгон бир кадам.*

Тимур Дылдаев,
АК депутаты

## *Жарандардын пикирлери*

*Бүгүн бизде кош майрам. Балдарды коргоо күнүнө карата биздин балдарыбыз жана неберелерибиз үчүн балдар аянтчасы ачылды. Бул жакка улуулар балдарын сейилдөө жана ойноо үчүн алып келсе болот. Эми бизде бардык үй-бүлө менен чогуу убакыт өткөрө турган жай пайда болду. Бул идеяны көтөрүп чыккандыгы үчүн жаштарга рахмат.*

Жибек Мурова, Үч-Кайнар айылынын тургуну

*Мен Караколго конокко барганда сейилдөө жана ойноо үчүн паркка барчубуз. Ал кезде биздин айылда мындай парк жок болчу. Ошондуктан мага бул аянтча абдан жакты. Биздин айылда да балдар үчүн аянтча курулганы кубанычтуу. Мени бул жакка улуу эжем ээрчитип келет, ал да бул жакта өзүнүн достору менен көңүл ачып жүрөт, ал эми мен велосипед тээп жатам жана селкинчекке ойноп жатам.*

Камилла Чынгыз кызы, 8 жаш



## Жети-Өгүз районунун Саруу айыл аймагындагы сейил бакты калыбына келтирүү жана көрктөндүрүү

Саруу айыл аймагы Ысык-Көл облусунда жайгашкан жана үч айылдан турат: Саруу, Ысык-Көл жана Жууку. Аймак райондук борбордон 7 км, облустук борбордон 36 км алыстыкта жайгашкан. Деңиз деңгээлинен бийиктиги – 1800 м. Аймактын калкы – 8736 адам, анын ичинде аялдар – 4204; жалпы аянты – 33242 га.

Саруу айылындагы аянты 1 км болгон коомдук парк кароосуз калгандыктан улам жараксыз болуп калган: сугат системасы жабыркап, дарактар, чөптөр кургап, балдар аянтчалары, бий аянтчасы, ачык асман алдындагы кинотеатр бузулган. Ошол эле убакта айылда тургундар бош убактысын пайдалуу жана ырахаттануу менен өткөрө турган эс алуу жана көңүл ачуу жайларынын жоктугу абдан байкалат. Мындай коомдук мейкиндиктерди түзүү зарылдыгы маселеси жергиликтүү калктын муктаждыктарын изилдөө максатында коомчулуктун өкүлдөрү менен болгон жолугушууда көтөрүлдү.

Жергиликтүү муниципалдык бийлик сейил бакты калыбына келтирүү маселесин айыл аймактын 2022-2024-жж. карата иштелип чыккан социалдык-экономикалык өнүгүү программасына киргизген. Бул чара менен иш алып баруу башталган. Айылдык өз алдынча башкаруу бардык кызыкдар тараптарды сейил бакты көрктөндүрүүгө тартууга аракет кылып көргөн.

Көзү тирүү кезинде Саруу айылынын активдүү жарандарынын бири болгон жана жергиликтүү ветеринардык кызматтын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон Үсөн уулу Мураттын үй-бүлө мүчөлөрүнүн демилгеси менен сейил бакты жашылдандыруу жана аймагын көрктөндүрүү боюнча эскиздик план иштелип чыккан жана коомдук угуулардын жүрүшүндө калк менен макулдашуу үчүн берилген. Анын негизинде жашылдандыруу иштери башталды: Үсөн уулу Мураттын үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан жалпы суммасы 1 690 100 сомдук дарактардын көчөттөрү берилди, алардын ичинен карагайдын көчөттөрү – 120, көк карагай – 110, Тянь-Шань карагайы – 170, туя – 100, кайың – 120, мажүрүм тал – 30, свидинанын кооз бадалдары – 320. Демилгени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жергиликтүү жаштар жана коомдук уюмдар колдоого алышып, 20 күндөн кийин бул көчөттөр толугу менен отургузулду. Жергиликтүү бюджет көчөттөрдү паркка жеткирүү жана аларды отургузуу боюнча чыгымдарды каржылады. 2022-жылдын март айында айылдык кеңештин кезексиз сессиясында анын үй-бүлөсүнүн сейил бакты калыбына келтирүүдөгү ишин жана салымын баалоо иретинде паркка «Үсөн уулу Мурат атындагы жаштар паркы» аталышы ыйгарылды.





Кийинки пландалган кадамдар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- сейил бактын ичиндеги жалпы аянты 2 км тротуарларды жана аллеяларды калыбына келтирүү;
- сейил бакка түнкү жарыктандырууну орнотуу;
- активдүү эс алуу үчүн балдар жана жаштар аянтчаларын жакшыртуу;
- улгайган адамдар үчүн ыңгайлуу жайларды уюштуруу;
- тазалыкты кароо жана жашыл өсүмдүктөргө кам көрүү, сейил бактын ичиндеги мүлктөрдү тиешелүү абалда кармоо үчүн жумушчу жалдоо;
- маалыматтык дубал гезиттерге сейил бактын аймагын колдонуунун эрежелери жөнүндө маалыматтарды жайгаштыруу;
- балдардын көңүл ачуучу зоналарын уюштуруу үчүн ачык конкурстун негизинде сейил бактын аймагын бөлүп берүү (конкурсту айыл өкмөтү өткөрөт).

Бул коомдук мейкиндикти майыптуулугу бар адамдар да колдоно алышы үчүн сейил бактын аймагын тосмосуз кылуу пландалууда.

**Чаранын ишке ашыруу мөөнөтү жана наркы**

Сейил бакты жашылдандыруу иши 2022-жылдын март айында башталган. Иштердин толук бүтүшү 2023-жылдын төртүнчү кварталына пландалган. Жасалган иштердин жалпы наркы 2 135 220 сомду, анын ичинде Үсөн уулу Мураттын үй-бүлөсү тарабынан сатылып алынган көчөттөрдүн наркы 1 960 000 сомду түзөт, ал эми жергиликтүү бюджеттин чыгымдары – 445 120 сом. Калган иштердин долбоордук наркы 7 млн сомго жакын. Бул каражаттардын жергиликтүү бюджеттен бөлүнө тургандыгы болжолдолууда, ошондой эле жеке демөөрчүлөрдү тартуу боюнча активдүү иштерди жүргүзүү пландалууда.

## *Жарандардын пикирлери*

*Мен сейил бакты пландоого жана көчөттөрдү отургузууга катыштым. Бир нече күндөн кийин барып, көчөттөрдүн көктөгөнүн көрүп келдим. Мен барган убакта эки активисттин көчөттөрдү сугарып жүргөндүгү мени абдан кубандырды. Адамдар үй-бүлөлүк эс алуу өткөрө турган, достор менен чогула турган же жөн эле жалгыз сейилдей турган жайга муктаж жана алар биздин айылда да ушундай жер болушу үчүн өз убактысын жана эмгегин кошууга даяр.*

*Мен бир нече жылдан кийин бул жер көлөкөлүү жана жашыл болуп калышын кыялданам. Ага чейин калган иштерди бүтүрүүгө да жетишебиз, жолчолорду салабыз, жарыктандырабыз, отургучтарды отургузабыз, аянтчаларды курабыз. Анан бизде шаардагыдай толук кандуу сейил бак пайда болот.*

Акен Кыдыева, айылдык кеңештин депутаты

*Эгерде туруктуу рекреациялык программасы жок болсо, дүйнөдөгү бир да коомчулукту чыныгы өнүккөн, жогорку жашоо сапатына ээ коом деп айтууга болбойт*[1]*. Ал эми мындай программаларда коомдук эс алуу жана көңүл ачуу үчүн парктар, аянтчалар жана башка жайлар адатта негизги орунду ээлейт. Мындай жайлар коомчулук үчүн төмөнкү багыттарда жогорку баалуулукка ээ:*

*Экономикалык баалуулук: сейил бактар жергиликтүү салыктык базаны жакшыртат жана кыймылсыз мүлктүн наркын көтөрөт (жеке менчиктин наркы анын парктарга жакындыгына жараша көтөрүлө тургандыгы далилденген). Көптөгөн бизнестер парктар бар жерлерге жайгашууга аракет кылышат. Мындан сырткары, эколог эксперттердин ою боюнча шаарлардагы дарактар жамгыр сууларын чогултуучу курулмалар үчүн олуттуу каражаттарды үнөмдөйт. Жыйынтыктап айтсак, сейил бактар өздөрү экономикалык ишмердикти жүргүзүшөт жана спорттук, музыкалык, майрамдык жана башка маданий иш-чараларды өткөрүүдөн улам жергиликтүү экономикага олуттуу кыйыр кирешелерди алып келет.*

*Ден соолук үчүн баалуулук: сейил бактар – бул адамдар саламаттыгын чыңдоо, эс алуу, формада калуу үчүн келүүчү жай. Сейил бактардын болушу балдардын, жаштардын, улуулардын жана улгайган адамдардын саламаттыгынын чыңдалышына жардам берет. Американын Ооруларды контролдоо жана алдын алуу борборунун изилдөөлөрүнө ылайык, физикалык активдүүлүк орундарды түзүү, жакшыртуу жана алдыга жылдыруу жеке жана коомдук саламаттыкты жакшыртат жана активдүү физикалык ишмердик менен жумасына кеминде үч жолу алектене турган тургундардын санынын 25%га жогорулашына алып келет. Бул изилдөө көрсөткөндөй, сейил парктарга үзгүлтүксүз баруу стрессти жана кан басымы менен байланышкан оорулар менен оору ыктымалдуулугун олуттуу азайтат.*

*Айлана-чөйрө үчүн баалуулук: сейил бактар жана башка жашылдандырылган коомдук мейкиндиктер суунун сапатын жакшыртат, жер астындагы сууларды коргойт, суу каптоолордун алдын алат, абанын сапатын жакшыртат, жапайы жаныбарлар үчүн жашоо чөйрөсүн түзөт жана үй-бүлө үчүн ачык асмандын алдында биргеликте убакыт өткөрүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт.*

*Социалдык маанилүүлүк: Сейил бактардын, аянтчалардын жана башка рекреациялык зоналардын бар болушу адамдык өнүгүү өлчөөнүн бардык индекстеринде коомчулуктун жашоосунун деңгээлинин жана сапатынын маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. Сейил бактар бардык үй-бүлөлөр жана социалдык топтор, ошондой эле социалдык жана экономикалык абалдагы ар түрдүү жаш курактагы адамдар үчүн чогулуунун жеткиликтүү жайларын камсыздайт. Мындан сырткары, эл аралык тажрыйба көргөзгөндөй, жарандардын сейил бактарга жана эс алуу жайларына жеткиликтүүлүгү өспүрүмдөрдүн арасындагы кылмыштуулуктун санын азайтууга таасирин тийгизет. Жалпылап айтканда, сейил бактардын коомчулук үчүн берген баалуулуктары аларга коротулган бардык чыгымдардан жогору турат. Сейил бактар жарандарга мамлекет жана/же муниципалдык бийлик тарабынан кам көрүү сезимин берет, коомчулуктун биримдигине шарт түзөт.*

[1]*АКШнын Улуттук сейил бактар ассоциациясынын сайтындагы материалдардын котормосу: http://www.nrpa.org/*

# 1-тиркеме. 36 муниципалитеттин аймагынын Социалдык-экономикалык өнүгүү программасында берилген инклюзивдүү (социалдык жана гендердик сезгич) чаралар[7]

| ИНФРАТҮЗҮМ ЖАНА ТКЧ | |
|---|---|
| АВЛЕТИМ АА | - КТТ тарифтерин иштеп чыгуу жана таштандыларды айлантуу боюнча окууларды уюштуруу<br>- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн майыптуулугу бар 10 балага, 8 жетим балага жергиликтүү бюджеттен 25 000 сом субсидия 25 000<br>- Таш-Көмүр – Сары-Челек жолундагы М.Итибаев көчөсүнүн жана айылдын четиндеги А. Темиров көчөсүнүн бойлорун жарыктандыруу |
| АК-ЖОЛ АА | - 2021-жылы жабыркаган Жолборсту айылындагы көпүрөнү реконструкциялоого көмөктөшүү |
| БЕЛ-АЛДЫ АА | - Ички жолдордун бойлорун жарыктандыруу<br>- Жергиликтүү кеңештен таза суу менен камсыздоо жана КТТ чогултуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнө калктын аярлуу катмарынын жеткиликтүүлүгүн көтөрүү үчүн жеңилдиктерди киргизүү жөнүндө чечим алуу |
| БЕШИК-ЖОН АА | - Жаңы турак жай массивдерин ичүүчү суу менен камсыздоо<br>- Жаш балдар үчүн аттракциондору менен жаштар үчүн парк ачуу |
| БОСТЕРИ АА | - КТТ чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн туруктуулугун камсыздоо<br>- Жашылдандырылган аймактарды сактоо боюнча иштерди жүргүзүү, ишембиликтерди уюштуруу<br>- Тийиштүү мекемелер менен тротуарларды төшөө боюнча иштерди жүргүзүү<br>- Калкты, аялдарды, жаштарды жана балдарды таза сууну үнөмдөөгө үйрөтүү<br>- Коомдук жайларды жарыктандыруу үчүн көчө шамчырактарын орнотуу<br>- Мейманканалар менен пансионаттардын арасына коомдук жайларга видеокамераларды орнотуу<br>- Интернет булактарына айыл тургундары үчүн коомдук жайларга таштанды таштабоонун зарылчылыгы жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн акысын өз убагында төлөөнүн маанилүүлүгү тууралуу кыскача окутуучу видеороликтерди жайгаштыруу<br>- Эс алуучулардын жана жергиликтүү тургундардын арасында калдыктарды жана таштандыларды жок кылуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. Эс алуу зоналарына таштанды контейнерлерин орнотуу<br>- Мейманканалардын жана пансионаттардын ээлери менен айылдарга ажатканаларды куруу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү өткөрүү |
| БҮРГӨНДҮ АА | - Бүргөндүгө 15 км суу түтүгүн куруу<br>- Жаңы калктуу пункттарда электр берүү линияларын курууга көмөктөшүү<br>- «Бирдиктүү терезе» кызматынын ишин уюштуруу |
| ДАРКАН АА | - Дархан айылындагы жаңы көчөнүн суу менен жабдуу тутумун куруу<br>- Балдар аянтчасын куруу |
| ДОСТУК АА | - КТТ чогултуу, ташуу жана жок кылуу кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу<br>- 3 айылга суу түтүктөрүн куруу: Шамалды-Сай, Достук жана Кызыл-Туу |
| ЖАҢЫ-ЖОЛ (ТОКТ) | - Жаңы-Жол АА айылдарын тузсуз суу менен камсыздоо<br>- КТТ чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу<br>- Калкты электр энергиясы менен камсыздоо<br>- Тарифтик саясатты иштеп чыгуу |
| ЖАҢЫ-ЖОЛ (АКСЫ) | - Кой-Таш, Терс айылдарын таза суу менен камсыздоо боюнча иштер<br>- Узундугу 700 м болгон жол участогуна тротуарды жана арык куруу<br>- Окуу борборун уюштуруу<br>- Жаңы-Жол айылынын борборуна эс алуу үчүн аянты 1 га болгон бакты уюштуруу |
| ЖЕРГЕ-ТАЛ АА | - Кызыл-Капчыгай айылынын калкын таза суу менен камсыздоо. 17 аз камсыз болгон үй-бүлөгө таза суунун тарифтерин төлөөгө субсидияларды берүү |
| ЖЫРГАЛАҢ АА | - Айылдын тургундарынын саламаттыгын чыңдоо жана бош убактысын туура колдонуу үчүн «Здоровье» борборун куруу<br>- Жыргалаң айылынын санитардык коопсуздугун камсыздоо үчүн коомдук мончону куруу<br>- Айыл өкмөтүнүн имаратындагы жылуулук тутумун монтаждоо |

7 “Жергиликтүү деңгээлде кызматтарды жакшыртуу” долбоорунун конкурсуна катышкандар.

| | |
|---|---|
| КАРА-ОЙ АА | - Жаңы суу түтүгүн кийин иштетүү маселесин чечүү (колдонуучулары: 2603 аял жана 109 эркек)<br>- 230 кожолукту таза ичүүчү суу менен жабдуу үчүн жаңы тутумдун курулушун уюштуруу<br>- «Фрегат», «Почта» скважиналарында куруу жана тосууну уюштуруу, бактерияга каршы светильниктерди орнотуу<br>- Көп балалуу үй-бүлөлөр жана майыптуулугу бар адамдар үчүн КТТ чыгаруунун жана ичүүчү суунун тарифтерин төлөөгө жеңилдиктер<br>- Төлөгөнов көчөсүнө, Жүзүм жана Телтору жаңы конуштарына көчө жарыктандырууларын, таштанды контейнерлерин орнотуу<br>- Карабалаев көчөсүнүн ыңгайсыз участокторуна пандустарды уюштуруу |
| КЕҢЕШ АА | - Кара-Жыгач айылына суу менен жабдуу тутумун куруу<br>- Кара-Жыгач жана Могол-Коргон айылдарындагы ЛЭПти монтаждоо |
| КЕРЕГЕ-ТАШ | - Кереге-Таш, Ново-Константиновка, Сары-Камыш айылдарынын борбордук көчөлөрүндөгү тротуарларды калыбына келтирүү<br>- Кайырма-Арыке жаңы конушуна жана башка айылдарга суу түтүктөрүн тартуу |
| КЕТМЕН-ДӨБӨ АА | - «Таза Аймак» МИ тейлөөлөрүн уюштуруу: тарифтердин экономикалык жактан негиздүү эсеби, БОР түзүү<br>- Калктын аз камсыз болгон катмарын катуу таштандылардын жана ичүүчү суунун тарифтерин төлөөгө субсидияларды берүү<br>- Жолдордун жээктерин жашылдандыруу жана жакшыртуу |
| КӨК-МОЙНОК АА | - Жашылдандыруу жана жакшыртуу<br>- Ичүүчү суу менен камсыздоо<br>- 3 айылга коомдук мончолорду куруу<br>- Тамчылатып сугарууну киргизүү<br>- Ак-Өлөң, Көк-Мойнок-1, Көк-Мойнок-2 айылдарында таштандыларды чыгарууну уюштуруу. Тарифтик саясатты тийиштүү ишке ашыруу жана контроль<br>- Эс алуу үчүн маданий сейил бакты куруу жана өсүп келе жаткан муун үчүн балдар аянтчасын уюштуруу<br>- Таштандыларды топтоочу жайды тосуу |
| КУМБЕЛ АА | - Корумду жана Булан-Сөгөттү айылдарындагы 3600гө жакын адам жашаган жалпы узундугу 30 км болгон ички жолдорду жарыктандыруу<br>- Айылга кошумча трансформаторду орнотуу менен коргоосуз калк үчүн ыңгайсыз жана жагымдуу жашоо шарттарын түзүү<br>- Булан-Сөгөттү айылынын 638 тургунуна таза суу менен камсыздоо кызматтарын көрсөтүү<br>- 3 көчөнү кеңейтүү жана 25 км ички жолдорду оңдоо, көпүрөлөрдү куруу |
| КЫЗЫЛ-СУУ АА | - Таштандыларды чыгаруу үчүн тарифтик төлөмдөрдү өз убагында жана толук чогултуу боюнча чараларды кабыл алуу, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана улгайган жалгыз бой адамдарга субсидияларды бөлүп берүү<br>- Кызыл-Суу айылынын тургундарынын 100%ын таза суу менен камсыздоо |
| МАСЫ АА | - Калкты таза суу менен камсыздоо<br>- Коммуналдык чарбанын инфратүзүмүн жакшыртуу<br>- Кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын маалымдуулугун көтөрүү<br>- Коомдук жайларды түнкү жарыктандыруу менен камсыздоо<br>- Таштандыларды чогултуу жана жок кылуу кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу<br>- Масы айылынын борбордук паркын реконструкциялоо<br>- Беш-Жыгач айылындагы 4 скважинаны капиталдык оңдоо<br>- Масы ААнын Беш-Жыгач айылынан Сай-Маала айылына чейинки бардык айылдарына таза суу берүү<br>- Кызыл-Кыштак айылына жөө жүргүнчүлөр өтүүчү көпүрө куруу<br>- Ыкчам мобилизациялоо машыгууларын өткөрүү<br>- Масы айылындагы коомдук жайларга видеобайкоолорду орнотуу<br>- Масы дарыясынын жээктерин бекемдөө |
| ОКТЯБРЬ АА | - Парксы тосуу<br>- Балдар аянтчасын куруу<br>- Үч-Кайнар айылына узундугу 300 м болгон суу менен жабдуу тутумун куруу |
| СВЕТЛАЯ ПОЛЯНА АА | - Суу менен камсыздоо кызмат көрсөтүүсүнүн тарифтерин негиздүү эсептөө, таза суунун колдонуучуларынан тарифтерди өз убагында чогултуу боюнча иштерди жүргүзүү<br>- Суу түтүктөрүнүн айрым участокторун оңдоо<br>- Светлая Поляна айылындагы жаңы конуштагы 40 үй үчүн суу түтүгүн өткөрүү<br>- КТТ чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу, таштандыларды сорттоону уюштуруу |

| | |
|---|---|
| ТЕМИР АА | - Калкка коомдук жайларга таштанды таштоого болбой тургандыгы тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү<br>- Калкты, аялдарды, жаштарды жана балдарды таза сууну үнөмдөө маселеси боюнча агартуу жана суу эсептегичтерин орнотуу<br>- Аймактын көчөлөрүн жарыктандыруу үчүн шарттарды түзүү<br>- Темир жана Кашат айылдарындагы жаңы конуштарга суу түтүктөрүн төшөө |
| ТЕПКЕ АА | - Ичүүчү таза суу жана сугат суу менен камсыздоо<br>- Айыл жеринде таштанды чыгарууну уюштуруу. Тарифтик саясатты туура жүргүзүү |
| ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА АА | - Борбордук көчөдөгү тротуарларга 2 пандус орнотуу<br>- КТТ чогултуу жана чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу<br>- Айылдагы стадиондун аймагын периметри боюнча тосуу<br>- 1300 үй-бүлөнү жер жана суу менен камсыздоо, булардын 300үнүн үй чарба башчысы аялдар болуп саналат<br>- Шапак-Баатыр көчөсүндөгү тротуарларды төшөө |
| ТОКТОГУЛ Ш. | - «Благоустройство» МИ менен биргеликте КТТ чогултуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу: экономикалык жактан туура эсептелген тарифтер, фокус-топтор, тарифти талкуулоо, таштандыларды жайгаштыруунун тартиби, коомдук угуулардын графиги, жергиликтүү кеңештин чечими менен тарифтерди бекитүү, графикти түзүү, абоненттер менен келишимдерди түзүү<br>- Тротуарларды куруу<br>- Ичүүчү таза суу менен жабдуу тутумун куруу<br>- Түнкү убакытка көчөлөрдү жарыктандырууну уюштуруу<br>- Калкты электр энергия менен камсыздоо |
| ТОҢ АА | - Ичүүчү суу менен жабдуу кызмат көрсөтүүсү үчүн тарифтерди эсептөө<br>- Турак үйлөргө суу түтүктөрүн тартуу<br>- Калктын арасында КТТ кызмат көрсөтүүсүн уюштуруу жана тарифтөө боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү<br>- Аллеяларды куруу<br>- Маалыматтык бюллетенди чыгаруу<br>- Жарыктандыруу жана видеобайкоону орнотуу |
| ТОРКЕН (АБДЫ СУЕРКУЛОВ) АА | - Таштандыларды айлантуу жана аларды жок кылуу менен алектенген муниципалдык ишканаларды уюштуруу<br>- Көтөрмө, Торкен айылдарынын жаңы конуштарын таза суу менен камсыздоонун үстүндө иш алып барган МИ түзүү<br>- Айыл аймактын айылдарынын көчөлөрүнө видеобайкоо орнотуу |
| ЧЕЛПЕК АА | - Токтогул жана Почта/МАИ жаңы конуштарынын борбордук көчөлөрүн түнкү жарыктандыруу |
| ЧОЛПОН-АТА АА | - Кушчу-Суу, Мазар-Суу, Кара-Күңгөй айылдарынын калкын таза суу менен камсыздоо<br>- Таза суу менен камсыздоонун тарифин эсептөө жана бекитүү<br>- Чолпон-Ата айылына тротуарларды куруу<br>- Биодааратканаларды орнотуу<br>- Компьютердик техникаларды, таштанды челектерин, генераторлорду сатып алуу (анын ичинде ЖДКЖ долбоору аркылуу биринчи орунду ээлегендиги үчүн 200 000 сом суммасына) |
| ЫРДЫК АА | - Аялдарга артыкчылык берүү менен үй чарбаларды ичүүчү таза суу менен камсыздоо |
| **СОЦИАЛДЫК КОРГОО** | |
| АВЛЕТИМ АА | - Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү адамдар жана майыптуулугу бар адамдар үчүн кесиптик окууларды уюштуруу |
| БЕЛ-АЛДЫ АА | - Аярлуу топторго даректик жардам берүүнүн багыттарын аныктоо<br>- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөр үчүн кызмат көрсөтүүлөргө (таза суу, таштанды чыгаруу) акы төлөө чөйрөсүнө жеңилдиктерди киргизүү |
| БЕШИК-ЖОН АА | - Үй-бүлө зомбулугунун алдын алуу боюнча иш-чараларды өткөрүү<br>- Аярлуу топторго жардам көрсөтүү |
| БОСТЕРИ АА | - Оор турмуштук абалда калган үй-бүлөлөр жана балдар менен иштөө<br>- Милициянын жергиликтүү бөлүмү менен аялдарга жана балдарга карата жасалган зомбулуктардын алдын алуу боюнча биргелешип иш алып баруу |

| | |
|---|---|
| БҮРГӨНДҮ АА | - Калктын социалдык жактан корголбогон катмарын материалдык жактан колдоо (муктаждардын өтүнүчү боюнча бир жолку төлөмдөр)<br>- Жергиликтүү меценаттарды социалдык программаларды ишке ашырууга тартуу |
| ДАРКАН АА | - КТТ чыгаруу боюнча тарифтерди төлөөгө субсидия<br>- Балдарга ж.б. жөлөкпулдарды жана төлөмдөрдү берүү<br>- Аз камсыз болгон жана майыптуулугу бар адамдарга малдарды сатып алууда, жер участокторун берүүдө даректүү жардамдарды берүү<br>- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү жаш аялдарга жана жаштарга ишке орношууга жардам көрсөтүү<br>- Улгайган жалгыз бой адамдарга жана майыптуулугу бар адамдарга кумшекер сатып алууда жардам көрсөтүү<br>- Жетим балдарга жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү балдарга жайында эс алуу лагерлерине барууларына жардам берүү<br>- Ишкердик менен алектенүүнү каалаган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн өкүлдөрүнө жер участокторун берүү: мончо, устакана ж.б. |
| ЖАҢЫ-ЖОЛ (ТОКТОГУЛ) | - Зомбулукту алдын алуу боюнча иш-чараларды өткөрүү<br>- АӨ гендердик саясатын толук иштеп чыгуу |
| ЖЕРГЕ-ТАЛ АА | - Ар бир мектепте майыптуулугу бар балдарды окутуу үчүн адистештирилген класстарды жана мугалимдерди даярдоо<br>- Майыптуулугу бар балдардын мектепке баруусу үчүн транспортторду уюштуруу<br>- Кызыл-Капчыгай айылына ФАП куруу үчүн шарттарды түзүү<br>- Оор турмуштук шарттагы үй-бүлөлөрдүн мүчөлөрүнө жана майыптарга киреше алууга жардам берүүчү кесиптерди окутууну уюштуруу<br>- Аярлуу топтордогу аялдарды жана жаштарды кайрадан ачылуучу иш орундарына ишке орноштурууну уюштуруу<br>- Аярлуу катмардын, аз камсыз болгон үй чарбалардын, майыптуулугу бар адамдардын жана көбүрөөк муктаж болгон жарандардын балдарына материалдык жардамдарды көрсөтүү<br>- Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтерин иштеп чыгуу |
| ЖЫРГАЛАҢ | - Аз камсыз болгон калкка даректүү материалдык жардамдарды көрсөтүү |
| КАРА-ОЙ АА | - Коркунуч тобокелдеринде социалдык жактан корголбогон жарандарды даректүү колдоону уюштуруу<br>- Калктын аярлуу топтору жана жумушсуздар үчүн кесиптик окутуу, курстарды (ар кандай) уюштуруу<br>- Аз камсыз болгон жана бузулган үй-бүлөлөрдүн студенттерин тартуу жана колдоо |
| КЕРЕГЕ-ТАШ АА | - Зомбулуктан жабыркаган аялдарга юридикалык жардамдарды берүү<br>- Тематикалык конкурстарды өткөрүү<br>- Жумушсуз тургундарды окутуу |
| КЕТМЕН-ДӨБӨ АА | - 300 муктаж үй-бүлөгө даректүү материалдык жардам<br>- Үй-бүлө зомбулугунан коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү |
| КЫЗЫЛ-СУУ АА | - Калктын коргоосуз катмарына (аз камсыз болгондор, майыптар, жумушсуздар, жарым-жартылай жетимдер, көп балалуулар) даректүү жардамдарды көрсөтүү жана жакырчылыкты жоюу багытына жаңы ыкмаларды киргизүү<br>- Жылына 10 педагогду квалификацияны жогорулатууга жөнөтүү<br>- Калктын аярлуу катмарынын балдары үчүн окуу акысынын төлөмүн төмөндөтүү<br>- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана улгайган жалгыз бой адамдарга таштандыны чыгаруунун акысын төлөөгө субсидияларды бөлүп берүү |
| МАСЫ АА | - Үй-бүлөлөрдү социалдык-укуктук маалыматтар менен өз убагында камсыздоо<br>- Оор турмуштук кыйынчылыктарга кабылган үй-бүлөлөрдүн балдарын колдоо максатында маданий-кайрымдуулук иш-чараларын уюштуруу жана өткөрүү<br>- Жетим балдарга эс алуу үчүн жайкы лагерлерге жолдомолорду берүү<br>- Жеке турай жайы жок болгон аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү турак жай менен камсыздоо<br>- Кирешеси аз үй-бүлөлөргө жана улгайган жалгыз бой адамдарга даректүү материалдык жардам көрсөтүү |

| | |
|---|---|
| ОКТЯБРЬ АА | - Жумушсуздар үчүн курстар<br>- Зомбулуктун курмандыктарына юридикалык жардам берүү<br>- Аз камсыз болгондорго материалдык жардамдарды көрсөтүү<br>- Кесипке ээ болууга жардам берүү (окууларды уюштуруу жана кесипке ээ болуу) |
| ОРГОЧОР АА | - Аярлуу калкка даректүү жардам көрсөтүү жана жакырчылыкты жоюу багытына кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы ыкмаларын киргизүү<br>- Аймакта жашаган майыптуулугу бар адамдарга Майыптуулугу бар адамдардын күнүндө (3-декабрь) тамак-аш азыктарын жана белектерди таратуу<br>- Жетим балдарды жайкы лагерлерге жөнөтүү<br>- Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча иш-чараларды өткөрүүгө каражаттарды бөлүү<br>- Эмгек мигранттарынын балдарын, жетим балдарды жана майыптуулугу бар балдарды даректүү жардам көрсөтүү үчүн эсепке алуу жана каттоо<br>- Жарандардын аярлуу катмарынын ичиндеги ишкердик менен алектенүүнү каалоочуларды аныктоо жана аларга иштетүү үчүн орундарды/участокторду берүү түрүндө колдоо көрсөтүү, жеңилдетилген шарттарды ж.б. берүү<br>- Боз-Бешик айылындагы 5 аз камсыз болгон үй-бүлөнү суу менен камсыздоо |
| САРУУ АА | - 421 аз камсыз болгон үй-бүлөгө, 50 майып балага материалдык жардам берүү<br>- 89 үй-бүлөнүн турак жай шарттарын колдоого алуу<br>- 55 жетим баланы жана жарым-жартылай жетим баланы ден соолукту чыңдоо лагерлерине жөнөтүү<br>- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү майыптарга субсидияларды берүү, мисалы, таштандыны чыгарууга<br>- Чакан ишкана (тигүү цехи, мончо, короо чарбачылыгы ж.б.) ачууну каалагандарга жардам берүү (жер же имарат бөлүп берүү) |
| САРЫ-КАМЫШ АА | - Аялдардын, жаштардын жана социалдык жактан корголбогон топтордун демилгелерин колдоого алуу<br>- Аз камсыз үй-бүлөлөргө кыш мезгилинде көмүр жеткирип берүү түрүндө жардам берүү<br>- Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын жана жаштардын саламаттыгын чыңдоого көмөктөшүү |
| СВЕТЛАЯ ПОЛЯНА АА | - Калктын аярлуу катмарын жана алар менен иш алып барган коомчулукту эсепке алуу үчүн маалыматтар базасын түзүү<br>- Уюмдар жана ишкерлер менен байланыштарды аныктоо<br>- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, 50 майып балага түз материалдык жардам. Майыптуулугу бар 150 жарандын үй-бүлөсүнө колдоо көрсөтүү<br>- 150 аз камсыз болгон үй-бүлөнү жана 6 улгайган жалгыз бой адамдарды көмүр менен камсыздоо<br>- 52 жарым-жартылай жетимди жайкы лагерлерге жөнөтүү<br>- Калктын аярлуу катмарын майрамдарга жана коомдук окуяларга тартуу<br>- Майыптуулугу бар адамдарга муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө субсидияларды бөлүп берүү |
| ТЕМИР АА | - Жарандык коомду аялдарга жана балдарга карата жасалган зомбулуктун алдын алууга тартуу |
| ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА АА | - Оор турмуштук кырдаалдагы адамдар үчүн кризистик борборлорду ачуу<br>- Аярлуу топторго материалдык жардамдарды көрсөтүү<br>- Зомбулуктун курмандыктарына консультация берүү<br>- Жергиликтүү бюджеттен 150 аз камсыз болгон үй-бүлө үчүн таштандыны чыгаруу кызмат көрсөтүүсүнө акы төлөөгө субсидияларды берүү<br>- Социалдык дүкөн |
| ТЕРЕК-САЙ АА | - Социалдык жактан корголбогон калкка материалдык колдоо көрсөтүү<br>- Кыш мезгилинде көмүр жеткирип берүү<br>- Аялдардын, жаштардын, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн экономикалык демилгелерин колдоого алуу<br>- Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө жеңилдиктер |

| | |
|---|---|
| ТОКТОГУЛ Ш. | - Аярлуу калкка даректүү жардамдарды көрсөтүү жана жакырчылыкты жоюу багытында кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы ыкмаларын жайылтуу<br>- Калктын аярлуу тобуна суу жана КТТ тарифтерин төлөөдө жеңилдиктерди берүү<br>- Көзү азиз адамдар үчүн атайын үн жабдуусу бар жол чырактарын орнотуу<br>- Майыптуулугу бар адамдардын муктаждыктарын эске алуу менен маданий сейил бактардын, маданият үйлөрүнүн кире беришине пандустарды орнотуу |
| ТОҢ АА | - Майыптуулугу бар адамдарды даректүү материалдык колдоо<br>- Майыптуулугу бар адамдарга документ алууда жардам көрсөтүү<br>- Ишкер аялдарга өз ишин ачууда көмөктөшүү |
| ТОРКЕН (АБДЫ СУЕРКУЛОВ) АА | - Социалдык кызматтардын кризистик борборуна колдоо көрсөтүү |
| ЧЕЛПЕК АА | - Аз камсыз үй-бүлөлөргө материалдык жардам, социалдык паспортторду берүү<br>- Турак жай шарттарын аныктоо жана аз камсыз болгон жаш үй-бүлөлөргө материалдык жардамдарды бөлүп берүү<br>- Аз камсыз үй-бүлөлөргө жана майыптуулугу бар адамдарга кыш мезгилинде отун жана көмүр жеткирип берүү<br>- Зомбулуктун курмандыгы болгон аялдар менен иштешүү жана акысыз юридикалык жардамдарды берүү<br>- Ишке орноштуруу борбору менен биргеликте жумушсуздарга ишке орноштуруу жайлары жөнүндө маалыматтарды берүү<br>- Айылдын жумушсуз тургундарын ишке орноштуруу борборуна 3 айлык кесиптик курстарга жөнөтүү<br>- Аз камсыз болгон үй чарбаларды жакырчылыктан чыгаруу максатында 20% жерди 5 жылдык мөөнөт менен конкурссуз, түз бөлүп берүү жолу менен ижарага берүү |
| ЧОЛПОН-АТА АА | - Калктын социалдык жактан корголбогон катмарын жана майыптуулугу бар адамдарды материалдык колдоо<br>- Зомбулукту азайтуу жана алдын алуу боюнча тренинг, тегерек столдорду өткөрүү |
| ЫРДЫК АА | - Аярлуу калкка даректүү жардамдарды көрсөтүү жана жакырчылыкты жоюу багытында кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы ыкмасын жайылтуу<br>- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, корголбогон калкка жардам көрсөтүү максатында «Эмне керек – калтыр, эмне керек – ал» урааны менен социалдык дүкөн ачуу үчүн курулушка жана ички оңдоолорго жергиликтүү бюджеттен каражаттар бөлүнөт<br>- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө социалдык дүкөн ачуу үчүн 10 орундан кем болбогон имарат берүү, анын 5и аял жана 5и эркек<br>- Зомбулуктун алдын алуу комитети менен кызматташуу<br>- Аялдар, балдар жана үй-бүлө зомбулугунан жабыркаган башка жактар үчүн юридикалык/психологиялык/медициналык кечиктирилгис жардам көрсөтүү кызматын түзүү<br>- Үй-бүлө зомбулугунан жабыркагандарга социалдык колдоолорду көрсөтүү<br>- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын «Коопсуз мектеп» окуу куралы менен тааныштыруу жана анын негизинде тийиштүү документтерди иштеп чыгуу процессине анын активдүү катышуусун камсыздоо |
| **САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО** | |
| АВЛЕТИМ АА | - Дейрес айылына ФАП куруу үчүн шарттарды түзүү |
| БЕШИК-ЖОН АА | - ФАП куруу |
| ДАРКАН АА | - ҮДТга УДИ аппаратын сатып алууга жардам көрсөтүү |
| ДОСТУК АА | - Жергиликтүү ооруканага лаборатория ачууга жана тез жардам унаасын сатып алууга көмөктөшүү (донор издөөгө жардам) |
| ЖАҢЫ-ЖОЛ (АКСЫ) | - ФАП куруу |
| ЖЕРГЕ-ТАЛ АА | - Тез жардам унаасын сатып алууга көмөктөшүү |
| КАРА-ОЙ АА | - Жергиликтүү Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда иштеген жаш адистерди социалдык жактан колдоо |
| КЕРЕГЕ-ТАШ | - ФАП куруу |

| | |
|---|---|
| КЕТМЕН-ДӨБӨ | - Эне жана баланын саламаттыгын көтөрүү боюнча иш-чаралар<br>- Чоң-Арык айылында ата-энелер мектебин уюштуруу |
| КӨК-МОЙНОК АА | - Көк-Мойнок-1 айылында ФАП куруу<br>- Калктын арасында саламаттыкты сактоо боюнча алдын алуу иштерин жүргүзүү<br>- Жаштарды медициналык ЖОЖдорго жөнөтүү |
| КУМБЕЛ АА | - ФАПтын материалдык-техникалык базасын жакшыртуу |
| МАСЫ АА | - Ноокен райондук ооруканасынын кабыл алуу бөлүмүн куруу (райондук өнүктүрүү фондунун эсебинен) |
| ОРГОЧОР АА | - Калкка кызмат көрсөтүү үчүн шарттарды түзүү (анын ичинде ЖДКЖ долбоорунун конкурсунда байге катары берилген 50 000 сомго алынган материалдардын жана товарлардын жардамы менен)<br>- Медицинаны окууну каалоочуларды аныктоо жана аларды жергиликтүү бюджеттен келишимдик негизде каржылоо мүмкүнчүлүктөрүн карoo |
| САРУУ АА | - Жергиликтүү жаштардын медициналык ЖОЖдордогу окуу акысын жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен келишимдик негизде төлөө жана окутуу |
| СВЕТЛАЯ ПОЛЯНА АА | - ФАП куруу |
| ТЕПКЕ АА | - Жылдыз айылына ФАП имаратын куруу |
| ТЕРЕК-САЙ АА | - Терек-Сай айылына ФАП куруу |
| ТОҢ АА | - ФАП куруу үчүн шарттарды түзүү |
| ЧОЛПОН-АТА АА | - Кара-Күңгөй, Ак-Тектир, Мазар-Суу айылдарына ФАП куруу |
| **МЕКТЕП БИЛИМ БЕРҮҮСҮ** | |
| АВЛЕТИМ АА | - Мектеп пандустарын орнотуу же оңдоо<br>- Майыптуулугу бар балдардын мектепке баруусу үчүн транспорт уюштуруу<br>- Майыптуулугу бар балдар үчүн мектепке чейинки билим берүү шарттарын түзүү<br>- Товар-Сай айылындагы Молдо Багыш атындагы орто мектептин ашканасын куруу үчүн шарттарды түзүү |
| АК-ЖОЛ АА | - Тегене айылындагы Тыныбеков атындагы орто мектептин спортзалынын кийим алмаштыруучу жайын куруу |
| БЕЛ-АЛДЫ АА | - Ы. Алымбеков жана М. Жамгырканов атындагы мектептерде күнөсканаларды куруу<br>- Т. Назакеев башталгыч мектебинин аймагын периметр боюнча тосуу |
| БЕШИК-ЖОН АА | - Мектеп куруу |
| БОСТЕРИ АА | - Т. Атаев мектебинин сырткы ажатканасын реконструкциялоо<br>- Т. Атаев жана Х. Жээнбаев атындагы мектептердин жылуулук тутумун алмаштыруу |
| БҮРГӨНДҮ АА | - О.Каипов атындагы № 24 мектепте 30 орундуу ашкананы куруу жана пайдаланууга берүү |
| ДОСТУК АА | - Кызыл-Туу айылындагы орто мектептин башталгыч класстары үчүн кошумча имаратты куруу жана пайдаланууга берүү |
| ЖАҢЫ-ЖОЛ (ТОКТОГУЛ) | - Манас атындагы мектептин ички ажатканаларын оңдоо |
| ЖЕРГЕ-ТАЛ АА | - Аймактын 3 жалпы билим берүү мектептерин материалдык-техникалык колдоо |
| КЕҢЕШ АА | - Мектептерди оңдоо<br>- Коткор айылындагы Т. Исманов атындагы башталгыч мектептин ашканасынын курулушун бүтүрүү жана кошумча класстарды куруу |
| КЕРЕГЕ-ТАШ АА | - Кереге-Таш айылындагы мектепке тузсуз суу берүү |
| КЕТМЕН-ДӨБӨ АА | - Чоң-Арык жана Терек-Суу айылдарына башталгыч мектепти куруу |
| КӨК-МОЙНОК АА | - Мектептин аймагын тосуу, брусчатка төшөө, ашкананы жылуулоо |

| | |
|---|---|
| КЫЗЫЛ-СУУ АА | - Жалгыз-Өрүк айылындагы мектептин жылуулук тутумун оңдоо<br>- Орто жалпы билим берүүчү мектептердеги окуучулардын саламаттыгына кам көрүү, спорт жаатында ийгиликтерге жетүү |
| МАСЫ АА | - Мектептерди жана бала бакчаларды кышкы-күзгү жылуулук мезгилине даярдоо |
| ОРГОЧОР АА | - Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн мектеп төгүмдөрү боюнча жеңилдиктерди берүү |
| САРУУ АА | - Саруу айылынын спорт мектебин жабдуулар менен камсыздоо (тренажер, штанга, велосипед) |
| СВЕТЛАЯ ПОЛЯНА АА | - Окуу корпустарын жылуулук менен камсыздоо жана күнүмдүк оңдоолорду өз убагында жасоо<br>- Мектептерге окутуунун инновациялык жана техникалык каражаттарын киргизүү<br>- Заманбап методикаларды өздөштүрүүнү камсыздоону уюштуруу, педагогдордун билим деңгээлин жогорулатуу<br>- Жылына 8 мугалимди окууга жөнөтүү<br>- Калктын аярлуу катмарындагы балдардын окуу акысын төмөндөтүү<br>- А. Алыбаков атындагы орто мектептин эски имаратындагы спортзалды оңдоо жана аны конференц-залга (актылык зал) кайра өзгөртүү<br>- А. Алыбаков атындагы орто мектептин аймагын көрктөндүрүү<br>- А. Алыбаков атындагы орто мектептин аймагын периметр боюнча тосуу, тротуарларды жана аллеяларды тегиздөө жана брусчатка төшөө |
| ТЕМИР АА | - Э.Керимгазиев атындагы орто мектептин сырткы ажатканасын реконструкциялоо<br>- К. Кудайбердиев атындагы орто мектептин жылуулук тутумун алмаштыруу |
| ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА АА | - Мамакеев атындагы орто мектептин ажатканасын куруу |
| ТОРКЕН (АБДЫ СУЕРКУЛОВ) АА | - Ашыралиев жана Жондубаев атындагы мектептеринде жылуулук системаларын орнотуу |
| ЧЕЛПЕК АА | - Челпек айылынын Токтогул жаңы конушуна 800 орундуу жаңы мектепти куруу<br>- Рахимов атындагы гимназиянын жылуулук тутумун капиталдык оңдоо |
| **МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ** | |
| АВЛЕТИМ АА | - Итагар айылына 60 орундуу жаңы бала бакча куруу |
| БЕЛ-АЛДЫ АА | - Сары-Сөгөт, Коргон, Бел-Алды айылдарына бала бакчаларды куруу |
| БЕШИК-ЖОН АА | - Бешик-Жон айылына бала бакча куруу |
| БОСТЕРИ | - Бостери айылына 60 орундуу бала бакча куруу |
| БҮРГӨНДҮ АА | - Кызыл-Кыя жана Кызыл-Кыпчак айылдарына бала бакчаларды куруу |
| ДАРКАН АА | - Тийиштүү органдардан 130 орундуу бала бакчаны 230 орундуу бала бакчага кайра өзгөртүү үчүн уруксат алуу |
| ДОСТУК АА | - 100 орундуу бала бакчаны куруу |
| ЖАҢЫ-ЖОЛ (ТОКТОГУЛ) | - Бала бакчанын имаратын капиталдык оңдоо |
| ЖАҢЫ-ЖОЛ (АКСЫ) | - Жаңы-Жол жана Терс айылдарына бала бакча куруу |
| ЖЫРГАЛАҢ АА | - Жыргалаң айылындагы бала бакчанын имаратын муниципалдык менчикке берүү жана бала бакча ачуу үчүн капиталдык оңдоо жүргүзүү |
| КЕҢЕШ АА | - Могол-Коргон айылындагы 50 орундуу жаңы бала бакчаны пайдаланууга берүү<br>- Шыдыр айылындагы бала бакчанын жаңы имаратын куруу |
| КЕРЕГЕ-ТАШ АА | - Бала бакча ачуу |
| КӨК-МОЙНОК АА | - Көк-Мойнок-2 айылына бала бакча куруу |
| КЫЗЫЛ-СУУ АА | - Мектепке чейинки жаш курактагы балдарды окутуу үчүн шарттарды түзүү, билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу<br>- Кызыл-Суу айылындагы бала бакчага баруучу балдар үчүн кошумча орундарды түзүү<br>- Жалгыз-Өрүк айылына 100 орундуу бала бакча куруу |
| МАСЫ АА | - Кызыл-Туу айылына 60 орундуу бала бакча куруу |

| | |
|---|---|
| ОКТЯБРЬ АА | - Бала бакча үчүн буюмдарды сатып алуу<br>- Үч-Кайнар жана Отуз-Уул айылдары үчүн 100 орундуу бала бакча ачуу |
| ОРГОЧОР АА | - Бала бакчанын имаратына күндөлүк оңдоолорду жүргүзүү, жылуулук тутумун оңдоо |
| САРУУ АА | - Кошумча бала бакча куруу |
| САРЫ-КАМЫШ АА | - Бос-Талаа айылына 75 орундуу бала бакча куруу |
| СВЕТЛАЯ ПОЛЯНА АА | - Светлополянский бала бакчасынын балдар аянтчасын жабдуу<br>- Светлополянский бала бакчасы үчүн кошумча имарат курууга жардам көрсөтүү |
| ТЕМИР АА | - Темир айылына 120 орундуу бала бакча куруу |
| ТЕПКЕ АА | - Жылдыз, Курбу жана Тепке айылдарына кеминде 100 орундуу бала бакчаларды куруу |
| ТЕРЕК-САЙ АА | - Мамлекеттик-жеке кызматташуунун негизинде жеке бала бакчаларды уюштуруу |
| ТОКТОГУЛ Ш. | - Токтогул шаарына 75 орундуу бала бакча куруу |
| ТОҢ АА | - Үч сааттык бала бакчаларды ачуу<br>- Бала бакчалар үчүн компьютерлерди сатып алуу<br>- Кажы-Сай айылына бала бакча ачуу |
| ТОРКЕН (АБДЫ СУЕРКУЛОВ) АА | - Бала бакча үчүн ажаткана куруу<br>- Көтөрмө айылына бала бакча куруу |
| ЧЕЛПЕК АА | - Таш-Кыя айылына 60 орундуу бала бакча куруу<br>- Бала бакчанын жылуулук тутумун капиталдык оңдоо |
| ЧОЛПОН-АТА АА | - «Ак-Тилек» бала бакчасына сигнал берүү тутумун орнотуу<br>- Ак-Тектир, Кушчу-Суу жана Мазар-Суу айылдарына бала бакча куруу |
| **МАДАНИЯТ ЖАНА СПОРТ** | |
| АВЛЕТИМ АА | - Авлетим айылындагы эки кабаттуу Маданият үйүн капиталдык оңдоо үчүн колдоо көрсөтүү |
| АК-ЖОЛ АА | - Ак-Жол АА Маданият үйүн капиталдык оңдоо үчүн шарттарды түзүү |
| БЕЛ-АЛДЫ | - Маданият үйүндө түрдүү ийримдерди уюштуруу<br>- Аярлуу катмардагы жаштар үчүн клубдарга катышууга кеткен чыгымдарды субсидиялоо<br>- Маданият үйүнө пандустарды орнотуу<br>- Китепканадагы жылуулук тутумун оңдоо жана калыбына келтирүү<br>- Бел-Алды жана Коргон айылдарында кичи футбол талаасын куруу |
| БОСТЕРИ АА | - Концерт өткөрүү үчүн улуттук кийимдерди сатып алуу жана маданият үйүн музыкалык аспаптар жана заманбап жабдуулар менен жабдуу<br>- Балдар үчүн комуз, гитара, бий ийримдерин уюштуруу<br>- Спорттук иш-чараларды уюштуруу<br>- Бостери айылына жакында эле курулган маданият үйүндө китепкана ачуу<br>- Аярлуу топтогу тургундарды майрам күндөрү маданий жана коомдук иш-чараларга тартуу<br>- Бостери айылындагы Исаев көчөсүнө, Ипподром жаңы конушуна жана Бактуу-Долоноту айылындагы Ынтымак көчөсүнө балдар аянтчасын куруу |
| БҮРГӨНДҮ АА | - Кыпчак-Талаа айылына кичи футбол талаасын куруу |
| ДАРКАН АА | - Кыздар жана балдар үчүн фортепиано жана гитарада ойноо ийримдерин уюштуруу<br>- Аймактын калкынын арасында маданий-массалык иш-чараларды (ырдоо, улуттук аспаптарда ойноо, ыр-бий конкурстары) уюштуруу<br>- Айыл жериндеги жаштарды ийримдер аркылуу маданиятка тартуу |
| ДОСТУК АА | - Шамалды-Сай айылындагы гимназияны оңдоо<br>- Спорттун түрлөрү боюнча аймактын деңгээлиндеги мелдештерди жана жарыштарды уюштуруу<br>- Маданий-массалык иш-чараларды өткөрүү |
| ЖАҢЫ-ЖОЛ (ТОКТОГУЛ) | - Жаштар үчүн массалык иш-чараларды уюштуруу үчүн музыкалык жабдууларды сатып алуу (анын ичинде ЖДКЖ долбоорунун конкурсунда байге катары алынган 50 000 сомго) |

| | |
|---|---|
| ЖЕРГЕ-ТАЛ АА | - Жерге-Тал айылынын аялдары үчүн фитнес залдарды уюштуруу<br>- Балдар жана кыздар үчүн ийримдерди уюштуруу |
| ЖЫРГАЛАҢ АА | - Түрдүү ийримдерди (музыкалык аспаптар, улуттук бийлер ж.б.) ачуу<br>- Иштөөгө жөндөмдүү калктын аярлуу тобу үчүн кесиптик окууларды, курстарды (тандоо боюнча) уюштуруу |
| КАРА-ОЙ АА | - Кыргызстан элинин маданий мурастарын сактоого багытталган түрдүү иш-чараларды өткөрүү (Ыр-Кесе, Нооруз жана башка улуттардын улуттук майрамдары)<br>- Музейдин кабинеттерин капиталдык оңдоо<br>- Спортчулардын, анын ичинде кыздардын 2025-жылга чейин түрдүү деңгээлдеги спорттук жарыштарга катышуусу үчүн шарттарды түзүү<br>- Майыптуулугу бар адамдардын муктаждыктарын эске алуу менен спорт борборун түзүүнү уюштуруу |
| КЕРЕГЕ-ТАШ АА | - Аймактын айылдарындагы маданият үйлөрүндө китеп сүйүүчүлөр, шахмат, тогуз коргоол, стол тенниси ийримдерин уюштуруу үчүн шарттарды түзүү |
| КЕҢЕШ АА | - Спортзал куруу<br>- Кызыл-Октябрь айылына эс алуу борборун куруу |
| КЕТМЕН-ДӨБӨ АА | - Чоң-Арык айылына спортзал куруу |
| КӨК-МОЙНОК АА | - Клуб куруу<br>- Жаштарды тартуу менен иш-чараларды өткөрүү<br>- Маданий-массалык иш-чараларды өткөрүү |
| КУМБЕЛ АА | - Калктын маданиятын, физикалык даярдыгын жогорулатуу жана бош убакытты туура колдонуусу үчүн шарттарды түзүү<br>- Бала бакча куруу (анын ичинде ЖДКЖ долбоорунун конкурсунда байге катары алган 50 000 сомго) |
| КЫЗЫЛ-СУУ АА | - Жергиликтүү калктын арасында маданий-массалык иш-чараларды (ырдоо, улуттук аспаптарда ойноо, ыр-бий конкурстары) уюштуруу<br>- Айыл жериндеги жаштарды ийримдер аркылуу маданиятка тартуу<br>- Жаштарды спорт аянтчаларынын ишине тартуу, спорттун ар кандай түрлөрү боюнча клубдарды уюштуруу, машыктыруучуларды эмгек акы менен камсыздоо |
| МАСЫ АА | - Айылдык, райондук ж.б. мелдештерге катышууну уюштуруу<br>- Маалымат берүү үчүн жаштарды атайын жолугушууларга катыштыруу жана чакыруу<br>- Калктын дене тарбия жана спорт менен массалык түрдө алектенүүсү үчүн шарттарды түзүү<br>- Дене тарбиянын жана спорттун материалдык-техникалык базасын бекемдөө<br>- Дени сак жашоо образын жайылтуу жана спорт менен машыгууга үндөө<br>- Эс алуу үчүн шарттарды түзүү жана калктын, анын ичинде аялдардын жана жаштардын эс алуусун уюштуруу<br>- Чыгармачыл жамааттардын концерттик ишмердигин жүзөгө ашыруу<br>- Мамлекеттик майрамдарды, калктын, анын ичинде аялдардын жана жаштардын эс алуусун уюштуруу<br>- Маданий борбордо клубдук ишмердикти уюштуруу (ийримдер, музыкалык студиялар ж.б.) |
| ОКТЯБРЬ АА | - Маман айылына стол теннисин ойноочу жай уюштуруу |
| САРУУ АА | - Жаштардын муктаждыктарын аныктоо, балдарды маданиятка тартуу<br>- Жергиликтүү калктын бардык катмарынын дене тарбия менен алектенүүсү үчүн шарттарды түзүү |
| СВЕТЛАЯ ПОЛЯНА АА | - Жогоруда турган органдарга спорт буюмдарын берүү боюнча кайрылуу, демөөрчүлөрдү издөө<br>- Жаштардын муктаждыктарын аныктоо, ырдоо жана бийлөө жөндөмдөрүнө ээ балдарды маданиятка тартуу<br>- Ийримдерди ачуу (окутуу, аспаптар менен камсыздоо)<br>- Спорт машыктыруучуларынын ишине акы төлөө<br>- Калктын аярлуу топторун майрамдык иш-чараларга катыштырууга тартуу |

| | |
|---|---|
| ТЕМИР АА | - Маданият үйүн музыкалык аспаптар жана заманбап жабдуулар менен жабдуу<br>- Ийримдерди ачууга жардам көрсөтүү<br>- Балдар жана кыздар үчүн комуз, гитара жана бий ийримдерин уюштуруу<br>- Темир жана Кашат айылдарына балдар аянтчасын куруу<br>- Спорттук иш-чараларды уюштуруу (кыздар арасында волейбол, кичи-футбол, көк-бөрү ж.б.) |
| ТЕПКЕ АА | - Тепке айылына маданий эс алуу багын ачуу жана өсүп келе жаткан муун үчүн балдар аянтчасын уюштуруу |
| ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА АА | - Коомдук майрамдарды жана майрам күндөрү иш-чараларды уюштуруу |
| ТЕРЕК-САЙ АА | - Кызыл-Токой айылына ата-энелер жана балдар үчүн эс алуу сейил багын куруу<br>- Кызыл-Токой айылынын 4 көчөсүнө жана Терек-Сай айылынын 3 көчөсүнө балдар аянтчасын куруу |
| ТОКТОГУЛ Ш. | - Дене тарбия жана спорт менен массалык түрдө алектенүүнү көбөйтүү, анын ичинде спортту, анын ичинде улуттук спорттун түрлөрүн өнүктүрүү, инсандык физикалык тарбиялоону жана калктын дени сак жашоо образын калыптандыруу<br>- Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн принциптерин кеңейтүү жана спорттук инфратүзүмдү жакшыртуу<br>- Стадиондун сыртын реконструкциялоо<br>- Аялдар үчүн машыгуу залдарын уюштуруу (анын ичинде ЖДКЖ долбоорунун конкурсунда байге катары берилген 150 000 сомго алынган материалдардын жана товарлардын жардамы менен) |
| ТОҢ АА | - Маданият үйүн оңдоо, улуттук кийимдерди сатып алуу<br>- Ийримдерди ачуу<br>- Тоң айылын өрүктүн мекени катары жарнамалаган жылдык фестивалды өткөрүү<br>- Футбол талаасын куруу |
| ТОРКЕН (АБДЫ СУЕРКУЛОВ) АА | - Кичи футбол талаасынын чыдамдуулугун камсыздоо |
| ЧЕЛПЕК АА | - Бир жылдын ичинде 10 маданий-массалык иш-чараларды уюштуруу<br>- Жаштар арасында кеминде 5 спорттук мелдештерди өткөрүү<br>- Бурма-Суу айылына жаңы маданият үйүн куруу<br>- Челпек айылына бокс залын куруу<br>- Челпек айылына кичи футбол талаасын куруу |
| ЧОЛПОН-АТА АА | - Жаш таланттарды колдоо, комузда жана аккордеондо ойноо клубдарын ачуу<br>- Сейил бак ачуу<br>- Футбол мелдештерин өткөрүү<br>- Аялдар үчүн фитнестерди уюштуруу<br>- «Жаратылыш – жашоо булагы» аттуу фестиваль өткөрүү |
| ЫРДЫК АА | - Кытай, Жон-Булак жана Ырдык айылдарына аялдар үчүн фитнес борборлорун ачуу үчүн шарттарды түзүү |